**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**
**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЖОГОРКУ МЕКТЕПТИН ПЕДАГОГИКАСЫ КАФЕДРАСЫ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК:37.013:377.35 (043.3)**

**БАЙТОКОВА АЙНУРА СЫЙЛАШОВНА**

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ

**(Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)**

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:**
**педагогика илимдеринин доктору,**
**профессор Асипова Н. А.**

**Бишкек – 2020**

**МАЗМУНУ**

**Киришүү** ........................................................................................................**3**

**I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ**

1.1. Баалуулуктар жана жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү теориялык окуулар жана алардын билим берүү процессиндеги орду.......................................................................................................**11**

1.2. Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу – педагогикалык проблема катары...................................**34**

Биринчи бөлүм боюнча жыйынтыктар......................................................**46**

**II БӨЛҮМ. Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫ ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын тарбиялык мааниси жана алардын окуу-тарбия процессиндеги орду жана методологиясы.......................................................................................**47**

2.2. Ч. Айтматовдун “Фудзиямадагы кадыр түн”, “Тоолор кулаганда”, “Кассандра тамгасы”, “Кыямат” чыгармаларында камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктарды анализдөө.....................................................**64**

2.3. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн абалы.................................................................................**93**

Экинчи бөлүм боюнча жыйынтыктар........................................................**113**

**III БӨЛҮМ. Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ҮЛГҮСҮНДӨ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ, ТЕХНОЛОГИЯСЫ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ**

3.1. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана технологиясы...............................................................**116**

3.2. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары...........................................................................................**140**

Үчүнчү бөлүм боюнча жыйынтыктар........................................................**149**

**ЖЫЙЫНТЫКТАР**..........................................................................................**151**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ**..................................**155**

**ТИРКЕМЕЛЕР**...............................................................................................**169**

# Киришүү

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Учурдагы ааламдашуунун алкагында жүрүп жаткан процесстер улуттун мындан ары социалдык жана маданий жактан өсүп-өнүгүү багытын аныктоо сыяктуу актуалдуу маселелерди жаратууда.

Дүйнө жүзүндөгү экономикалык жана маданий чектердин кеңейүүсү менен бирге келген ядролук, биологиялык куралдар, экологиялык көйгөйлөр, диний экстремизмдин күч алышы ж.б. адам өмүрүнүн коопсуздугуна шек келтирген көрүнүштөрдүн алкагында жаш муундарды алардын ичинде болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата көз караштарын калыптандыруу изилдөөнүн негизги өзөгүн түзүп турат.

Мындай жагдайда бардык адамдардын биригүүсү үчүн кызмат кыла турган жалпы адамзаттык баалуулуктарды кармануу, ааламдашуунун натыйжасында келип чыккан дүйнөлүк кризиске карата олуттуу туруштук бере ала турган жаштарды тарбиялоо маселесин актуалдаштырат. Бул маселе, ар бир өлкөдөгү атуулдар, анын ичинде жазуучулар, ойчулдар, окумуштуулар, мугалимдер, социалдык жана гуманитардык тармактардын өкүлдөрү тарабынан жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө теориялык-практикалык ой-тутумдарга кайрылууну талап кылат.

Бул өңүттөн алганда планетардык деңгээлдеги заманыбыздын залкар жазуучусу, улуу ойчул Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга кайрылуу педагогика илиминин орчундуу маселелеринен болуп эсептелет. Анткени улуу ойчул жана кеменгер жазуучу жалпы адамзаттык баалуулуктарга терең маани берүү менен бүтүндөй планетаны сактап калуу деңгээлине чейинки көйгөйлүү маселелерди көтөрүүгө далалат жасаган. Улуу ойчул өз чыгармаларында адамдар барган сайын жан дүйнөсүнө саресеп салбай, жети атасын, каада-салтын, нарк-насилин унутуп бара жатканын, алар ушул жол менен жүрүп олтурса туңгуюкка кептелип руханий кризиске, маңкуртукка учураарын алдын ала эскертип, алардын жан дүйнөсүн ойготууга бардык күч-аракетин жумшаган.

Жаш муундардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды көркөм адабият аркылуу калыптандыруу Кайра Жаралуу доорунан бери эле көптөгөн ойчулдардын, окумуштуулардын көңүлүн буруп келген маселелерден болуп саналат. Орустун атактуу акыны жана адабият таануучусу Осип Мандельштам эмгектеринин биринде “Манон Леско”, “Вертер”, “Анна Каренина”, “Давид Копперфильд”, “Кызыл жана кара”, “Шагрендик тери”, “Мадам Бовари” сыяктуу чыгармалар бир эле мезгилде көркөм жана социалдык-педагогикалык кубулуш катары кабылданып алынган. “... аларды берилип окуган замандаштардын өзүн-өзү таанып билүүсү өрчүгөн, ошондой эле, романдагы каармандарга окшошкусу келгендердин саны көбөйгөн. Роман жалпы бир муунду тарбиялаган,” – деп таамай белгилеген [101]. Кыргыз коомунда, ошондой эле мурдагы совет өлкөлөрүндө Ч. Айтматовдун чыгармалары да дал ушундай мааниге болгону эч кандай шек жаратпайт. Ч Айтматовдун чыгармаларынын нускалуу идеяларынын үлгүсүнөн милиондогон адамдар руханий сабак алып дүйнө таанымы өзгөрдү, пейили агарды, көз карашы түптөлүп түзөлдү. Алп жазуучунун чыгармаларын педагогикалык мерчем менен тыкыр окуган адам анын ар бир повестинен, романдарынан ириде адамзаттын улуу даанышман таалимчиси, насаатчысы Ч. Айтматовдун адам уулун адам кылууга багытталган ийги тилектеринин, ой санааларынын, чаалыкпас чакырыктарынын жандуу демин айныбай туя алат. Эгерде таалим-тарбияны инсандын дүйнө таанымында, ойлоо багытында пейилинде, ишенген нарк-нускаларында кандайдыр бир өзгөрүш өнүгүш жаратуучу дөөлөт катары карасак, анда Айтматовду мына ошол дөөлөттөрдү жаратууга, өнүктүрүүгө өлчөмсүз эмгек сиңирген XX кылымдын эң таасирдүү, эң улуу таалимчи педагогу деп айтууга да толук негиз бар [26].

Демек, Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды окуу жана талдоо менен гана чектелбестен мугалимдердин кесиптик-педагогикалык баалуулуктарына айландыруу учурдагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Изилдөөнүн предметине байланыштуу учурдагы “баалуулук” категориясын аныктоого жана жалпы адамзаттык, улуттук баалуулуктарга багытталган эмгектерге жүргүзүлгөн анализ, бул проблемага көптөгөн окумуштуулар кайрылганын көрүүгө болот. Алардын катарында А.К. Абишева, В.И. Ефимов, А.Г. Здравомыслов, А.С. Жантаев, М. Рокич, М.С. Каган, В.А. Караковский, Т.А. Коңурбаев, Н.И. Лапин, Н.О. Лосский, И.С. Нарск, Л.Н. Столович, В.М. Таланов, В. Франкл ж.б. эмгектери чоң мааниге ээ. Инсандын өсүп-өнүгүүсүндөгү руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды ачып берүүдө жана В.П. Тугариновдун жана жалпы көркөм адабият аркылуу педагогиканы таануу боюнча М. Бахтин (Таалим-тарбия романы), А.С. Роботованын жана башкалардын эмгектерин өзгөчө белгилеп кетүүгө болот.

Айтматовтаануу илими боюнча жана Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы таалим-тарбия маселелеринин чагылдырылышы, болочок мугалимдерге акыл-насааттар багытында А.А.Акматалиев, А. Алимбековдун, Н.А. Асипованын, С.О. Байгазиев, Ф.Н. Дейдиеванын, А. Муратовдун, Л. Үкүбаеванын эмгектери олуттуу мааниге ээ.

Ал эми “Кыргыз адабиятын окутуунун теориясы жана методикасы” илиминде Ч. Айтматовдун чыгармаларын окутууда К. Иманалиевдин, Б. Алымовдун, Н. Ишекеевдин, А. Мамбеталиевдин, А. Муратовдун, И.Ч. Исамидиновдун, Б.А. Байсабаевдин, Э.К. Абдрасулованын ж.б. изилдөөлөрү чоң салым кошкон.

Биздин изилдөөгө түздөн-түз тиешеси бар, фундаменталдуу эмгек – Р. И. Курманходжаеванын Ч. Айтматовдун чыгармачылыгындагы инсандын калыптануусу жана адеп-ахлакка байланыштуу проблемаларды изилдеген педагогикалык багытта жазылган эмгеги эсептелет.

Бирок, жогоруда белгиленген изилдөөлөрдө болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо менен бирге алардын жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жөнүндөгү маселелер изилденген эмес. Андыктан болочок мугалимдерди даярдоодо Ч. Айтматовдун чыгармаларына

таянып алардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун мазмунун жана жолдорун аныктоо зарылчылыгы орун алып келет.

Илимий изилдөөлөргө карата теориялык анализ жана күнүмдүк педагогикалык тажрыйбалардагы байкоолор болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоо процессинде төмөнкүдөй **карама-каршылыктардын** орун алгандыгын көрсөтөт:

- Ааламдашуунун алкагында илимий-техникалык прогресстин өсүшү, саясий, маданий чектердин кеңейиши менен жаш муундардын жана алардын ичинде болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата көз караштарынын изилденбегендиги;
- Жалпы адамзаттык баалуулуктардын адабиятта, өзгөчө улуу кеменгер жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармаларында кеңири орун алгандыгына карабастан, алардын педагогикалык процесстеги орду жана маанисинин аныкталбагандыгы.

Аталган **карама-каршылыктар** ааламдашуу шартындагы маданий чектердин кеңейүү тенденциясын эске алуу менен болочок мугалимдерди Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын үлгүсүндө кандайча жетиштирүүгө болот деген проблеманы жаратты.

Жогорудагы проблеманы чечүү аракети, илимий иштин темасын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу
(Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» деп аныктоого түрткү болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.** Ж. Баласагын атындагы КУУнун жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын 2015-2019-жылдардагы илимий иштеринин планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн обьектиси**: кесиптик-педагогикалык колледжде башталгыч класстарга билим берүү адистиги багытында билим алып жаткан студенттердин социалдык жана жалпы маданий жактан калыптануусу.

**Изилдөөнүн предмети:** башталгыч класстарга билим берүү багытындагы болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын Ч.

Айтматовдун чыгармалары аркылуу калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн максаты:** Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык идеяларга таянуу менен болочок мугалимдердин (башталгыч класс) жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлган:

1. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын теориялык маани-маңызын жана алардын болочок мугалимдерди гуманитардык жактан даярдыгын калыптандыруудагы ордун аныктоо.
2. Ч. Айтматовдун көркөм мурастары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун методологиясын жана методдорун айкындоо.
3. Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык балуулуктарын калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.
4. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу калыптандыруунун жана аларды ишке ашыруунун педагогикалык шарттарын педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөө ишинин натыйжаларынын илимий жаңылыгы.**

Гуманитардык илимдердеги “баалуулук”, “жалпы адамзаттык баалуулук” түшүнүктөрүнүн маани-маңызы болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоонун контекстинде алардын таалим-тарбиялык мазмуну талдоого алынып, такталды; Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык идеялардын педагогикалык маани-маңызы аныкталып, Ч. Айтматовдун көркөм мурастарынын үлгүсүндө болочок мугалимдердин ЖАБ калыптандыруунун илимий методологиясы жана методдору аныкталды; Ч.Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары иштелип чыкты; Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоонун

педагогикалык шарттары жана технологияларынын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү.** Изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык жыйынтыктар жана практикалык сунуштар кошумча окуу-методикалык материал катары жогорку жана орто кесиптик-педагогикалык окуу жайларда педагогикалык предметтердин, атап айтканда, педагогикалык чеберчилик, адабиятты окутуунун методикасы, тандоо курстарын окутуунун мазмунун байытуу менен болочок мугалимдердин келечектеги мугалимдик практикасында окуучуларды гуманисттик жактан туура багытта тарбиялоодо жана калыптандырууда кошумча каражат болот; "Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)" аталыштагы кошумча факультативдик программада орун алаган улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын маани-маңызы жөнүндөгү лекциялардын жана СӨИни аткаруу формалары, практикалык иштердин топтому кесиптик-педагогикалык окуу жайлардын жана орто мектептердин мугалимдери үчүн практикалык жардам болуп эсептелет.

Изилдөө иштин милдетине ылайык жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименталдык ишти өткөрүүдөгү иштелип чыккан окутуу технологияларынын натыйжалуулугун, алардын студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу процессиндеги практикалык маанилүүлүгүн КУУнун Педагогикалык факультети тарабынан берилген педагогикалык экспериментти ишке ашыруу актысы тастыктайт.

**Диссертациядагы коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Ааламдашуу шартында болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу, кийинки келечек ээлерин дүйнөлүк тенденцияларга, тактап айтканда, дүйнө мейкиндигине биригүүгө, тынчтыкта

жашоого жана адамдын инсандыгын сыйлоого тарбиялоодогу бирден бир негизги багыт болуп саналат.

2. Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу алардын учурдагы көз караштарын, жалпы адамзаттык баалуулуктарын аныктоо жана социалдык-педагогикалык шарттарды эсепке алуу менен атайын кошумча каражаттарды пайдалануу аркылуу ишке ашуусу зарыл.
3. Болочок мугалимдерге жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууда улуу ойчул, Ч. Айтматовдун көркөм дөөлөттөрүнө таянуу негизги педагогикалык шарт болуу менен азыркы китеп окуудан алыстап бара жаткан шарттагы таалим-тарбия иштерин өркүндөтүүнүн бирден бир жолу болуп эсептелет.
4. Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу ишинин натыйжалуулугу атайын педагогикалык шарттарды сактоо менен СӨИнин мазмунун иштеп чыгуу жана атайын кошумча каражаттарды пайдалануу аркылуу жүргүзүлсө, таалим-тарбия иштеринин натыйжасы дагы жогору болот.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.**

- Жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча илимий эмгектерге педагогикалык көз караш менен теориялык анализ жүргүзүлдү.
- Улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларына таянып, болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу боюнча педагогикалык шарттар аныкталды.
- Жазуучунун чыгармаларындагы баалуулук идеясы боюнча классификациялык карта түзүлдү.
- “Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)” аталыштагы кошумча өнүктүрүүчү программа иштелип чыкты.
- Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруудагы студенттин өз алдынча ишине (СӨИ) олуттуу маани

берилди жана билим берүүнү жаңыча өнүктүрүү шартындагы кредиттик технологиянын талабы экендиги ачыкталды.

**Илимий иштин апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору боюнча Ж. Баласагын атындагы КУУнун кесиптик-педагогикалык колледжинде өткөрүлгөн тегерек столдордо докладдар окулган жана "Жогорку мектептин педагогикасы" кафедрасынын отурумдарында, Кемерово шаарында өткөн эл аралык илимий конференцияда, Прайм телеканалынын "Маметей талкуу" программасында баяндалып талкууланган.

**Диссертациянын натыйжаларынын толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары 11 илимий макалаларда (анын ичинен 8 жергиликтүү, чет өлкөдө жалпысынан 4 макала, 2 макала РИНЦ журналында) жарыяланган.

Изилдөө ишинин мазмунуна ылайык изилдөөнүн натыйжаларын илимий макалаларИ. Арабаев атындагы «КМУ Жарчысы» (2012), Ж. Баласагын атындагы «КУУнун Жарчысы» (2013), «Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары» (2017), К. Карасаев атындагы "БГУ Жарчысы" (2018), "Вестник КГПУ" им. В.П. Астафьева, Красноярск (2018, 2019), "Проблемы современной науки и образования" Россия (2018), Журнал о гуманитарных науках "Гуманитарный трактат", Кемерово (2018), Известия Вузов Кыргызстана (2019) жарыяланган.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү**: диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн жана алардан келип чыккан жыйынтыктардан, жалпы жыйынтыктан, таблицалардан (12), сүрөттөрдөн (9), тиркемелерден, пайдаланган адабияттардын тизмесинен (153) турат.

# I БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ ЖАНА ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

## 1.1. Баалуулуктар жана жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү теориялык окуулар жана алардын билим берүү процессиндеги орду

Коомдук өнүгүүнүн бир баскычынан башка бир баскычка өтүү процесси, ар дайым жалпы адамзаттык баалуулуктарды аныктоо талабын коёт. Өзгөчө XXI кылым жалпы адамзаттын астына жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын таануу маселесин актуалдаштырды. Жалпы адамзаттык баалуулуктар – ар кандай тарыхый доордогу адамдардын жашоо ишмердүүлүгүнө таандык болгон адам баласынын жалпы кызыкчылыктарын чагылдырат жана социалдык-экономикалык көндүмдөрүн да камтуу менен бирге бүткүл адамзаттын маданий өнүгүүсүндөгү орчундуу багыт болуп эсептелет. Илимий логикага жараша бир нерсе туурасында талкуулап, талашып, бир нерсени далилдеп, аны четке кагып, сындоодон мурда, ошол терминдин, сөз айкашынын, сүйлөмдүн, түшүнүктөрдүн мазмунунун маанисин түшүнүп алуу керек, анткени ушул терминдердин баары абстракттуу ойлонуу процесстеринде орун алат. Андыктан, “баалуулук” деп эмнени айтаарын, “жалпы адамзаттык” деген термин эмнени түшүндүрөөрүн, андан кийин “жалпы адамзаттык баалуулуктар” эмнени билдирээрин тактап алуу зарылчылыгы келип чыгат жана жалпы адамзаттык баалуулуктар, алардын адамдын жашоосундагы орду жөнүндө түшүнүктөргө, изилдөөлөргө кайрыла турган болсок, төмөнкү аныктоолорго токтолобуз.

Аксиологиянын теория укугун, статусун алып, өзүнчө окуу катарында калыптанып өнүгүшү немец физиологу жана философу Г. Лотценин ысмы менен байланышкан. Ал XIX кылымдын 60-70-жылдары баалуулук дүйнөсүн өзүнчө ажыратып караш зарылдыгын далилдеген.Баалуулук – аксиология (грекче axio–кымбат, баалуу жана locos–окуу) дегенди билдирет. Баалуулуктар табияты, алардын бири-бирине байланышы жөнүндөгү окуу. Аксиология – баалуу, кымбат нерселердин теориясы, ошол туурасындагы

илим болуп эсептелет [143, 27-б]. Аксиологиядагы негизги нерсе – баалуулук жөнүндөгү түшүнүк. Баалуулуктар маселесинин пайда болушу жалпы жонунан тигил же бул доордо маданий салттардын баркы түшкөндүгүнөн жана коомдун туруктуу көз карашынын алмашышынан пайда боло турган көрүнүш. Баалуулук багыттары, инсандын ички, рухий түзүлүшүнүн маанилүү элементтери. Баалуулуктардын негизги мазмунун адамдын саясий, философиялык, адептик ишеничтери, башкача айтканда анын терең жана туруктуу байланыштары, жүрүм-турумдун адептик принциптери түзөт [143, 70-б].

Ырасында эле коомдун алмашуусу менен адамдардын көз карашы өзгөрүп, анын ички маанилүү элементи болгон баалуулуктар дагы алмашууда.

Баалуулук – адам жана коом үчүн айлана чөйрөдөгү обьектинин (жаратылыш жана коомдук турмуштун кубулуштарында кездешүүчү жыргал, жакшылык жана кара санатайлык, сылыктык жана оройлук, сулуулук жана көрксүздүк ж.б.) оң же терс маанини ачуучу өзгөчө социалдык аныктама болуп эсептелет. Үстүртөн караганда баалуулук буюмдун же көрүнүштүн өз касиети сыяктуу сезилет, чындыгында ал касиет жаратылыштын өзүндө, обьектилердин ички структурасында эмес, ал адамдын коомдук турмуш чөйрөсүнө гана таандык жана адамдын социалдык мамилелеринин бир чагылышы болуп эсептелет [94, 375-б]. Баалуулук айрым учурларда кандайдыр бир буюмдун касиети сыяктуу сезилет, бирок жогорудагы аныктамадан улам ал адамдардын чөйрөсүнө гана таандык экенине ынанабыз.

Баалуулук – адамдын ички сыры, жан дүйнөсү, сезими, адамдар менен карым-катнашы, изгилиги, иш-аракетте билине турган кайрымдуулугу, туруктуулугу, мээримдүүлүк тарбиясы – деп берилген. Ушул белгиленген баалуулуктарды таратуучулар: жеке инсандар, социалдык топтор, саясий көз караштары бирдей кишилер [87, 11-б].

Байыркы булактарды карай турган болсок, байыртадан эле Сократ, Платон, Аристотель сыяктуу көптөгөн улуу ойчул-философтор идеалдуу адамдын образын негиздөөгө умтулуу аркылуу негизги баалуулуктарга басым жасашкан.

Афина шаарынан чыккан алгачкы философ Сократ алгачкылардан болуп адам өмүрүнүн маңызы, адам бул жашоого келгендеги вазыйпасы, дегеле жамандык менен жакшылык сыяктуу ойлордун тегерегинде терең ойлонгон. Ал өзгөчө моралдык баалуулуктарга маани берүү менен алардын чыныгы мазмунун таанып-билүүгө үндөгөн жана аларды өзгөртпөй түзүүгө аракет кылган. Сократка моралдык баалуулуктардын, башкача айтканда, адеп-ахлактын алгачкы баштоочусу деген наам ыйгарылган. Сократ биринчилерден болуп кеңпейилдик, сулуулук, бакыт, акыйкаттык сыяктуу түшүнүктөрдү баалуулук катары белгилеген. Маселен “бакыт” түшүнүгүн ала турган болсок, Сократ адам материалдык дүйнө менен бактылуу боло албасын жана адамдын жан дүйнөсүнө жакшылык жыш толгондо гана адам бактылуу болоруна көзү жеткен.

Платон баалуулукту изилдөөдө анын ар бир адамда өзгөчө чагылаарын көрсөтүп, “адам – бардык нерсени ченөөнүн чени” деген ой пикирди киргизген [18,7-б]. Ар кайсы тарыхый доорлор баалуулук түшүнүгүнө өзүнүн изин калтырып кеткен. Мисалы орто кылымдарда баалуулук түшүнүгү диний ишенимдер менен байланышат, ал эми кайра жаралуу доорунда баалуулуктар биринчи планда гуманизм түшүнүгү менен үндөшүп турган. Платондун пикири боюнча адам рухий баалуулуктарды унутуп кара курсак менен кызыл кекиртектин кулуна айланса, башкача айтканда, дүнүйөнүн кулуна айланса анда ал башка жандык болуп кайрадан дүйнөгө жаралып тиричиликтин азап-тозогун кайрадан тартат деген. “Качан гана адам оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн жалган азгырыктарынан жогору болуп, рухий баалуулуктарга шайкеш жашаганда, анын жаны кайрадан ажайып кооз, ырыскы менен бакытка бөлөнгөн мекенине кайтып келип түбөлүккө жай табат” [26,97-б]. Ал эми Платондун окуучусу болгон Аристотелдин

окууларында билим, этика, искусство, акылмандык, айкөлдүк, марттык, даанышмандык сыяктуу түшүнүктөр кеңири орун алган.

Аристотель баалуулук категориясын башка философиялык түшүнүктөрдөн ажыраткан жана жаңы баалуулуктар иерархиясын түзгөн. Аристотель баалуулук деп кудай жараткан жыргалчылыктарды, тактап айтканда адамдын жан дүйнөсүн, анын акыл эсин таанып, “Чоң этика” деген эмгегинде жыргалчылыктардын бул түрүнө “бааланууучу”(“тимиа”) деген аныктама берет [18, 8-б]. Аристотель этикага чоң маани берүү менен өзүнүн эмгектеринде этиканы, адамды активдүү ишмердүүлүккө чакырган үгүт-насыяттын илими катары мүнөздөгөн. Ал бийлик менен рахаттарга умтулууну четке каккан. Даанышман адам бардык чөйрөлөрдөгү ашыкча нерседен оолак болууга аракет кылат, анткени адеп-ахлактуулук кандайдыр бир чен өлчөмдү сактоодон турат [26, 116-б].

Немец философу Р.Г. Риккерт жана Рим философу Л.А. Сенека дүйнө жүзү, андагы адамдар жана баалуулуктар жөнүндө төмөндөгүдөй пикирлерин билдиришкен. Р.Г. Риккерт чындык баалуулук менен айкалышып тураарын жана дүйнө чындыктардан жана баалуулуктардан турат деген. Белгилүү Рим философу Л.А. Сенека адамзат жөнүндө айтканда аны бир бүтүн эл катарында карап, бүткүл дүйнө – бардык элдердин Ата Мекени деп көп айткан. Анын чыгармалары адеп-ахлак жана практикалык маселелерге тийиштүү болгондуктан өтө кызыгууну туудурат, ал маселелер Сенекада философиялык жактан негизделген. Анын турмуштук акылмандык жөнүндө айткандары күнү бүгүнгө чейин маанисин жогото элек: “Өзүңдөн жогору турган адам сага кандай мамиле жасарын кааласаң, сен да өзүңдөн төмөн турганга ошондой мамиле жаса» [46, 272-б]. Демек, Сенеканын бүткүл дүйнөнү бардык элдердин ата-мекени деп кароосу, бардык элдер үчүн жалпы баалуулуктар болушу керек деген ойду туюнтат.

Ал эми немец философторунун бири И. Кант дүйнөдөгү адамдар үчүн жалпы баалуулук болуп саналган жана баалуулуктун башатын түзүп турган тынчтык маселесине чоң маани берген. «Бүткүл жалпы тарых идеясы...»

деген эмгегинде «мамлекеттердин ортосунда түбөлүк тынчтык жөнүндө келишим түзүлүүгө тийиш, болбосо цивилизациянын бүт бардык жетишкендиктерин согуш жок кылып салышы мүмкүн», – деген пикирди айткан [46, 153-б]. И. Кант түбөлүк тынчтык келишимдин долбоорун иштеп чыккан жана ал «Түбөлүктүү тынчтыкка карай» деген чыгармасында толук баяндалат. Канттын негизги эмгектеринде мамлекеттер ортосундагы тынчтыкты түзүүнү көздөп, дүйнөлүк биригүүнү уюштуруу жөнүндө ойго келет. Бул согуштарды четке кагат, меймандостук принцибин орнотот, мындай принцип башка бир мамлекетке келген чет элдик адамга тийиштүү түрдө мамиле жасалышын кепилдейт. Кант үчүн түбөлүк тынчтык – бул «эң жогорку саясий жыргалчылык», – деп белгилеген [46, 153-б].

Баалуулуктардын чагылдырылышын, Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари сыяктуу дүйнөгө аты белгилүү болгон орто түрк аалымдарынын баалуу кол жазмаларынан дагы көрүүгө болот. Улуу ойчул Жусуп Баласагындын “Куталчу билим” чыгармасындагы жалпы адамзаттык идеялардын, башкача айтканда жалпы адамзаттык баалуулуктарды чыгарманын негизин түзгөн төрт кейипкердин образы аркылуу алардын өз ара сүйлөшүүсү менен таасын чагылдырат:

«Боорукердик, – деди Элик – жакшы сапат,
Асылды жакшы адамдар жараталат.
Жакшылык – өзү жакшы, баасы кымбат,
Андан да аны жасоо кымбатыраак.
«Адилет – деди Элик, – ак дил киши,
Төп келген сөзү дагы, дили – иши.
Дайыма бирдей болсо сырты, ичи,
Анда ал адилеттүү ошол киши [63, 94-б].

Жусуп Баласагын жогорудагы эмгегинде өз доорундагы коомдогу жүрүм-турум нормалары жөнүндө баяндайт. Чыгарманын мазмунунда көрүнүп тургандай эле адамзаттын жашоосундагы руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктар, эмнени жаман, эмнени жакшы дей алабыз, мунун

бардыгы ачыктан ачык көрүнүп турат. Улуу ойчулдун чыгармалары жаш муунду улуттук баалуулуктарды туу тутуу менен мекенин ыйык сактоого үндөйт. Жусуп Баласагындын философиялык ой жүгүртүүлөрүндөгү баалуу ойлор – адам баласынын калыптанышына, илим-билимге болгон мамилесине таасирин тийгизүү менен руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарын калыптандырат. Аталган чыгармасындаакын адамгерчиликти адептүүлүктүн туу чокусу деп түшүндүрүү менен адамгерчилик жөнүндө: “адамгерчилик адам атын асмандатып, затын жаркыратып, жашоонун улуу жолун ачат”, - деген ойду билдирет [110].

Адамга жана анын жашоодогу ордуна коомдогу эң жогорку баалуулук катары баанын берилиши жана адеп-ахлак, аруулук жөнүндө Махмуд Ибн Хусейн Ал-Кашгаринин “түркий тилдер сөз жыйнагы” аттуу чыгармасында да өзгөчө чагылдырылат. Түрк аалымы аталган чыгармасында адеп-ахлак, адамгерчилик, эмгек сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды гана даңазалабастан, жоомарттыкты, Ата-журтту сүйүү, адам ыйманынын тазалыгын, достукту баалоону дагы өз элинин нукура түшүнүгүндө башка элдерге тааныштырууга аракеттенген [149, 31-б].

Адамзаттын өсүп-өнүгүүсү, жетилүүсү, адеп-ахлагы жөнүндө эл арасындагы жакшы ойлор, накыл сөздөр бир элден экинчи элге өтүп, жалпы адамзаттык баалуулукkка айланып кеткен, андай ойлор жүрүп отуруп, адамдын калыптануусуна кызмат кылган. Адамдын калыптануусу үчүн жалпы адамзат насаат ала турган баалуу ойлорду өз эмгектеринде жараткан улуу ойчул, гуманист акындардын катарында Мухаммад Жалаледдин Руми турат. Мухаммад Жалаледдин Руминин баалуу поэтикалык мурастарында:
Жоомарттык жана жардам берүүдө, Агын суу сыяктуу бол.
Мээримдүүлүктө жана кайрымдуулукта, Күн сыяктуу бол.
Ката жана кемчиликти жабууда, Түн сыяктуу бол.
Жөнөкөйлүк жана карапайымдыкта, Топурак сыяктуу бол, - деген жалпы адамдарга карата баалуулуктарды түшүнүүгө болот [97, 97-б].

Белгилүү окумуштуу, педагог А. Муратов, Мухаммад Жалаледдин Руми жөнүндө: “Бир катар ойчулдар өзүнүн динин гана башка диндерден өйдө коюп караса, Румиде андай эмес, адамдар тегине, динине, өңү түсүнө байлыгына карап бөлүнбөйт, алардын баары бир катардагы эле пенделер”, – деп баа берет [103, 558-б].

Чыгыш философтору жана илимпоз-энциклопедиячылар: Аль-Фараби, Ибн Сина, Беруни, Омар хаям, Насир-ад-Дин Туси, Низамилердин дагы философиялык эмгектеринде адам турмушундагы адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктар жөнүндө ой-пикирлер орун алат.

Аль-Фараби адамдын турмушунда адеп-ахлакттык сапаттарына өзгөчө көңүл буруп, жоомарттык, сабырдуулук жана достук мамилени түзө билүү баалуу сапаттар деп эсептейт.

Ибн Сина чынчылдык, ак ниеттүүлүк, адилеттик сыяктуу сапаттарды жогору баалоо менен баалуу адептик сапат деп пакизалыкты, акылмандыкты, адилеттикти эсептеген.

Омар хаям өзүнүн ыр саптарында жаштарга бир да убактысын текке кетирбей турмуштан пайдалуу, мыкты керектүү нерселердин бардыгын алууга, акылдуу досту тандоого, акыйкатычыл жана чынчыл болууга, айткан сөзүн аткарууга, бой көтөргөн өзүмчүл адамдардан алыс болууга кеңеш берет.

Насир-ад-Дин Туси адептик баалуулуктардан сырткары адам үчүн эң негизги баалуулук болуп эсептелген ден-соолукту сактоо жөнүндө эмгектерди жазат. Низами адам турмушундагы башка баалуулуктар менен катар эмгекчилдик, мээнеткечтикти биринчи катарга коёт [112, 89-б].

Кыргыз ойчулдары Калыгул Бай уулунун, Арстанбек Буйлаш уулу, Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Молдо Кылыч Шамыркан уулу ж.б. адеп-ахлактык жана руханий баалуулуктар, башкача айтканда адамдын жүрүм-турум нормалары, адамдын аруулугу, пейили, нарк-насили жөнүндө айткан ой-пикирлерин белгилеп кетүүгө болот. Биздин заманга чейин жашаган ойчулдар жана жалпы эле ой жана сөз баккан адамдар баалуулуктар

жөнүндө пикирлерин билдирүүгө аракет кылганы менен аларда баалуулуктар жөнүндө бирдиктүү пикир болгон эмес. Бирок ошол эле учурда биз айтып жаткан руханий, адеп-ахлактык, социалдык мааниге ээ болгон турмуштук баалуулуктар ойчулдардын жана ооздон оозго оозеки өтүп турган.

Баалуулуктарды байыркы ойчулдардын философиялык кол жазмаларынан кол жазмаларынан кеңири орун алгандыгын дагы көрүүгө болот, анда жалпы адамдардагы баалуулуктардын негизги бөлүгүн кең пейилдүүлүк, адилеттүүлүк жана жүрүм-турум нормалары ээлеп турат. Мындан жалпы адамдардагы баалуулуктардын эң негизги көрсөткүчү болуп адам жана адамга карата мамиле жана андагы баалуулуктар түзүп тураарын белгилөөгө болот.

Адам болумушунун маани-маңызы, адамдагы баалуулуктар, адам жашоосунун маңызын издөө жөнүндө австриялык психиатр В. Франкл өзүнүн “Адам – жашоонун маңызын издейт” аттуу эмгегинде терең ой жүгүртөт. В. Франклдын пикири боюнча адам баалуулуктарды кабыл алуусу менен өзүн байытат, ал эми адамдын ички дүйнөсүнүн байышы, анын жашоосунун маңызын түзөт, – деп руханий баалуулуктардын ордун өзгөчө баса белгилейт [142, 94-б].

Баалуулуктар боюнча илимий изилдөөлөрдө баалуулуктар жана алардын жаратылышы жөнүндө көп кырдуу ой-пикирлер орун алат. Баалуулуктарга көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн изилдөөлөрүндө кайрылышып, ага байланыштуу бир нече изилдөөлөрдү жүргүзүп келишет. Ал изилдөөлөргө А.Г. Здравомыслов, М.С. Каган, В.А. Караковский, М. Рокич, В.П. Тугаринов, А.С. Жантаев, Т.А. Коңурбаев изилдөөлөрүн жана А.Н. Асипованын ж.б. эмгектериндеги баалуулуктар жөнүндөгү пикирлерин кошууга болот.

М. Рокичтин изилдөөлөрүндө баалуулуктарга төмөндөгүчө аныктама берген: “Баалуулук бул – күнүмдүк жашоонун түпкү максаты же жүрүм-турумдун аныкталган жолу тууралуу бекем ишеним”. М. Рокич

баалуулуктарды туруктуу ишенимдин бир түрү катары карап, кандайдыр бир түпкү максат же жашоонун аныкталган жолу башка нерседен өйдө тураарын белгилеген. М. Рокич баалуулуктарды терминалдык жана инструменталдык деп эки класска бөлүп карайт. Терминалдык баалуулуктар – адамдардын жашоосундагы кандайдыр бир түпкү максаттын болушу жана ага жетүү үчүн аракет кылуунун өзү ага татыктуу экендиги жөнүндө бекем ишеним. Мисалы: бактылуу үй-бүлөлүк жашоо, бүт дүйнөдөгү тынчтык, акылмандык, эркиндик, ден-соолук, кызыктуу жумуш, искусствонун жана жаратылыштын сулуулугу, сүйүү, материалдык жетишкендик, чыгармачылык, өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө бекем ишенгендик, башкалардын бактылуулугу ж.б. Ал эми инструменталдык баалуулуктар болсо – ар түрдүү кырдаалдарда айрыкча артыкчылыктуу кандайдыр бир инсандык касиеттер же иш-аракеттердин бар экендигине ишеним артуу.

Мисалы: чынчылдык, рационалдуу чечим кабыл алуу, тарбиялуулук, тыкандык, көз карандысыздык, билим, жоопкерчилик, өзүн-өзү контролдой билүү, бекем эрктүүлүк, эмгекчилдик, чыдамкайлык, шайырлык ж.б. киргизген [116, 637-б].

Советтик философ В.П. Тугариновдун аныктамасы боюнча баалуулуктар, “Адамдардын муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн керек болгон нерселер, алардын кубулушу жана касиети”. Башкача айтканда “баалуулук деген, В.П. Тугариновдун пикири боюнча баалуулуктарды коомдогу адамдардын же жеке инсандын кызыкчылыктарын, муктаждыктарын, максаттарын канааттандыра турган жана алар үчүн абдан маанилүү кубулуш катары сыпаттайт [135, 271-б].

В.П. Тугаринов баалуулуктарды төмөндөгүдөй үч класска бөлүп караган:

- материалдык,
- социалдык-саясий,
- руханий

- Материалдык баалуулуктарга адамдардын активдүү жашоосуна негиз болуп бере тургандай же болбосо аларсыз адам жашай албай турган, адамга эң керектүү нерселерди киргизген: тамак аш, ж.б.
- Руханий баалуулуктарга ички жан дүйнөсүн канааттандырып турган кубулуштарды киргизген: адабият, театр, адеп-ахлак, дин ж.б.
- Социалдык-саясий баалуулуктарга: коомдук-саясий кыймылдар, мамлекет, үй-бүлө сыяктуу ар түрдүү социалдык институттарды жана адам укугу, эркиндиги, каада-салт, акыйкаттуулук, тендик, боордоштук өңдүү коомдук жашоонун ченемдерин, умтулууларын киргизген [135, 259].

Окумуштуу философ А.К. Абишеванын пикири боюнча: "адам эмне аркылуу өзүн адам деп эсептесе, анда ошонун өзү баалуулук болуп эсептелет", – деген [1, 142-б].

Советтик жана Эстон элинин философу Л.Н. Столович, баалуулук – бул жөн гана маанисиз нерсе эмес экендигин жана ал социалдык өнүгүү менен байланышып, коомдун өнүгүшүндө оң роль ойной тургандыгын баса белгилеген [132, 127-б].

Философ, социолог Н.И. Лапин баалуулукту төмөнкүчө аныктайт: "Турмуштагы чечүүчү жана абдан маанилүү кырдаалдарда адамдын жүрүм-турумундагы тандоону ишке ашырууга мүмкүндүк берүүчү фундаменталдык нормалар" [111, 22-б].

Философ И.С. Нарсктын корутундусу боюнча "баалуулуктарды– коомдун идеалы деп карап, мунун негизинде жеке адамдын иш-аракетинде дагы идеал" катары эсептейт [106, 62-б].

Баалуулукту түшүнүү, анын фундаменталдык маанилүүлүгүн философиялык жактан жана социалдык-психологиялык негиздөөдө М.С. Кагандын пикирлеринде бар экендигин баамдоого болот. Окумуштуу баалуулукту нормага байланыштыруу менен принципиалдуу аныктоого басым жасайт. Норма – адамдын жүрүм-турумун рационалдуу жана формалдуу жөнгө салуучу [78, 63-б].

Демек, баалуулук – бул субьектинин болжолдуу ишмердүүлүгүнү ички эмоцияларын жакшыртуу, ошондуктан, ал аны өздүк жан дүйнө интенциясы (умтулуусу, ниети) катары кабыл алат.

Америкалык психологдор А. Маслоу жана К. Роджерс, гуманисттик психологиянын өкүлдөрү – баалуулуктун ролун жөнгө салуучу деп белгилеп, инсандын өнүгүүсүндөгү баалуу компонент катары киргизет. [111, 471-б].

Бир катар окумуштуулар өздөрүнүн эмгектеринде баалуулуктар багыты боюнча аларды төмөндөгүдөй классификациялашат:

Орус философу А.А. Сычев баалуулуктарды төмөндөгүдөй классификациялайт: [124, 199-б ].

| **Деңгээл** | **Баалуулуктар** | |
|---|---|---|
| I | **Материалдык:** тамак, суу,үй, кийим, жаратылыш ресурстары, колдонуучу шаймандар, кымбат буюмдар | **Руханий:**билим, чындык, сулуулук, чыгармачылык, бооркердик, акыйкаттык, ыйыктык |
| II | **Жалпыадамзаттык баалуулуктар:** өмүр, эркиндик, мыкты болуу, акыйкаттуулук, тартип, сулуулук, байгерчилик | **Жеке мүмкүн болгон баалуулуктар** |
| III | **Инструменталдык**: интелегенттүүлүк, ырааттуулук, акылдуулук, чынчылдык, көз карандысыздык | **Терминалдык:** бакыт, ички дүйнөнү сактоо, пайдалуулук, ырахаттануу |
| IV | **Виталдык:** тамак, суу, коопсуздук, ырахаттануу, пайда келтирүү, тиешелүүлүк | **Маданий:** чындык, боорукердик, сулуулук, сүйүү, |
| V | **Биринчи:** тамак, суу, коопсуздук, кийим, коргоо | **Экинчи:**урматтоо, таанылуу, таандык болуу, өзүн билдирүү |

Окумуштуу, филолог А.С. Жантаевдин изилдөөлөрүндө: баалуулуктардын адам коомундагы ролу зор экендигине чоң маани берүү менен “баалуулуктар эң эле ар түрдүү функцияларды аткарышканы таңгалычтуу эмес, алар адамдардын социалдык мамилелерин жана өз ара катнаштарын жөнгө салышат, бул сапатта аларды баалуулуктар –

регуляторлор деп атоого болот”, – деп билдирет [61,1-б].Окумуштуу тигил же бул баалуулукту (мисалы, үй-бүлө) белгилүү бир графага коюу оор деп белгилөө менен антсе да баалуулуктардын төмөнкү шарттуу тартиптештирилген классификациясын берүүгө болот деп белгилеген:

**Виталдык:** өмүр, ден-соолук, коопсуздук, байгерчилик, адамдын абалы (токтук, тынчтык, сергектик)

**Социалдык:** социалдык абал, эмгекчилдик, байлык, иш, үй-бүлө, биримдик, мекенчилдик, чыдамдуулук, дисциплина, кесипкөйлүк.

**Саясий:** сөз эркиндиги, жарандык эркиндиктер, жакшы башкаруучу, мыйзамдуулук, тартип, конституция, жарандык тынчтык.

**Моралдык:** жакшылык, жыргалчылык, сүйүү, достук, милдет, намыс, чынчылдык, кеңпейилдик, тартиптүүлүк, ишенимдүүлүк, өз ара жардам, адилеттүүлүк, улууларды сыйлоо жана балдарды сүйүү.

**Диний:** кудай, кудайлык мыйзам, ишеним, кутулуу, ыйык жазуу жана уламыш.

**Эстетикалык:** сулуулук, шайкештик, салтты ээрчүү же жаңылык, маданий өзүнчөлүктүүлүк же тууроо [61, 284-б].

Демек, **баалуулуктар** – айлана-чөйрөгө, бизди курчап турган жандуу жаратылышка, бири-бирибизге жасаган мамилебизден көрүнө турган, коом жана инсан үчүн олуттуу таяныч деп саналган адеп-ахлактык жана этикалык принциптер. Адамдардын жашоосунда ички жана тышкы муктаждыктарына негизделип, коомдогу адеп-ахлактык идеалдарга жана нормаларга шайкеш келген жогоруда айтылгандай кичинекей нерселерден баштап, инсандар арасындагы маселелерде жөнгө салуучулук милдет аткарат.

Ал эми **“Жалпы адамзаттык”** терминининин мааниси боюнча орус окумуштуулары, илимдин докторлору, В.И. Ефимов, В.М. Таланов кеминде өз ара байланышкан үч аспект жатат деп белгилешет:

- жалпы адамзаттык (жалпы элдик деген мааниде), бул ар бир нормалдуу инсанга таандык (эң алгачкы адамдан азыркы адамдарга чейин, баладан карыган адамга чейин);

- жалпы адамзаттык – жалпы эле адамзат үчүн өзгөчө зарыл маанилүүлүккө ээ нерсе (башкача айтканда,бир бүтүндүк, тутумдук түзүлүшү боюнча).
- жалпы адамзаттык – ар бир мамлекет өзүнүн көп кырдуу саясатын кандай чагылдырып, кандай ишке ашырышы керек болгон нерсе [58, 122-б ].

Бул аспектилерди эске алуу менен “Жалпы адамзаттык баалуулуктар” түшүнүгүн мындайча аныкташат. Жалпы адамзаттык баалуулуктар – бул бардык курактагы адамдар жана бардык типтеги коомдогу ар бир инсан үчүн, адамдын жашоосунун жана өнүгүүсүнүн бардык этаптарында маанилүү болгон түшүнүктү жана жалпы эле адамзат үчүн зарыл, олуттуу мааниге ээ болгон реалдуу (ойдон чыгарылган жана утопикалык эмес) көрүнүш десе болот.

Кайсы доор болсо дагы, анда жашап жаткан адамдар үчүн жалпы адамзаттык баалуулуктар чоң мааниге ээ. Себеби жалпы адамзаттык баалуулуктар, адамдардын бири-бири менен болгон мамилесине таасирин тийгизүү менен турмушта адам үчүн биринчи орунда дайыма эмнени коёрун тандоо, жакшы эмне, жаман эмнени ажыратуу жана туура жашоо үлгүсү катары эсептелген түшүнүк. Жалпы адамзаттык баалуулуктар дүйнөлүк өнүгүүнүн бир булагы катары кызмат кылат десек жаңылышпайбыз. Бирок буга карабастан жалпы адамзаттык баалуулуктар адабияттарда кээде гана кездешип, ал эми атайын жалпы адамзаттык баалуулуктар жана алардын инсанды калыптандыруудагы ролу жөнүндө педагогикалык изилдөөлөр азыркы мезгилге чейин аз санда кездешип келет. Бирок, ошол эле мезгилде жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү айрым изилдөөлөрдү жана пикирлерди карап көрүүгө болот.

Улуу ойчул, даанышман Ч. Айтматов жалпы адамзаттык баалуулуктардын адамдын жашоосундагы артыкчылыктарына терең маани берип, мындайча пикирин билдирет: “Улуттук бөлүнүүлөрдү начар саясат же начар тарбия менен түшүндүрүү кандай оңой. “Биригүүгө карай жол

жана чечим “жалпы адамзаттык баалуулуктар” артыкчылыктарын түшүнүүдө жатат” дегенге макулмун”, – дейт [16,148-б].

Педагогика илимдеринин доктору, эл мугалими В.А. Караковский жалпы адамзаттык баалуулуктардын билим берүүдөгү ордуна артыкча маани берүү менен карап, жалпы адамзаттык баалуулуктарды сегиз түшүнүккө бөлүп караган:

- Жер – адамзаттын планетардык деңгээлде карай турган жалпы үйү.
- Ата Мекен – ата-бабалардан мураска калган уникалдуу баалуулук.
- Үй-бүлө – баланын инсандыгын өстүрүп-өнүктүрүүдө негиз болуучу коомдун баштапкы ячейкасы.
- Эмгек – адам болумушунун негизи.
- Билим – инсандын креативдүүлүгү, чыгармачылык өнүгүүсү анын билими менен терең байланышта каралат.
- Маданият – адамзаттын жашоосундагы топтолгон эң чоң байлык, автордун көз карашы боюнча өзүнүн же болбосо улутунун маданиятын жоготкон адам, бүткүл адамзаттык маданиятты дагы түшүнө албайт.
- Тынчтык – элдердин жана мамлекеттер ортосундагы макулдашуу жана бейпилдик.
- Адам – абсолюттуу баалуулук [76, 1-б].

Дүйнө элдеринин ынтымагы, алардын тарыхтын тайгак жолуна, тар кечүүсүнө туруштук берүүсү үчүн таалим-тарбиянын, маданияттын орду жөнүндө окумуштуу, педагог: Э. Мамбетакунов: “Дүйнөлүк билим, таалим-тарбия, маданият, жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө сөз болгондо жер жүзүндө жашаган ар бир эл ушул адамзаттык глобалдуу казынага кандай салым кошо алды деген маселе коюлат. Кайсы бир элди эң жогору коюп, калгандарын капарга албай коюу бир жактуу жасалган мамиленин далили болуп калат” Деги эле дүйнөлүк тарых буга жол бербеши керек”, – дейт [96, 97-б].

Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.А. Асипова баалуулуктар жөнүндө: “Жалпы адамзаттык баалуулуктарга кайсы гана

коомдогу адам баласы болбосун, алардын өңү-түспөлүнө, улутуна социалдык абалына, жыныстык өзгөчөлүгүнө карабастан эркиндик, теңдик, тең укуктуулук, жашоого, эмгекке, сүйүүгө болгон далалаты, аларга жетүү мүмкүнчүлүктөрү жана талабы кирет", – деп белгилейт [31,65-б]. Мунун өзү улуттук маданияттардын, жер жүзүндөгү элдердин жашоо жана өнүгүү деңгээлинин айырмачылыгына карабай, бардыгы үчүн кандайдыр бир багыт берүүчү жалпы адамзаттык баалуулуктардын бар экендигинен кабар берет.

Жалпы адамзаттык баалуулуктар – бул адамдарга жүрүм-турум эрежелерин айтып турган абстракция жана маанилүү материалдык, руханий, адеп-ахлактык баалуулуктарды камтыган бир тутумду түзүп турат. Бул тутумдун негизги элементтери болуп төмөнкүлөр саналат: табигый жана социалдык дүйнө, этикалык принциптер, эстетикалык жана укуктук идеалдар, философиялык жана диний идеялар, адеп-ахлактык жана башка руханий баалуулуктар. Жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө ачык такталган постулаттардан тартып, алардын бар экендигин жокко чыгарууга чейинки болгон аракеттерге карабастан ааламдашуунун алкагында, бүткүл дүйнө жүзү, коомчулук биригип жаткан азыркы замандын шартында адамдар жана улуттар аралык маданияттар тынчтыкта бирге жашоосу үчүн кандайдыр бир жалпы эс тутум, көз караш зарыл деген идеянын тегерегинде биригүүдө. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыктары: алар дүйнөлүк деңгээлде кызмат кылат. Бул жагынан алып караганда жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыктуу идеясы болуп мамлекеттер арасындагы саясий ойлонуунун өзөгү саналат, ал мамлекет аралык кастыктан эл аралык саясатка, араздашуулар менен күчтүк басымдан диалогго, тил табышууга барууга жана кызматташууга өтүүгө, толеранттуулукка басым жасайт. Кайсы бир өлкө, коом же инсан тарабынан жалпы адамзаттык баалуулуктарды бузуу, жалпы адамзатка карата кылмыш катары кароого болот, себеби жалпы адамзаттык баалуулуктарды четке кагуусу: саясаттагы кыйратуучу процесстердин чектен ашып кетүүсү, социалдык институттардын кыйрашы, моралдык баалуулуктардын наркынын түшүүсү жана

социологиялык-маданий өзгөчөлүктөр менен эсептешпөө сыяктуу көрүнүштөр менен коштолот. Азыркы жана соңку учурда жалпы адамзаттык баалуулуктарды толук жокко чыгарууга жана ар кандай ушу сыяктуу аракеттерге барган же болбосо жалпы адамзаттык баалуулуктар катары өзүнчө социалдык топтордун, класстардын, элдин жана маданияттардын баалуулуктарына артыкчылык берүү аракеттерге жол берилген учурлар жок эмес.

Япон ойчулу, гуманист, философ, жазуучу Дайсаку Икеда: "Америкада гана эмес, ошондой эле, дүйнөнүн көп бөлүгүндөгү тарбия берүүдөгү эң чон жаңылыштык – бул адамдарды жалпы адамзаттык духта эмес, уруулук, кландык аң-сезим духунда тарбиялоодо жатат". Ушундан улам эң маанилүү милдеттердин бири болуп – адамды, Казинс жарыялаган "жалпы адамзаттык аң-сезимдин" духунда тарбиялоо саналат", - дейт [16,148-б].

Демек, Америкалык окумуштуу Н. Казинс белгилегендей адамзатка жалпы адамзаттык биригүүнүн жолуна багыттап тарбия берсек, бүгүнкү күндөгү улуттук бөлүнүүлөр, улуттар ортосундагы чыр-чатактардын алдын алууга толук мүмкүндүктүн бар экендигинен кабар берет. Тарбияланган маданий чөйрөсүнө жана социалдык өзгөчөлүктөрүнө карабастан жалпы адамзаттык баалуулуктар ар бир индивидке мүнөздүү көрүнүш. Жалпы адамзаттык баалуулуктар аймактык чектерге жана салттуу маданиятка көз карандысыз түрдө бардык жерде кабыл алынгандыгы менен өзүнүн универсалдуулугун көрсөтөт.

Жогоруда белгиленген изилдөөлөргө таянып биздин пикирибизде, **жалпы адамзаттык баалуулуктар бул** – социалдык-экономикалык айырмачылыктарга карабастан дүйнө элдерин гуманисттик негизде бириктирип турган эң бийик эс тутумдун, көз караштардын, адеп-ахлактык жана этикалык принциптердин жыйындысы деп аныктоого болот. Жалпы адамзаттык баалуулуктар – ар кандай тарыхый доордогу адам баласынын жалпы адамзаттык мүдөөсүн, кызыкчылыктарын чагылдырат жана эч кандай социалдык-экономикалык жана башка айырмачылыктарга карабастан бүткүл

адамзаттын маданий, руханий өнүгүүсүндөгү орчундуу багыт болуп эсептелет. Улутуна, расасына карабастан бүткүл планетадагы, ар түрдүү салт-санаадагы адамдар тарабынан кабыл алына турган маанилүү баалуулуктардын бардыгы. Мындай жалпы адамзаттык баалуулуктардын биринчи катарында “эркиндик”, тынчтык, адам өмүрү, ден соолук, улуттук көөнөргүс баалуулуктар, адилеттүүлүк ж.б. турат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй жалпы адамзаттык баалуулуктарды жогорудагы жыйынтыктоочу эрежелерге таянуу менен шарттуу түрдө төмөндөгүдөй топтоштурууга болот:

- Адам өзү – коомдогу эң бийик баалуулук.
- Турмуштук баалуулуктар: адамзаттын тынчтыкта жашоосу, ден-соолугу, үй-бүлө, достор, бала күтүү ж.б.
- Руханий баалуулуктар: боорукердик, ыймандуулук,уяттуулук, диний ишеним, гумандуулук, эркиндик ж.б.
- Адеп-ахлактык баалуулуктар: улуттук маданият, толеранттуулук, чынчылдык, адилеттүүлүк, эмгектенүү, патриоттуулук, элдик каада-салт ж.б.

“Адам өзү – коомдогу эң бийик баалуулук” бул жөнүндө орус философу Н.О. Лосский: “Инсан кайталангыс индивид, аны башка эч кандай баалуулук менен алмаштырууга болбойт, ал биринчи орунда турушу керек, андан кийин бөтөнчөлүгү жок баалуулуктар турат, алар: акыйкат, адеп-актык, эркиндик, сулуулук”, – деп белгилеген [46, 192-б].

Демек, адам жана анын жашоосу – коомдогу эң жогорку баалуулук катары кабыл алынышы зарыл. Ар бир адам өзү уникалдуулугу менен дүйнөдөгү башка жандыктардан айырмаланып турган баалуулук экендиги жөнүндө улуу ойчул Ч. Айтматов: “Менимче, адилетсиздиктин маңызы мына буларда – бир адамдын экинчи бир адамга карата жек көрүү сезиминин болушунда. Адам баласы бийик баалуулук катары таанылбаганда; бүтүндөй элдер төрөлүп жатып кул болгондугунда” жатат, – деп билдирет [16, 171-б].

- ***Турмуштук баалуулуктар***: үй-бүлө – бул мамлекет менен бирдей даражада турат. Үй-бүлө эзелтен бери келе жаткан тарыхый мүнөзгө ээ болгон адам үчүн бирден бир баалуулуктардын бири. Мээримге, сүйүүгө, кубанычка бөлөнүп, канаттууга кактырбай, тумшуктуугa чоктурбай, багып торолтуу сыяктуу мезгилдер үй-бүлөдө түптөлөт. Кыргыз саясатчысы жана жазуучу, философ Ж. Сааданбеков үй-бүлө темасынын, улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларында чагылдырылышы боюнча мындайча оюн билдирет: "Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы менен дүйнө таанымында үй-бүлө борбордук орунду ээлейт. Анын үй-бүлө маселеси, ата-энелер менен балдарынын өз ара мамилеси чагылдырылбаган бир да чыгармасы жок. Ошентип, үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз ара мамилелери алардын сезимдери жана абалы, салттары муундан муунга берилген тарбия, маданият жана дин аркылуу аныкталат" [123, 100-б].
- Баасы байлык менен дагы башка менен дагы өлчөнбөгөн баалуулук – бул *ден-соолук.* Үй-бүлөнү, тынчтыкты, ден-соолукту, достукту жогору баалаган жаш адам турмушта бирөөгө пайдасын тийгизип жашайт деген терең ишеним бар.
- ***Руханий баалуулуктар:*** учурда руханий же болбосо ички баалуулуктарыбыз солгундай баштады деген пикирлер айтылууда. Бирок ошол руханий баалуулуктардын кайра ордун табуусуна тарбиячы-педагогдор, бүтүндөй педагогикалык аалам жардамга келүүсү зарыл. Эгерде адамдардын жүрөгүндө ыйман, боорукердик, гумандуулук, уят, чынчылдык сыяктуу руханий баалуулуктар уялабаса, тескерисинче адамдардын жашоосунда кайдыгерлик, таш боордук, уятсыздык, эки жүздүүлүк, ыймансыздык орун алса анда бул, келечекте боло турган руханий кризистен кабар берет.
- ***Адеп-ахлактык баалуулуктар:*** адеп-ахлак тууралуу белгилүү окумуштуу, педагог С.О.Байгазиев: окуучулардын адеп-ахлакты өздөштүрүүсүнө карата төмөндөгүдөй этаптарды белгилейт:"Өздөштүрүлүүгө тийиш болгон адеп-ахлак эреже-норманын,

принциптин тарбияlануучунун жан дүйнөсүнө көчүп өтүп, бекем орун-очок алышы төмөнкүдөй этаптарды басып өтөт:

- *Биринчи.* Тарбиялануучу адеп-ахлак нормалары жөнүндө маалыматка, билимге ээ болушу.
- *Экинчи.* Адеп-ахлак нормаларынын аң-сезимге маалымат, билим түрүндө кабылданган абалдан чыгып, андан ары барып, инсандын ынанымына ички ишенимине айланышы.
- *Үчүнчү.* Адеп-ахлак нормаларынын ынаным ишенимден андан ары тереңдеп инсандын жүрөгүнө жетип кан-жанына сиңип, сезимине орноп калышы.
- *Төртүнчү.* Адеп-ахлак нормасынын инсандын реалдуу жүрум-туруму түрүндө көрүнүшү, анын адатына, көнүмүшүнө айланышы" [39,217-б].

Башкача айтканда, адеп-ахлак нормаларынын тарбиялануучунун күнүмдүк турмушунда анын өздүк баалуулуктарына айланышы деп белгилөөгө болот. Ошондой баалуулуктарга мекенчилдик, патриоттуулук да кирет. "Патриоттуулук" (грекче patris – Ата Мекен) – Ата-журтка болгон сүйүүнү, мекенге жан-дили менен кызмат кылууну жана аны көздүн карегиндей сактоо жөнүндө сезимдерди камтыган социалдык аң-сезим.

Жогоруда аталган баалуулуктардан сырткары адамдардын жашоосундагы кайсы бир деңгээлдеги баалуулуктар бар экендиги бизге белгилүү, алардын катарын төмөндөгүлөр менен толуктоого болот:

- Материалдык баалуулуктар: экономикалык абал, жакшы жашоо деңгээли, мүлккө карата мамиле ж.б. кирет ж.б..
- Кесиптик баалуулуктар: жогорку билим, кесиптик чеберчилик, ж.б.

- Билим тууралуу кыргыз элинин жөнөкөй макалдарына кайрылсак элибизде: "Билим – тоодон бийик, акыл–деңизден терең", "Билими бар ар балээден кутулат, билими жок миң балаага тутулат", билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы" деп айтылып келет. Демек, бул макалдар, билим, билимдүү болуу жалпы адамзат үчүн баалуу экени жөнүндө тастыктайт.

“Илим-билим – адамга, улутка кут алып келе турган улуу мүлк. Азыркы учурда дүйнөнүн өлкөлөрүндө илим-билим берүү өнүгүүнүн локомотиви катары гана эмес, мамлекеттин улуттук коопсуздугунун фактору, гаранты катары да каралып жатат” [39,134-б].

- **Материалдык баалуулуктар:** “Бүгүнкү күндөгү баалуулук түшүнүктөрдүн ичинде мурда маани берилбеген, бирок акыркы мезгилдеги коомдук экономикалык өсүп-өнүгүштүн өзөгүн түзүп турган адамдын менчикке, тактап айтканда, жеке менчикке болгон мамилесин баалуулук катары эсептөө тууралуу ой-пикирлер кеңири орун алууда. Буга байланыштуу өсүп келе жаткан жаш муундарда жеке менчикти сыйлоо, аны коргоо, ага карата туура мамилелерди тарбиялоо зарылчылдыгы келип чыкты. Демек, педагогикалык баалуулуктарды изилдөө, аларга карап тарбиянын максатын жана мазмунун тактоо жана аларга жараша тарбиялык иш алып баруу бардык илимпоздордун, мугалимдердин жана коомчулуктун жалпы милдети” [59, 40-б].

Балуулуктар жаратылышы өтө көп түрдүү болгондуктан, аларды толугу менен мүнөздөөгө мүмкүн эмес, аларды илимий адабияттарда ар түрдүү классификацияларга бөлүп карашат, бирок алардын ортосунда кандайдыр бир системалуулук же болбосо баалуулуктардын ырааттуулугу сакталышы керек деген пикирди колдонуу менен төмөдөгүдөй жыйынтыкка келебиз:

- Биринчи орунда: жалпы адамзаттык баалуулуктар (жогорку баалуулуктар: адам, адам өмүрү, ден-соолугу, тынчтыкта жашоосу, руханий дүйнөсү, үй-бүлө, эркиндик, улуттук маданият) ж.б. турат.
- Экинчи орунда: күнүмдүк турмушта ар түрдүү кырдаалдарда айрыкча артыкчылыкка ээ боло турган инсандык касиеттердин же иш-аракеттердин бар экендигин белгилеген баалуулуктар (жоопкерчилик, чынчылдык, эмгекчилдик, тарбиялуулук, адеп-ахлак) ж.б. турат.

Акыркы учурларда адамдардын баалуулуктарга болгон мамилесин алып карасак, материалдык баалуулуктар, руханий баалуулуктарга караганда көп учурларда биринчи орунга коюулуп жатканы адам коомун ойлонтууга алып

келет. Учурда адам коому тез өнүгүп жатат, физикалык жана интеллектуалдык өнүгүү үчүн бардык шарттар түзүлүп, адамдардын көпчүлүгү билим алууда. Адамзат техникалык жана интеллектуалдык дараметине жараша абдан кубаттуу күчкө ээ болду. Бирок күтүлбөгөн жерден биздин маданият жана планетанын өзү, башкача айтканда, өзүн-өзү жок кылуу алдында турат. Адамзат саясий, коомдук, экономикалык, экологиялык жана, баарынан мурда, рухий жактан туңгуюкка кептелип отурат. Эмне үчүн, мындай кырдаалга жеттик? Балким, акыл-интеллектибиз жагынан кыйла өсүп-өнүктүк, бирок биз, чынында эле, адам баласы үчүн андан да маанилүү нерселер жана эмне бизди чыныгы адам кылары жөнүндө унутуп калгандайбыз? Коом өзгөргөн сайын баалуулуктар өзгөрүүдө жана айрым баалуулуктар маанилүүлүгүнө карабай жыл өткөн сайын төмөндөөдө. Жогорудагы баалуулуктардын ичинен ата мекенге болгон сүйүү, же болбосо патриоттуулук акыркы жылдары баалуулугу төмөндөөдө.

Буга далил катары, изилдөөлөргө таянсак: Бишкектеги “Диалог Евразия” уюму 2016-жылы өткөргөн тегерек үстөл жыйынында ага катышкан эксперттер азыркы кыргызстандык жаштардын турмушунда материалдык баалуулуктар алдыга чыгып, ал эми руханий баалуулуктардын баасы тездик менен жоголуп жатканын белгилешти. Совет заманында кыргыз жаштарын мектептен биринчи кезекте мекенди сүйүүгө, ал үчүн канын жанын берүүгө тарбиялашкан. 1970-жылдары жаштардын арасында жүргөн сурамжылоодо 80% эң башкы баалуулук Ата мекенди сүйүү деп жооп беришкен экен. Кыргызстан эгемен болгондон кийин 2000-жылы сурамжыланган кыргыз жаштарынын 28% гана Ата мекенди сүйүүнү баалуулук дешкен.

Ал эми 2012-жылы билим берүү министрлиги жүргүзгөндө сурамжылоодо 1400 жаштардын 8,3% гана өзүнүн мамлекетин сүйөрүн айткан. Пулуң болсо кулуңмун деген рынок заманында жаштар биринчи орунга материалдык байлыктарды коюшуп, эл-жерди сүйүү сыяктуу руханий нарк-дөөлөттөрдү четке сүрүп чыгарууда. “Адамды сүйүү, өз мамлекетин сүйүү деген баалуулуктар катастрофалык түрдө азайып баратат, 70-жылдары

бир адам сууга чөгүп баратса, аны сактап калыш үчүн өмүрүңдү бересиңби десе, 20% ооба деп жооп беришкен. Ал эми биз сураганда азыркы жаштардын сурамжылоого катышкандарынын эки пайызы араң оң жооп берди”, – дейт мурдагы билим берүү министри, профессор Ишенгүл Болжурова [147, 8.02.16].

Туткан динине же өңү-түсүнө карабастан, же убакыттан ордунан көз каранды болбогон баарыбыз үчүн мүнөздүү нерсе, бул – жалпы адамзаттык баалуулуктар экендигин жогорудагы изилдөөлөр ырастады. Бул акылга эмес көбүнчө сезимге мүнөздүү сапаттардын жыйындысы менен мүнөздөлөт. Мисалга алсак, сүйүү, акыйкаттык менен адилеттүүлүк, жашоодогу бардык нерсеге карата урмат-сый, мээрим жана сабырдуулук. Азыркы учурда биздин көйгөйлүү турмушта биздин ар бирибиз буларга муктаж эмеспиз деп айталбайбыз. Адам куш сымал асман менен учуп, ал тургай космосту да багынта алды, балык сыяктуу суу астында сүзүүгө үйрөнгөн болсо да, ал чыныгы адам болуп жерде жашаганга үйрөнө албай жатат деп айтууга толук негиз бар. Мындай кырдаалды жалпы адамзаттык баалуулуктарга багытталган билим берүү менен гана оңдой алабыз. Чыныгы билим берүү, билим берип, турмушка керектүү билим, ыктарга гана ээ кылбастан жаш муундарды кең пейилдүүлүк, боорукерлик, гумандуулук, толеранттуулук ж.б. мүнөздөргө калыптандыруу бүгүнкү күндө зарылдыгын көрсөтүүдө.

Ар бир чыныгы билим берүү – даяр билимдерди берип жаттатуу менен гана чектелбестен, чыгармачылыкка изденүүгө жана өнүктүрүүгө, бирге жашоого үйрөтүүгө негизделиши керек. Мурдагы билим берүүнү ала турган болсок, мектептерде, жогорку окуу жайларда коммунизмдин духунда тарбиялоо жана окутуу болгон. Ошол кездеги коомдун талабына жараша окуучуларды ишендирүү иштери жүргүзүлгөн. Ал эми ар бир ишеним жүрүм-турумду жаратат, себеби ар бир адамда ишенимди өзгөртө алсак, анын жүрүм-туруму өзүнөн өзү өзгөрө баштайт.

Демек, азыркы учурдагы билим берүү жаңы концепциянын иштелип чыгышына өзүнүн курч керектөөсүн көрсөтүп турат, келечекте иштелип чыга

турган концепция жалпы адамзаттык принциптерге негизделип бекитилиши керек. Албетте жалпы адамзаттык баалуулуктарга негиздеп билим берүү, академиялык дисциплиналардан баш тартуу дегенди билдирбейт, бирок аларды жалпы адамзаттык концепциялар аркылуу жаңы мазмун, жаңы баалуулуктар менен толуктоо керек.

Өзгөчө ааламдашуу шартында болуп жаткан планетардык деңгээлдеги коркунучтар: террорчулук, фундаменталдык диний көз караштар (вахабизм, суфизм) ж.б., Илимий-техникалык өнүгүүнү туура эмес колдонуудан келип чыккан кыйроолор (ядролук жана термо ядролук куралдар), экологиялык коркунучтар, баңгиликтин жана аракечтиктин көбөйүүсү, жаш муундардын өнүгүүсүнө өз таасирин бербей койгон жок.

XXI кылымда ааламдашуу өзгөчө жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Бул кылымда бүткүл дүйнөлүк көйгөйлөр көбөйүп, адамзатты каптаган руханий кризистин масштабы кеңейди. Руханий кризистин алдын ала албагандыктан, адамдардын ыймансыздыгынан келип чыккан: баңгилер, адам сатууга кабылгандар 4 млн, өз жанын кыйгандар 50 миллиондон ашты. Дүйнө жүзү боюнча 20 жашка чейинки 90 миллион ташталган балдар, селсаяктар, кароосуз калган кары-картаңдар көбөйүүдө [64, 44-б]. Ушул себептерден учурда таалим-тарбия процессинде жаш муундарды гумандуулукка, толеранттуулукка жана башкалар менен бирге аракеттенүүгө үйрөтүүнү, башкача айтканда жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун зарылдыгы келип чыгат.

1996-жылы ЮНЕСКОнун пленардык сессиясында, француз ишмери Ж. Деллор билим берүү системасында төмөндөгү төрт негизги жобону сунуштайт:

- Таанып-билүүгө, билгичтикке үйрөнүү;
- Иштей билүүгө, башкача айтканда, компетенттүүлүк менен иш кылганга үйрөнүү;
- Көпчүлүк кабыл алган баалуулуктарды сыйлоого жана бирге жашоого үйрөнүү ж.б.;

- Жеке инсандык жоопкерчиликти сезүүгө, өз алдынчалуулукка жана көз карандысыздыкта жашоого үйрөнүү; [54, 31-б].

Демек, улуттук маданияттардын, диндердин, адамдардын жашоо деңгээлдеринин жана жер жүзүндөгү элдердин өнүгүү деңгээлинин айырмачылыгына карабай, жалпы адамдар үчүн бийик тутулган жалпы адамзаттык баалуулуктар бар экендигине ынанууга болот. Жалпы адамзатты, аларды курчап турган руханий кризистен чыгарып кетүү үчүн ал жалпы адамзаттык баалуулуктар ар бир адам тарабынан аткарылышы зарыл. Ал эми жалпы адамзаттык баалуулуктар болочок мугалимдердин гуманисттик көз караштарын калыптандыруудагы эң негизги каражат деген ойдобуз. Ошентип, учурдагы билим берүү системасында бир кыйла жаңылануулар, кайра өзгөртүп түзүүлөр жүрүп жатат. Ошондой кайра өзгөрүүгө багытталган билим берүү саясатынын ичинде жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү теориялык окууларда, Ж. Деллор сунуштаган сыяктуу жоболордо, келечектеги жаш муундарга таалим-тарбия берүүчү болочок мугалимдерди даярдоо үчүн иштелип чыккан толуктоолор киргизилип калса, жаш муундарыбыздын XXI кылымдын талаптарына жооп бере ала турган, толук кандуу инсан болуп өсүп-жетилишине бирден бир шарт түзүлмөкчү.

## 1.2. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу – педагогикалык проблема катары

Ааламдашуу шартында жаш муундарды жашап жана социалдаша билүүгө даярдоодо жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасоо керек экендигин коомдук тажрыйба көрсөтүүдө. Эгерде мектеп тарбиясы жөнүндө айта турган болсок, тилекке каршы изилдөөлөр көсөткөндөй, интернет булактары жана өлкөдөгү жаңы экономикалык мамилелердин таасири астында кээ бир учурларда өспүрүмдөрдүн гана эмес, башталгыч класстардагы балдардын дагы кулк мүнөзү өзгөрүүдө. Бул учурда баланын акылына гана таянуу менен баладагы биз күткөн баалуулуктарга жетүү мүмкүн эмес. Андыктан анын жан дүйнөсүн ойготуу менен сезимине жем

таштообуз зарыл. Мындай жагдайда бала мектепке келгенден баштап аны тынчтыкты, жашоону сүйүүгө үйрөтүү менен бирге жазууга, окууга үйрөтүү жана балдарда руханий адеп-ахлактык баалуулуктарды калыптандыруу башкы маселелерден болуусу зарыл.

Япон ойчулу Дайсаку Икеда он бир жаштагы баланын сезими тууралуу мындайча эскерет: “Бир жарым миллиард жылдан кийин Күн өчүп, Жер жүзү жок болот экен. Андай болбошу үчүн эмне кылуу керек?”. Мунун өзү- Ааламды ойлонгон жандын укмуштуу потенциалынын далили. Тынчтыкты, жашоону сүйүүгө үйрөтүү – бул бала кезде жакшы өздөштүрүлө турган илим”, - дейт [16, 20-б].

Баладагы биз күткөн баалуулуктарга жетүүдө жана аларда адеп-ахлактык, руханий жана жекече инсандык баалуулуктарын калыптандырууда мугалимдин орду өзгөчө мааниге ээ. Учурдагы илимий-техникалык прогресстин өсүп-өнүгүшү болочок мугалимдерден кесиптик билим жана билгичтиктерди гана талап кылбастан жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер болууну жана келечектеги окуткан балдарга дагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга жөндөмдүү болууну талап кылат.

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайлары үчүн үчүнчү муундагы билим берүү стандарты кесиптик билим берүүнүн алдына билим берүүнү жаңылоо маселелесин койду. Андай жаңылануулардын катарында билим, билгичтикке, көндүмгө ээ кылуу менен бирге инсандык жеке сапаттарды, социалдык компетенттүүлүктү калыптандырууга көңүл бөлүнгөн. Ал эми инсандагы жеке сапаттардын ичинде инсандын баалуулугу өзгөчө орунду ээлейт. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк кесиптик билимди гана камтыбастан, өз кезегинде социалдык-инсандык сапаттарды дагы камтыйт. Стандарттын талаптарына ылайык атайын багыт боюнча төмөндөгү компетенциялар каралат жана берилген дисциплинаны окутуп үйрөтүүдө ишке ашырылат:

- Универсалдык;
- Кесиптик компетенциялар

Универсалдык компетенциялар – жалпы илимий (ЖК), инструменталдык (ИК), социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык(СК) компетенцияларды өзүнө камтыйт. Социалдык-инсандык жана жалпы маданияттык компетенттүүлүк: ар бир студенттин аз-аздан социалдык пикир алышуучулук көндүмү жыйналат. Студент башкалар менен мамиле кылып сүйлөшө билүүнү, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоону, бири-бирин сыйлоону, кеп маданиятына, өз ой-пикирин, көз карашын далилдеп коргоп алуунун көндүмдөрүнө ээ болууга жана мугалимдик кесибин ишенимдүү улантып кетүүгө шарт түзөт. Ал эми жалпы адамзаттык баалуулуктар социалдык-инсандык компетенттүүлүктүн ажырагыс бөлүгү болгондуктан өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Болочок мугалимдерди компетенттүүлүккө жана өлкөнүн өнүгүүсүнө салымын кошо ала турган кесипкөй инсан катары тарбиялоо менен бирге жалпы адамзаттык баалуулуктарды жетиштүү деңгээлде аларга жеткирүү учурдагы орчундуу проблемалардын бири.

Азыркы мезгилдеги жогорку жана орто кесиптик окуу жайларын бүтүрүп жаткан педагогикалык кадрлар, орто мектептеги окуу-тарбия ишине жигердүү киришүү менен бирге жалпы адамзаттык баалуулуктарга абдан жогорку деңгээлде маани берүүлөрү, келечекте алардан таалим-тарбия ала турган жаш муундардын өсүп-өнүгүүсүндө жана инсан катары калыптануусунда чоң мааниге ээ. Болочоктогу мектеп мугалиминин инсандык жана кесиптик сапаттары жогорку окуу жайынан алган билиминен жана мугалимдин жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон мамилесинен көз каранды болот деп айтууга толук негиз бар.

Демек, жаш муундардын келечектеги алган ордун, мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктары жана мугалимдик чеберчилик менен терең байланышта кароого болот. Өзгөчө азыркы учурдагы балдардын өсүп-өнүгүшү, кулк-мүнөзү илим билимге ээ болуусу, интеллекти, жүрүш-турушу ата-эне жана тарбиячы-педагогдор тарабынан талыкпаган эмгекти, изденүүнү

талап кылууда. Өлкөбүздүн мындан ары карай туура өсүп-өнүгүүсүндө дагы өз кесибинин мыкты адистери жана алардагы калыптанган жалпы адамзаттык баалуулуктардын орду абдан маанилүү десек болот. Андыктан келечек муундарыбызды калыптандырууда илимий педагогиканын негиздери менен биргеликте жалпы адамзаттык баалуулуктарды өздөштүрүүгө кадам жасообуз зарыл. Келечек ээлерине кам көрүүдө алардын социалдык, экономикалык, көйгөйлөрүн чечүү менен гана чектелип калбастан жаш муундарыбыздын жүрөгүндө ыймандуулукту, рухий тазалыкты, башкача айтканда, жалпы адамзаттык баалуулуктарды уялатышыбыз эң маанилүү жана учур көйгөйлөрүн чечүүгө коюлган талаптардын бири болуп калууда.

Учурдагы билим берүү чөйрөсү, жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер жана ошол жалпы адамзаттык баалуулуктардын үлгүсүндө билим берип жана тарбиялай турган компетенттүү мугалимдерге өзгөчө муктаж. Бирок, практика жүзүндө азыркы учурга чейин педагогикалык кадрларды даярдоодо кесиптик билимге ээ болгону менен болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга көңүл бурулбай келет. Ушул жагдайдын өзү болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу проблемасы бүгүнкү күндө актуалдуу маселелерден экендигин билдирет. Демек, жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууда биринчи кезекте мектептеги келечек ээлерине билим-тарбия берүүгө карай багыт алган болочок мугалимдерге көңүл буруу өтө маанилүү маселелерден экендигине ынандык. Себеби ошол келечек ээлерин тарбиялоого билим берүүгө жана калыптандырууга багыт алган мугалим өзүнүн ички дүйнөсү толук, жалпы адамзаттык баалуулуктарды аздектеген инсан болуусу керек.

Учурдагы болочок мугалимди кесипке даярдоодо, билим берүү процессин жана билим алуунун принциптерин, жүзөгө ашыруунун укуктук базасы болуп кызмат кылган Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө 2003-жылдагы мыйзамынын ишке ашырылышы чоң мааниге ээ. Ал мыйзамда Кыргыз Республикасында билим берүү эл аралык келишимдерде

жана пактыларда, Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясында жарыяланган принциптерге, демократиянын жана элдин гумандуу баалуулуктарына, дүйнөлүк маданияттын принциптериненегизделери жөнүндө жазылат. Белгилей кетсек, 2003-жылдагы Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамынын 4-беренесиндеги билим берүүнү уюштуруунун негизги принциптеринин катарын төмөндөгү принциптер толуктайт:

- улуттук маданий байлык менен шайкеш келген жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү;
- жарандуулукка, эмгекти, үй-бүлөнү, Ата Мекенди, айлана-чөйрөнү сүйүүгө, патриотизмге жана адам укуктары менен эркиндиктерин урматтоого тарбиялоо;
- билим берүүнүн гумандуу мүнөзү [ 92].

Азыркы учурда болочок мугалимдерди мугалимдик кесипке даярдоодо, жогорудагы Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндө мыйзамындагы билим берүү принциптеринде белгиленген, улуттук маданий байлык менен шайкеш келген жалпы адамзаттык баалуулуктарга артыкчылык берүү принцибин эске алуу кажет. Бул принципти эске алуу менен кесиптик-педагогикалык окуу жайлардын окуу планында жалпы адамзаттык баалуулуктар тереңден камтылышы керек деген ойдон чыгуу менен азыркы убакта иштеп жаткан жумушчу программаларды анализдегенде биздин изилдөөбүзгө байланыштуу дисциплиналар дээрлик жокко эсе экендиги байкалат. Азыркы кесиптик-педагогикалык окуу жайлардын дисциплиналары катары биз буларды көрдүк:

- Жалпы билим берүүчү дисциплиналар: кыргыз тили жана адабияты, орус тили, дүйнөлүк адабият, чет тилдери, тарых, философия, адам жана коом, математика, табигый илимдер, адеп ж.б.
- Кесиптик багыттагы цикл: психология, педагогика, багытындагы дисциплиналар ж.б.

Бул дисциплиналардын жумушчу иш программаларынан төмөндөгүлөрдү көрүүгө болот: “Адеп” сабагын эске албаганда жогорудагы белгиленгендей башка дисциплиналарда жалпы адамзаттык баалуулуктар багытындагы предметтер жокко эсе экендигин кездештиребиз. Маселен окуу планындагы каралган дисциплиналардын жумушчу программаларына саресеп салсак, болочок мугалимдерге колледждерде өтүлө турган “адеп” сабагынын көпчүлүк темаларында баалуулуктар камтылганы менен жалпы билим берүүчү цикл менен гана өтүлүп, ал эми атайын кесиптик-предметтик циклда каралбаганын көрөбүз. Кесиптик-педагогикалык колледждерде өтүлүүчү гуманитардык илимдер, алардын ичинде “Кыргыз тили жана адабияты”, “Родной язык”, “Дүйнөлүк адабият”, “Философия”, “Манас таануу”, “Психология” ж.б.у. сыяктуу дисциплиналардын жумушчу программаларында “жалпы адамзаттык баалуулуктар”, же жалпы эле “баалуулук” темасы учкай түрүндө камтылып келет. Колледжде окутулган адабият сабактарында “Адам” темасы көтөрүлгөнү менен баалуулуктарга олуттуу басым жасалган эмес. Ал эми философия дисциплинасынын жумушчу программасынан “Маданият жана цивилизация” темасында баалуулуктардын чагылдырылганын кездештиребиз, бирок бул жерде да баалуулук темасы учкай түрүндө берилип, жалпысынан алганда “Философия” дисциплинасында “баалуулук” теориясы, анын келип чыгышы, маани-маңызы жөнүндө философиялык көз караштa талдоолорду көрүүгө болот. Ал эми психология багытындагы дисциплиналардын ичинен “Өнүгүү психологиясы жана үй-бүлө психологиясы” дисциплинасынын айрым темаларында гана баалуулуктар камтылганы менен башка темалардын мазмунунда жогорудагы дисциплиналардагыдай эле жалпы адамзаттык баалуулуктарды учкай кездештиребиз.

Жалпысынан алганда болочок мугалимдерди даярдоочу кесиптик-педагогикалык колледждерде жалпы адамзаттык баалуулуктар”, же жалпы эле “баалуулук” темасына атайын дисциплиналык багытта басым жасалбаганын жана айрым дисциплиналарды окутуу учурунда теманын

аталышында көрүнбөстөн, теманын ичинде үстүртөн гана кездешкенин белгилөөгө болот.

Биздин коомдо баалуулуктардын жалпы эле окуу-тарбия процессиндеги орду жөнүндө окумуштуулар төмөндөгүдөй ой-пикирлерин айтышат. Этнопсихолог Тууганбай Коңурбаев баалуулуктар жөнүндө: “Глобалдаштыруу шартында улуттук тарбия менен катар эле жалпы адамзаттык универсалдуу асыл-нарктарга да сугарыш маанилүү экенин жашоо тажрыйбасы көрсөтүүдө, балдарга улуттук жана универсалдык баалуулуктарды мектептен баштап беришибиз керек экен”, - дейт [147].

Т.А. Коңурбаевдин пикиринде ар бир улут өзүнүн улуттук өзгөчөлүгүн, тарыхын, ким экенин каяктан экенин билиш керек. А бирок балдарга жалаң эле улуттук эле нерселерди бере берсек анда улутчулдар жетилип чыгат. Ал эми жалаң эле универсалдуу баалуулуктарды эле ойлой берсек, анда жаштарыбыздын космополит болуп калуусу тынчсыздандырат. Демек, жалпы адамзаттык баалуулуктардын кайрадан көбөйүп, толукталып турушунда, улуттук баалуулуктар түгөнбөс кенч жана негиз болуп бере алат деген түшүнүктү берет.

XXI кылымда адамдын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөсү, анын катарында билим берүү чөйрөсү дагы чоң өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Бир канча өлкөлөр менен катар Кыргызстанда да акыркы учурларда билим берүүнүн сапатына көңүл буруу, окутуу жана тарбиялоо иштерин модернизациялоо, татыктуу кадрларды даярдоо маселеси, алардын ичинен болочок мугалимдерди даярдоодо жалпы адамзаттык баалуулуктарды эсепке алууга багытталган иш-чаралар учур көйгөйү катары алдыга чыгууда. Мунун өзү жалпы адамзаттык баалуулуктар жыл өткөн сайын жаш муундарга таалим-тарбия берүүдө өзгөчө таасирдүүлүгүн жана зарылдыгын көрсөтүүдө экендигин билдирет, бул өз кезегинде болочок мугалимге көнүл бурууну талап кылат. Демек, биздин пикирибизде болочоктогу мугалимдин өзүндө жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктар болбосо, жаш муундарга

таалим-тарбия берип окутууда бир топ кемчилдиктерди жаратышы ыктымал экендигин түшүнүүгө алып келди.

Жогоруда белгиленгендер азыркы учурдагы билим берүүдө инсанга багытталган парадигманын актуалдашуусуна түрткү болууда. Буга байланыштуу, ар бир окуучунун кайталангыс уникалдуулугу, баалуулугу, алардын ар биринин билгичтик, көндүмдөрүн, ички дареметин өнүктүрүү окуу-тарбия процессинин негизги милдети бойдон калууда. Инсандыкка багыттап билим берүү ар бир бир баланын коллективде же болбосо дегеле адамдардын арасында эркин өсүшүнө багытталып, анын ичинде боорукердик, адилеттүүлүк, мээримдүүлүк, толеранттуулук, сүйүү ж.б. камтылат. Мунун өзү ар бир баланы жалпы адамзаттык баалуулуктарды аңдап түшүнүүгө, анын эмне үчүн керек экендигин билүүгө үйрөтүү дегендикти билдирет. Ал эми бул мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашырууда мугалим тарбынан окуучунун инсандыгына жана баалуулуктарга болгон мамилеси башкы орунда турат.

Америкалык философ жана педагог Джон Дьюи: “Тарбиялоо процессиндеги борбордук фигура – бала. Ал күн – бардык педагогикалык процесстер анын айланасында тегеренет. Бардык иш балада. Анын күчү чыгарылууга, кызыкчылыгы канааттандырылууга, жөндөмдүүлүгү машыктырылууга тийиш”, – деп эсептеген [89, 145-б]. Андыктан, келечек муундарды ар тараптан тарбиялап өстүрүү менен катар алардын жалпы адамзаттык дөөлөттөрдөн керектүү деңгээлде азык алуусу үчүн бүгүнкү күндөгү болочок мугалимдердин билимине жана баалуулуктарга болгон мамилесине алгылыктуу деңгээлде маани берүү жана окумуштуу, педагогдордун да өз эмгектери аркылуу көңүл бөлүүсү чоң мааниге ээ.

Педагог, окумуштуу С.О. Байгазиев: “Билим берүүнүн түпкү пайдубалында окуучунун өздүк баалуулук принцибинин (принцип самоценности личности ученика) жатышы, окуучу баланын мектептин эң жогорку ыйыгы жана асыл дөөлөтү болушу, жеткинчектин адамдык, инсандык МЕНин эркин өнүктүрүү, шык-талантын гүлдөй жайнатып ачуу,

бул үчүн бардык күч-аракетти жумшап, шарт түзүү жөнүндөгү философия бүгүнкү күндүн педагогикасынын туу туткан идеологиясы болуп калууга тийиш”, – дейт [39,143-б].

Ырасында эле акимчил педагогикадан гумандуулук педагогикасына өтүү учурдун бирден бир талабы болуп турат. Бул талапты кимдер аткарат деген суроолор туулушу мүмкүн, албетте бүгүнкү күндөгү педагогдор жана жогорку окуу жайлар жана орто кесиптик окуу жайлар даярдап жаткан болочок мугалимдер демекчибиз. Болочок мугалимдер толук кандуу ишке киришип иштеп кетүүсү үчүн кесиптик билим,балдарга жана алардын инсандыгына болгон сый мамилесинен, педагогикалык жаңылануудан турган гумандуу педагогика жана жалпы адамзаттык баалуулуктар менен куралданган болуусу керек. Бул жагдайдан чыгып педагогдун ишмердүүлүгү кандай гуманисттик идеяларды камтышы керек деген суроо жаралат.

“Педагогдун ишмердүүлүгүнүн баалуулуктары жана баалуулуктар мамилеси төмөнкү гуманисттик идеяларга негизделиши керек:

- адамды эң жогорку абсолюттук баалуулук катары таануу;
- адамдын эркиндиги коомдун жана адамдын өнүгүшүнүн шарты;
- ар бир инсандын чыгармачыл, өзүн-өзү ачууга жана өздүк өнүгүүгө- руханий, адеп-ахлактык нормалардын ориентири болушу;
- өздүк жоопкерчиликти терең түшүнүү жана башка ушул сыяктуу” [18, 8-б].

Ал эми педагогика илимдеринин доктору, профессор А. Алимбеков улуу ойчул, кеменгер жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдердин образы аркылуу окуу-тарбия процессиндеги мугалимдин ордуна кайрылуу менен болочок мугалимдерге насаат катарында айтматовдук мугалимдердин өрнөктөрү жөнүндө төмөндөгүлөрдү белгилейт:

- “Мугалимдик ишти өз өмүрүнүн башкы дөөлөтү катары кабылдоо, өмүрүн педагогикалык эмгекке арноо.
- Айтматовдун мугалимдеринин экинчи бир философиясы бул мугалимдин таалим-тарбия иш-аракетинин өрнөгүнүн адамды адам

кылып өзгөртүп түзүүчү, келечегин жарык кылуучу жаратмандык кудуретине болгон терең ишеним улуу педагогикалык оптимизми.

- Балдардын келечегине зор үмүт оптимизм менен кароо.
- Айтматовдун мугалимдеринин төртүнчү өрнөгү бул – принципиалдуулук, адилдик”, – дейт [25, 13-б].

Болочок мугалимдер жаш муунду тарбиялоодо, окуучунун үй-бүлөнүн жалпы эмгегинде, дүйнө жүзүндөгү тынчтыктын сакталышында, үлүшү болууга тийиш экендигин эстен чыгарбоолору керек экендиктери жана үй-бүлөнүн баалуулугу, үй-бүлөдөгү алардын милдеттери, ден-соолуктун, достуктун баалуулугу тууралуу жана адеп-ахлак, гумандуулук темасында алар менен аңгемелешип туруулары абдан чоң мааниге ээ. Ошону менен бирге өзүмчүл болбоо, дайыма жакшылык кылып турууга даяр туруулары, кайтарымсыз, чын көңүлдөн жакшылык кылууга жана адам өзүнүн жашоосунда бирөөгө пайдасын тийгизип жашоосу керек экендигине үндөп таалим-тарбия берүү иши – болочок мугалимдин дайым ой-чабытында болуусу керек. Өз мамлекетин, эне тилин сүйгөн, эл-журтундагы тынчтыкты, ынтымакты каада-салтын эң жогорку деңгээлде баалап, аздектей алган, мекенине таандык туусун бийик көтөргөн, ошону менен бирге жалпы адамзаттык гуманисттик, адептик асыл-нарктарын өздөштүргөн, эл достугун бийик туткан, ар намысы бийик, эмгекчил, чынчыл, элин-жерин жанындай сүйгөн, өз мекенине көзүнүн карегиндей мамиле жасаган мекенчил атуул, патриот адамды тарбиялап, өстүрүү иши болочок мугалимдин көз жаздымында калбоосу керек. Чыныгы инсандык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон болочоктогу мугалим гана гумандуу педагогиканын алкагында, башкача айтканда адамдын татаал жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип, такай адамдагы жаңы нерсени жана өз кесибинин сырын ачуу менен окутуп жаткан балдардын ички өнүгүүсүн, дүйнө таанымын, шык-жөндөмүн, чыгармачылыгын, толук ачып бере алат.

Бул жөнүндө таланттуу педагог В.А. Сухомлинский: “мугалимдик кесип – адам таануу илими, адамдын татаал жан дүйнөсүнө тынымсыз сүңгүп

кирүү, такай адамдагы жаңы нерсени ачуу, адамдын калыптаныш процессин көрүп туруу – бул эң сонун касиет, ал педагогикалык эмгекке ынтызарлыкты арттырган, азыктандырган көрөңгөнүн бири. Бул көрөңгө тестиер жана өспүрүм кезде үй-бүлөдө да, мектепте да топтолооруна мен ишенем. Ал улуулардын баланы сүйүүгө, кадырлоого тарбиялашкан атанын, эненин, мугалимдин камкордугу менен топтолот”, - деп белгилейт [128, 5-б ].

Демек, болочок мугалим жаш муундардын келечегине саресеп сала билүү менен ар бир баланын жашоосундагы адеп-ахлактык, руханий баалуулуктардын ордуна өзгөчө маани берип, адам өмүрүнүн маңызы андагы жалпы адамзаттык баалуулуктар менен чектеш тураарын жана келечек муундарды тарбиялоо, окутуу, калыптандыруу, өнүктүрүү вазыйпасы, түздөн-түз милдети экендигине терең жоопкерчилик менен кароосу зарыл.

Кайсы мезгил болсо дагы анда жашап жаткан жаш муундарга татыктуу тарбия берүү үчүн, болочок мугалимдерди жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде калыптандыруу чоң мааниге ээ. Себеби баалуулуктар, адамдардын бири-бири менен болгон мамилесине, биринчи орунда дайыма эмне тураары, келечек ээлерин тарбиялоодо кандай баалуулуктар таасирин тийгизет деген суроолорду туудурат. Демек, жалпы адамзаттык баалуулуктар жаш муундарды тарбиялоодогу жана калыптандыруудагы негизги пайдубал катары кызмат кылат.

Ааламдашуунун алкагында жүрүп жаткан процесстер өлкөбүздүн мындан ары туура багытта өсүп-өнүгүүсү үчүн актуалдуу маселелерди жаратуу менен учурда ааламдашуу процесси тездик менен жүрүп, ошого жараша баалуулуктар дагы ыкчам өзгөрүп бара жатканын көргөзүүдө. Азыркы учур, жаш муундарды тарбиялоодо мурдагы доорго салыштырмалуу болочок мугалимдердин катышуусу менен кайрадан карап көңүл бөлүүгө муктаждыгын билдирет, себеби мурдагы жылдарда жашап өткөн улуу муундардагы инсандардын баары болбосо да дээрлик көпчүлүгүнүн ыйманынын тазалыгын, адамгерчилигин, алардын өзүндөгү асыл баалуулуктарын, өзгөчө бир жасалаган иш-аракетсиз, педагогикалык

кадрларды даярдоодогу баалуулуктарга жасалган кадамдарсыз азыркы жаш муундар менен ордун толуктоо мүмкүн эместигин мезгил улам барган сайын тастыктап отурат. Демек, жаш муундарга туура тарбия берип, аларды туура жолго багыттоодо олуттуу түрдө жалпы адамзаттык баалуулуктарга кайрылуунун зарылчылыгы келип чыкты деп баса белгилөөгө болот. Ал эми жогоруда белгиленген жалпы адамзаттык баалуулуктарды балдарда калыптандыруу вазыйпасы жүктөлгөн болочок мугалимдерди келечектеги мугалимдик кесипке даярдоо менен бирге алардын жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүү учурдагы негизги маселелерден болуп саналат.

Ошентип, болочок мугалимдер келечек ээлерин тарбиялап, билим берүүдө, адеп-ахлак, патриоттуулук, ыймандуулук, гумандуулук, толеранттуулук, адамдын инсандыгын сыйлоо, үй-бүлө, адилеттүүлүк, боорукердик, улуттук көөнөргүс баалуулуктар (тил, улуттук маданият, каада-салт, үрп-адат, тил сыяктуу жалпы адамзаттын жашоосундагы негизги баалуулуктарды алардын боюна сиңирип, калыптануусу зарыл деген жыйынтыкка келебиз.

## I Бөлүмдү жыйынтыктоо

Баалуулуктар жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын маани-маңызына жана билим берүүдөгү ордуна теориялык анализ жасоонун натыйжасында, баалуулуктар – айлана-чөйрөгө, бизди курчап турган жандуу жаратылышка, бири-бирибизге жасаган мамилебизден көрүнө турган, жаман менен жакшыны так чагылдыра турган коом жана инсан үчүн олуттуу таяныч деп саналган адеп-ахлактык жана этикалык принциптер экендигин аныктап алдык. Баалуулуктар адамдардын жашоосунда ички жана тышкы муктаждыктарына негизделип, коомдогу адеп-ахлактык идеалдарга жана нормаларга шайкеш келген жогоруда айтылгандай кичинекей нерселерден баштап, инсандар арасындагы маселелерде жөнгө салуучулук милдет аткараарына ынандык. Ал эми жалпы адамзаттык баалуулуктар – бардык

адамдар үчүн жогору турган, маанилүү деп эсептелген эс тутумдун, көз караштардын, адеп-ахлактык жана этикалык принциптердин жыйындысы деп аныктоо менен алар өз ичине адам өмүрү, эркиндиги, ден-соолугу, үй-бүлө, тынчтыкта жашоосу, руханий дүйнөсү, адеп-ахлагы сыяктуу баалуулуктарды камтып тураарын белгиледик. Жалпы адамзаттык баалуулуктар– ар кандай тарыхый доордогу адам баласынын жалпы адамзаттык мүдөөсүн, кызыкчылыктарын чагылдырат жана социалдык-экономикалык айырмачылыктарын камтуу менен бирге бүткүл адамзаттын маданий өнүгүүсүндөгү орчундуу багыт болуп эсептелет десек жаңылышпайбыз.

XXI кылымдын босогосу ааламдашуунун алкагында дүйнө өлкөлөрүндө чоң өзгөрүүлөр менен башталды, билим тармагындагы жаңылануулар жана алардын негизги багыттары Кыргызстандын билим берүү системасына дагы таасирин тийгизди. Бүгүнкү күндө XXI кылымдын талаптарын гана эске алып жаш муундарыбызды тарбиялабастан, улуттук баалуулуктарыбызды сыйлоо менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын алкагында тарбиялоого кадам жасообуз зарыл экендигин көрсөтүүдө.Себеби, ааламдашуу процесси тездик менен жүрүп, дүйнө жүзүндөгү экономикалык жана маданий чектердин кеңейүүсү менен бирге келген ядролук, биологиялык куралдар, экологиялык көйгөйлөр, диний экстремизмдин күч алышы ж.б. адам өмүрүнүн коопсуздугуна шек келтирген көрүнүштөрдүн натыйжасында баалуулуктар дагы ыкчам өзгөрүп бара жаткан учурдагы жаш муундарды калыптандырууда, алардын туура жол менен өсүп-өнүгүүсүндө, татыктуу билим-тарбияга ээ болуусунда жанаалардын жашоо-турмушунда жалпы адамзаттык баалуулуктардын орду чоң мааниге ээ деп белгилөөгө болот.

# II БӨЛҮМ. Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАР ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 2.1. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын тарбиялык мааниси жана алардын окуу-тарбия процессиндеги ордун аныктоо методологиясы

Белгилүү болгондой илимий изилдөө кандайдыр бир методдорго жана методологияга негизделет. Илимий изилдөөнүн багытын туура белгилөө үчүн алгач методологияны аныктап алуубуз керек. “Методология” термини грек тилиндеги “методос” – таанып-билүүнүн жолу, жаратылыштын жана коомдук турмуштун кубулуштарын изилдөө; аракет жасоонун ыкмасы, жолу; максатка жетүүнүн жолу” дегенди билдирет. Логос” – түшүнүү, окуу, ой жөнүндө закон ченемдүүлүк. Демек, методология максатка жетүүнүн жолу жөнүндө окуу.

Педагогиканын методологиясы – таанып-билүүгө болгон жалпы мамилени, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы законченемдерин билүүнү жана практика жүзүндө пайдаланууну камтыйт.

Педагогиканын методологиясынын обьектиси – адамды окутуунун жана тарбиялоонун, инсандык касиеттерин калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн кубулуштары.

Педагогиканын методологиясынын предмети – жогорку адеп-ахлактуу, ички сезими бай адамды калыптандыруунун, бардык жактан шайкеш өнүктүрүүнүн, активдүү чыгармачыл ишмердүүлүккө даярдоонун законченемдери [98, 5-б].

**Изилдөөнүн обьектиси**: кесиптик-педагогикалык колледжде башталгыч класстарга билим берүү адистиги багытында билим алып жаткан студенттердин социалдык жана жалпы маданий жактан калыптануусу.

**Изилдөөнүн предмети:**башталгыч класстарга билим берүү багытындагы болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын Ч.

Айтматовдун чыгармалары аркылуу калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздерин** баалуулук концепциясы, инсанга багытталгандык, инсанга билим берүүнүн, аны тарбиялоонун, калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн жалпы закончнемдери, улуу ойчулдардын, классик педагогдордун, психологдордун, философтордун фундаменталдуу эмгектери, Айтматов таануу, Ч. Айтматовдун чыгармаларына байланыштуу илимий-методикалык изилдөөлөр жана адабиятты окутуу боюнча теориялык эмгектер, билим стандарты, окуу планы, окуу программалары, педагогика илиминдеги инсандын жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга жана баалуулук багыттарын тескөөгө багыттаган негизги жоболор түзөт. Изилдөөбүздүн обьектисине жана предметине байланыштуу белгилеп кете турган нерсе, болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууда, кеменгер жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү ойлорун, идеяларын тарбиялык каражат контекстинде кароо зарылчылыгы жатат.

**Изилдөөнүн методдору** катары педагогика, психология, философиялык адабияттардагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышына жана Ч. Айтматовдун чыгармаларына байланышкан изилдөөлөргө, орто кесиптик-педагогикалык колледждин “Башталгыч класстарга билим берүү” адистигинин педагогика багытындагы окуу программаларына жана бул багыттагы окуу-методикалык колдонмолорго илимий-теориялык талдоо жүргүзүү; Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата түшүнүктөрүн изилдөө максатында болочок мугалимдер арасында сурамжылоо, анкета жүргүзүү; Ч. Айтматовдун чыгармаларына контент-анализдин жардамы менен педагогикалык талдоо жүргүзүү; аныктоочу жана калыптандыруучу тажрыйбаларды жүргүзүү; болочок мугалимдердин өз алдынча иштөөлөрүнө (СӨИ): өздүк чыгармачылыгына, эсселерине талдоо жүргүзүп, рефераттарын

жана оозеки жоопторун атайын иликтөөдөн өткөрүү; атайын түзүлгөн өнүктүрүүчү программа боюнча болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарына байкоо жүргүзүү; болочок мугалимдер менен аңгемелешүүлөрдү өткөрүү, алынган жыйынтыктарга математикалык-статистикалык изилдөө методдорун колдонуу.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу жолдорун жана каражаттарын аныктоо максатында төмөнкүдөй методдорду колдондук:

- **Теориялык методдор:** педагогика, психология, философиялык адабияттардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга теориялык талдоо жана улуу ойчулдун чыгармалары боюнча контент-анализ жүргүзүү;
- **Аңгемелешүү методу:** Аңгемелешүүнүн жардамы менен болочок мугалимдердин ички ой толгоолорун жана аракеттенүү багытын аныктоо;
- **Социологиялык-педагогикалык методдор:** анкета жүргүзүү, сурамжылоо;
- **Документацияларды изилдөө методу**: негизги өзөгү Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга багытталган студенттин өз алдынча ишин (СӨИ): рефераттарды, эсселерди талдоого алуу, кесиптик-педагогикалык колледждин окуу планына жана окуу программаларына талдоо жүргүзүү;
- **Алгачкы маалыматтарды изилдөө методу:** улуу ойчулдун чыгармалары жөнүндө окурмандардын пикирлерин, маектешүүлөрдү иликтөө;
- **Эксперимент методу:** Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууну ишке ашыруу үчүн кеменгер жазуучубуз Ч. Айтматовдун чыгармаларын колдонуу менен педагогикалык экспериментти уюштуруу жана жүргүзүү.
- **Математикалык-статистикалык метод:** жогорудагы методдорду изилдөө ишибизге таяныч кылуу жана А.В. Усованын түшүнүктү өздөштүрүүнүн толуктук коэффициентинин формуласын пайдалануу,

экспериментик материалдардын анализин салыштырып, системалаштырып, педагогикалык эксперименттин натыйжаларын чыгаруу.

- **Блумдун таксономиясы** методикалык жактан өтө маанилүү, бирок жалпы адамзаттык баалуулуктарга келгенде биздин максат студенттердин таанып-билүүсүн, көз карашын Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу калыптандыруу болгондуктан чыгармаларды талдоодо шарттуу түрдө Блумдун таксономиясына кайрылдык. Бенжамен Блумдун таксономиясы эл аралык кеңири таанылууга ээ болгон. Ал окутуп-үйрөтүүнү пландоодо жана анын натыйжаларын баалоодо кеңири колдонулат. Бенджамин Блум таксономиясын 1956-жылы иштеп чыккан. Ал таанып-билүүдөгү алты деңгээлди белгилеп көрсөткөн:

1. Билим
2. Түшүнүү
3. Колдонуу
4. Анализ
5. Синтез
6. Баа берүү

1. Билим – окуп үйрөнгөн маалыматты эстеп калуу жана айтып берүү, темага байланыштуу терминдер, мисалы: “баалуулуктар”, “жалпы адамзаттык баалуулуктар” деген эмне?

2. Түшүнүү – теманы түшүнүүсү, маалыматтын маңызын дааналап түшүнүү, талкуулоо;

3. Колдонуу – кайда колдонсо болот, орду кайда деген суроолорго жооп болушу керек. Долбоор түзүү, демонстрациялоо, (көрсөтүү), схема түзүү ж.б.

4. Анализ (талдоо) – классификациялоо, ЖАБ ды тексттен таап жазуу жана талдоо, артыкчылыктарды белгилөө;

5. Синтез (топтоштуруу) – өзүн каармандардын ордуна коюу, жаңы нерсени жаратуу, чыгармачылыгын өркүндөтүү, мисалы: дил баян жазуу;

6. Баалоо – баа берүү, жыйынтык чыгаруу, жаңыча түшүнүү, салыштыруу, башкача айтканда баалоо системасында билим берүүнүн таанып-билүү компоненти орун алат. Бул түшүнүк конкреттүү максатта тигил же бул материалдын (ырастоонун, көркөм чыгарманын, изилдөөнүн маалыматтарынын) маанисин баалай билүү жөндөмүн билдирет. Аларды иликтеп, ой жүгүртүп, таанып-билүү ишмердиги артат жана чыгармачылык жөндөмдүүлүгү калыптанып, билимин өркүндөтүп, турмушта пайдалана билүү ыгына ээ болот жана баа берүү жөндөмдүүлүгүнө ээ боло алат. Мисалы: Силердин оюңар боюнча “Кассандра тамгасы” романында эмбриондордун жарык дүйнөгө келгилери келбей жаткандыгынын себеби эмнеде эле? Деген сыяктуу суроолордун жоопторун талдоодо Блумдун таксономиясына кайрылдык.

Илимий ишибиздин максатына, предметине, милдетине ылайык, болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууда улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларына таяндык. Азыркы учурда окуу-тарбия процессин жана жалпысынан окуу процессине таяныч боло турган адабияттарды анализдей келгенде жалпы адамзаттык баалуулуктар жокко эсе же аз санда орун алгандыгы көрүндү.

Изилдөөбүздүн логикасынан чыгуу менен иштиктүү тарбиялык каражат жана ыкма катары улуу жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармачылыгына кайрылуу, коом алмашып ааламдашуу процесси жүрүп жаткан мезгилде жалпы адамзаттык баалуулуктардын деңгээлинин ылдый түшүп кетишинен улам, жаш муундарды тарбиялоодо, учурдагы илимий педагогиканын жетишкендиктерин эсепке алуу менен  улуу жазуучулардын калеминен жаралган  көркөм чыгармаларга мурдагыдан да көбүрөөк таянуу жана андагы жалпы адамзаттык  баалуулуктарды изилдөө зарылдыгын көрсөттү. Тактап айтканда акыркы учурда жүрүп жаткан дүйнөлүк коопсуздук, улуттар аралык тирешүүлөр, диний агымдар, экологиялык, экономикалык көйгөлөр, бүгүнкү күндөгү келечек ээлериндеги жалпы адамзаттык баалуулуктардын анын ичинде руханий баалуулуктардын бөксөрүшүнө кедергисин тийгизүүдө.

Адам турмушун, жашоо тиричилигин, адеп-ахлагын, каада-салтын, динге, тилге болгон мамилесин, жалпысынан айтканда жалпы адамзатка таандык идеяларды чагылдырган, көркөм чыгармалардын бар экендиги бул – чындык. Изилдөөлөр көрсөткөндөй жалпы адамзаттык баалуулуктарды ар бир жазуучу өз чыгармасында табигый шыгына, талантына, адабий-теориялык билиминин тереңдигине, чыгармачылык дараметине жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон мамилесине жараша чагылдырат.

XX кылымда жалпы адамзаттык баалуулуктарды өз чыгармаларында кеңири жана даана чагылдырган калемгерлердин көч башында кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч. Айтматов турат. Улуу жазуучубуздун чыгармаларындагы жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктардын чагылдырылышы, учурда Кыргызстанда эле эмес, чет элдик улуттук мектептерде жана жогорку окуу жайларынын программаларына улуу жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармалары атайын киргизилип жаткандыгын көрсөтүп турат. Мисалга алсак, "Эрте жаздагы турналар" повести Англиянын, "Ботогөз" повести ГДРдин Бад-Доберан деген шаарындагы доктор Теодор Наибауер атындагы орто мектептеринин окуу программасынан орун алган" [20, 42-б].

Жазуучунун чыгармалары жогорудагы чет элдик окуу программаларынан орун алгандыгы жана 2015-2018-жылы өткөн эл аралык илимий-практикалык конференцияларда окулган докладдар, улуу ойчулдун чыгармаларынын улуттук дем менен бирге дүйнөлүк, демек жалпы адамзаттык проблемаларды камтыгандыгын тастыктап турат. 2015-жылы өткөн эл аралык илимий-практикалык конференцияда "Мухтар Шаханов, академик М. Мамытовдор доклад менен чыгып сөз сүйлөп, аалам ойчулу Айтматовдун чыгармалары дүйнөнүн 128 мамлекетинде 183 элдин тилинде, 108 миллион тираж менен жарык көргөндүгүн, анын ичинде бир эле «Жамийла» повести немец тилинде 37 ирет басылып чыккандыгын жана ЮНЕСКО боюнча эң көп окулган чыгарма катары сыпатталат. Чет мамлекеттерде жазуучунун чыгармаларынын негизинде видео роликтер ар

дайым көрсөтүлүп тураарын белгилеп өтүштү” [17]. Ал эми азыркы учурдагы маалыматтар боюнча жазуучунун чыгармалары дүйнөнүн 191 тилине которулгандыгы жөнүндө маалымдалат.

Ч. Айтматовдун чыгармаларынын чет элдик окуу программасына киргизилишинин сыры эмнеде дегенде, анын чыгармаларындагы жалпы адамзатты ойлондурган, адамдын ички дүйнөсүнө бүлүк салган, “адамга эң кыйыны, күн сайын адам болуу” же болбосо “канткенде адам уулу адам болот” деген суроону койгондугунда жатат. Мунун өзү анын чыгармаларын логикалык жагынан бай, дайыма көңүл чордонунда адеп-ахлак, арууулук, тазалык, эмгекчилдик, патриоттуулук, гумандуулук, боорукердик, толеранттуулук башка адамдарга жакшылык кылуу сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтыган жана жаш муундарга таалим-тарбия бере ала турган чыгармалар экендигин билдирет.

Планетардык деңгээлдеги заманыбыздын залкар жазуучусу, улуу ойчул Ч. Айтматов чыгармаларында жалпы адамзаттык баалуулуктарга терең маани берүү менен тек гана өз өлкөсүнүн же болбосо тигил же бул улуттун маселелерине гана кайрылбастан, бүтүндөй планетаны сактап калуу деңгээлине чейинки көйгөйлүү маселелерди ортого койгондугун көрүүгө болот.

Ч. Айтматовдун планетардык деңгээлдеги чыгармалары дүйнө элдеринин жүрөгүнөн орун алгандыгынын далили катары жакында болуп өткөн жазуучунун 90 жылдыгына арналган маарекелердин дүйнөлүк деңгээлде белгиленгендигинен дагы бир жолу көрүүгө болот. Улуу ойчул жараткан чыгармалардын көөнөрбөстүгү жана азыркы учурда дагы актуалдуу экендиги жөнүндө дүйнө жүзүнүн алкагында президенттерден тартып ар улуттун жана ар тармактын өкүлдөрү, жазуучунун 90 жылдыгына арналган маарекелерде, илимий конференцияларда докладдар жана маектер аркылуу өз пикирлерин ортого салышты.

Президентибиз С.Ш. Жээнбеков: “Улуу жердешибиз улуттук гана руханий лидер болбостон, планетардык масштабдагы интеллектуалдык

элитанын, дүйнөлүк акылмандардын катарын толуктап турат. Айтматов мезгилдин руханий компасы катары дайыма келечекке жол багыттайт”, - деп пикирин билдирди [62, 4-б].

Азербайджан элинин президенти И. Алиев: “Ч. Айтматов өзүнүн таланты менен дүйнө элдерин бириктирди жана чыгармаларында адилеттүүлүктү чагылдырып бере алды” [93].

Н. Назарбаев: “Ч. Айтматов чыгармаларындагы жөнөкөй каармандарын философиялык бийиктикке көтөрө алды” [93]. Г. Банкова-Скарр: “Ч. Айтматовдун уникалдуулугу, анын адамдын ички дүйнөсүнүн түпкүрүндөгү терең сезимдерге чейин таасир бере алгандыгында” [93].

А. Бөрүбаев: “Ч. Айтматовдун түбөлүктүүлүгү бар, дагы сырлары чечиле элек, демек Айтматов изилденип бүтө элек”, - дейт [93].

А. Рыскулов Ч. Айтматов жөнүндө: “Чоң таланттын өмүр жолу өлчөлүү учурга багынбайт” [93].

Кытай окумуштуусу Цао Говэй Хуадун: “Айтматовдун темасынын чордону – Адам. Анын көздөгөнү бир окуяны айтып берүү, же персонаждардын тагдырын айтып берүү эмес. Ал ошол тагдырлар аркылуу философиялык жогорку деңгээлде адамдын касиети менен акылагын, адамгерчилигин, адамдыгы менен адалдыгын көрсөтүү” [145, 25-б].

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты К. Иманалиевдин Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференцияда сүйлөгөн сөзүндө улуу ойчулдун 12 кеменгерлиги жөнүндө айтылат. Ч. Айтматовдун бешинчи кеменгерлиги “географиялык чексиздик” деп аталып, жазуучунун планетардык деңгээлин баса белгилейт. “Чынгыз Айтматовдун чыгармалары Таластын Шекер айылынан башталып, …кыргыздын тоо-ташын аралап өтүп, …казактын улуу талаасын Сары-Өзөктү аралап, …Орусиянын унутта калган түндүк элдеринде Охот деңизинде, …Москвада Кремлде, Германиянын шаары Гейдельбергде, …океандын үстүндө, аягы келип космосто уланат. Айтматовдун чыгармаларында Азиянын тоо-талаалары менен Европанын шаарлары кошо

камтылган. Окуя бирде арабада өтсө, бирде поездде, бирде самолетто өтөт. Адамдан адамзатка, Бугу-Энеден Иисус Христоско, Шекспирден Космоско чейинки аралыкты камтый алган Айтматовдун кеменгерлигине дагы бир жолу тап бересиң. Чынгыз Айтматов планетардык масштабга жетишкен өзгөчөлүгү мына ушунда болсо керек”, – деп билдирди [69 ].

Улуттук илимдер академиясында 2018-жылдын 6-декабрында улуу жазуучу, даанышман ойчул Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун 90 жылдыгына арналган “Айтматовдун замандаштары: “Мен билген Айтматов” аттуу эскерүү жана “Айтматов окуулары – 2018” эл аралык илимий-практикалык конференция өттү. Конференцияда Ч. Айтматовдун чыгармаларынын кинодо, музыкада, театрда башкача айтканда адамдын турмушундагы орду жана улуу жазуучунун 90 жылдыгына арналып 34 китептин басмадан чыккандыгы ж.б. жөнүндө айтылды.

Улуу даанышман жана ойчул Ч. Айтматов адамдардын жашоо-турмушу, анын социалдык түйшүктөрү, дегеле адам кандай болуш керектиги, бул ааламдагы адамдын ордуна өзгөчө маани берип адам жана ааламдашуудагы көйгөйлөр жөнүндөгү ойлорду көркөм чыгармаларына сыйдыра алган. Ч. Айтматов жаман менен жакшыны, ак менен караны бала кезинен эле айырмалап таанып, кийин жазуучу чыгармаларын жаратууда өзгөчө адамга, анын жашоосуна жана аны курчап турган айланага өтө жогору маани берүү менен астейдил мамиле кылгандыгы анын ар бир чыгармасынан көрүнүп турат.

“Турмушта кездешкен оорчулуктар, кыйынчылыктар болочок жазуучуну жаш чагынан адеп-ахлактык көйгөйлөрдүн тегеретесинде ой калчоого түрткөн. Натыйжада анын жан-дүйнөсүн адеп-ахлак маселелери түйшөлткөн кыргыз залкарларынын бири болуусуна өбөлгөлөр кичине кезинен эле түзүлүп, бул түйшөлүү анын аң-сезиминде бала чагынан бери орун алып келген. Жамандык-жакшылык маселелери менен, адамгерчилик, акыйкаттык түшүнүктөрү менен, башкача айтканда таза аксиологиялык категориялар менен ал эң эле эрте бет келген” [60, 27-б].

Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын дагы бир өзгөчөлүк сыры, жазуучу чыгармаларын жаратууда улуттук мүнөз менен кошо жалпы адамзаттык проблемаларды айкалыштырып, планетардык ой жүгүртүүнүн деңгээлине көтөрүлүү менен окурмандарды түмөндүү ой түйшүгүнө сала ала тургандыгында экендигин көптөгөн окумуштуулар белгилешет. Улутубуздун сыймыгы болгон улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун чыгармаларында жалпы адамзаттык проблемалардын чагылдырылышын, Айтматовтаануучулар жана окумуштуулар А. Акматалиев, А. Муратов, Л. Үкүбаева, жаш муундарды тарбиялоо маселелери жана Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу мектеп окуучуларында адеп-ахлакты калыптандыруу боюнча макалалар, А. Алимбеков, Н.А. Асипова, Б.А. Асранкулова, баалуулуктар жана Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы жөнүндө илимий философиялык багытта жазылган макалалар, Т.К. Арзыбаев, З. Исакбаева, А. Жантаев, Г. Сатаева, Т. Турдугулов ж.б.

Илимий эмгектердин ичинен негизги фундаменталдуу эмгек Р. И. Курманходжаеванын “Ч. Айтматовдун педагогикалык көз карашы” аттуу докторлук диссертациясын кошууга болот. Бул диссертацияда жаш муундарды адеп-ахлакка тарбиялоо жана аларды калыптандыруу боюнча жазуучунун көз карашы илимий негизде иликтенет жана Ч. Айтматовдун жаш муундарды адеп-ахлакка тарбиялоо жаатындагы педагогикалык көз карашы: инсандын, атап айтканда баланын адеп-ахлагын калыптандыруу, адамдардагы боорукердик, мекенчилдикти улуттар арасындагы достук менен айкалыштыруу, жолдошчулук жана чогуу кызматташтык сезимдер, коомдук менчиктерге аяр мамиле кылуу, жаратылышты коргоого жана сүйүүгө тарбиялоо жөнүндөгү ойлорду өзүнө камтыйт [ 85, 134-б].

“Жазуучу эмне жөнүндө жазбасын анда жалпы адамзаттык проблемалар көтөрүлүп, ал жөнүндө ойлонуу маселеси азыркы күндүн адамдарынын алдына кырынан коюлат. Бул жөнүндө немис окумуштуусу Р. Шродер: “Кыргыз совет жазуучусу Ч. Айтматов өз өлкөсүнүн адабият айдыңына

улуттук деңгээлден чыгып адамзаттык деңгээлдеги маселелерди козгоо менен кирди", – деп пикирин билдирет" [120, 387-б].

Улуу ойчулдун чыгармаларында адам баласынын жашоосундагы башкы баалуулуктардын бири болгон гумандуулук адамкерчилик түшүнүгү менен үндөшүп турат. Ч. Айтматовдун повесттеринде жана романдарында каармандардын образы аркылуу ар бир жаш муундун, дегеле жалпы адам баласынын жүрөгүндө уят, намыс, гумандуулук, адамгерчилик, улууну сыйлоо, ыймандуулук, жаратылышка аяр мамиле кылуу, патриоттуулук сыяктуу жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктарды кабыл алуу сезимин ойготот деп айтууга болот.

Белгилүү филолог, Айтматовду изилдөөчү А. Акматалиев: "Гуманизм абстракттуу жоромол эмес, ал – конкреттүү көрүнүш. Демек, эркиндик, теңдик идеяларын, адамдардын ортосундагы адамгерчилик мамилени турмушка ашырууга болот. Адамдар жетесинде бирдей болуп жаралган соң, бардык нерселерге бирдей жооптуу. Бирок жооп кеч боло электе, адамзат акылга келип, ар бир адамдын нравалык жактан өркүндөшү жана гүлдөшү үчүн шарт түзүп берүү керек", – деп жазат [20, 63-б].

Адам баласы коомдогу болуп жаткан кыйраткыч күчтөрдү жеңе билип, ар дайым адамгерчиликти сактоого тырышып жашоого умтулса, ар бир адам, жаш муундар үчүн ар дайым үлгү болмок. Кеменгер жазуучу, улуу ойчул Ч. Айтматов гумандуулук жөнүндө: "Эгер ымансыздыктын жана айбанчылыктын кыйраткыч күчү алдында гуманизм духун бийик көтөрүүгө жана сактап калууга кудурет жетсе – адам ушул учурда гана өзүнүн адамдык наркын актаган болот. Бул бирден бир жол башка жолдун болушу түк мүмкүн эмес", - деп пикирин билдирет [9, 156-б ].

Илимдин ар түрдүү тармактарында улуу ачылыштардын жана ойлоп табуулардын доору болгон, кайра жаралуу доорунан бери эле адамдын адамдыгын сыйлоо, адамдын инсандыгын басынтууга каршы туруктуулук менен күрөшүү жана балдарды тарбиялоодогу гумандуу педагогика жөнүндө пикирлер айтылып келет. Кайра жаралуу доорунда башталган гумандуу

педагогикадан азыркы мезгилге чейин гумандуулук, адамкерчилик сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктар таалим-тарбия процессинде өз ордун таппай келет. Бул боюнча улуу калемгер: “Тилекке каршы мээнеткечтик, акпейилдик, пакизалык, ынсаптуулук сыяктуу адамда абалтан бери бaркталып келген касиеттер тарбиялоо ишинде, инсанды калыптандыруу маселесинде дайыма эле алдыңкы орунга чыгып, үстөм абалга жете албай келди”,-деп пикирин билдирет [9, 129-б].

Адам баласы канткенде адам деген ыйык атты алып жүрө ала тургандыгы, ал үчүн канчалык деңгээлде жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктарды алып жүрүүсү жана адамды тарбиялоо проблемаларына дегеле адам темасына жазуучунун бүтүндөй чыгармачылыгы арналып келет. “Адамды тарбиялоодо коюлган проблема Чыңгыз Айтматовдун эң алгачкы аңгемесинен тартып учурдагы аалам, космос, адам тууралуу жазылган үлкөн чыгармаларына чейин өз ичине камтыган. Айтматовдун чыгармалары менен таалим-тарбия билимдери өз ара тамырлаш, түгөйлөш дөөлөттөр экендиги адамзат маданиятынын тарыхы аркылуу таасын далилденген” [29, 362-б].

Улуу ойчул өзүнүн көркөм чыгармалары аркылуу улуттун гана эмес, жалпы адамзаттын муунун туура тарбиялоого зор салымын кошкон улуу педагог-дидакт катары эсте калды. “Айтматовдун түшүнүгүндө адам, анын жашоо тиричилиги эч нерсе менен алмаштырылгыс баалуулуктун системасы катары түбөлүк изилдөөнүн обьектисиндеги нерсе, мунсуз жашоонун өзү кунарсыз болгон сымал маданият, искусство тармактары дагы жашай албайт” [134, 189-б].

Ч. Айтматов чыгармаларында адамдын нарк насилин, абийирин, руханий баалуулуктарын жашоонун ар кандай агымында терең сынга коёт. Жазуучунун чыгармаларын аңдап окуган ар бир жаш муун жана болочок мугалим  ал чыгармалардагы адамдын жашоосундагы окуяларга маани бербей көңүл сыртында калтырып коё албайт. Биздин пикирибизче ак менен караны, же болбосо боорукердик менен зулумдукту, жакшы менен жаманды ажырата билүүгө жаш муундардын ички дүйнөсүнө толук жана курч таасир

бере ала турган жомоктон кийинки эле көркөм дөөлөттөрүбүздүн бири бул – Ч. Айтматовдун чыгармалары десек ашыкча болбос эле.

Окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору Н. Асипова “Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы таалим-тарбия маселелеринин чагылдырылышы” деген макаласында “Таалим-тарбия максатында жаздым же жазылды деп айтылбаганы улуу калемгердин дээрлик ар бир чыгармасында келечектеги муундардын социалдык, адеп-ахлактык, дегеле инсандык жактан калыптануусу жөнүндөгү ой-толгоолор, ал түгүл ачык эле көрсөтмөлөр берилген. Мисалы ата-эненин карым-катнашы (Ак кеме повести), мугалим менен окуучунун карым-катнашы, билимдин жаратуучулук касиети (Биринчи мугалим, Эрте жаздагы турналар) повесттеринде айдан ачык көрүнүп турат” деп жазат [34, 147-б] .

Кандай гана улут болбосун, кандай мамлекет болбосун, коомдогу кандай өзгөрүүлөр болсо да андагы бардык жетишкендиктер жана балдардын баалуулуктарга болгон мамилеси, мамлекеттеги окутуунун сапатынан жана окутуу предметине көз каранды экендиги байыртадан бери айтылып келет. “Эгерде таалим-тарбияны инсандын дүйнө таанымында, ойлоо багытында пейилинде, ишенген нарк-нускаларында кандайдыр бир өзгөрүш-өнүгүш жаратуучу дөөлөт катары карасак, анда Айтматовду мына ошол дөөлөттөрдү жаратууга, өнүктүрүүгө өлчөмсүз эмгек сиңирген XX кылымдын эң таасирдүү, эң улуу таалимчи педагогу деп айтууга толук негиз бар” [29, 362].

Улуу ойчулдун чыгармаларынын түпкүрүндө, адам турмушунун негизги көйгөйү болгон дүйнөдөгү жалпы адамзаттык көйгөйлөр мисалы, ар кандай күчтөрдүн таасири астында адамдардын бири-бири менен араздашууларынын тынчтык жолу менен чечилиши жөнүндө ойлор жатат. Жазуучудагы мындай ойдун түптөлүшүнүн артында сөссүз түрдө дүйнө элдеринин жашоосундагы эң орчундуу жалпы адамзаттык баалуулук катары сыпатталган тынчтыкта жашоо турат. “Айтматовдук гуманисттик философия боюнча адамдын тынчтыкта, бейкуттукта жашоосун камсыз кылуу–

адамзаттын ар дайым алдында турган кезектеги маселеси болушу керек” [140, 41-б].

Улуу муундагы жазуучуларыбыз, адабиятка жазуучу Айтматов гана келбестен аны менен бирге “Айтматов мектеби” да келди деген пикирлерин айтып келишет. Бул жөнүндө: “Менин пикирим, адабиятка тек жазуучу Айтматов гана келген жок, аны менен бирге жаңы мектеп – Айтматов мектеби келди. Ал чоң мектеп, анын тамыры да терең. Биз ал мектептен таалим ала турганыбызды ар качан мактаныч менен айтабыз”, – дейт казак жазуучусу жана драматургу Баккожо Мукаев [104]. Мына ушул тарбиялык мааниси терең керемет сөздөрдөн жана баалуулуктардан курулган “Айтматов мектеби” бүгүнкү күндө адабияттын чегинде гана изилденбестен, таалим-тарбия, педагогика багытындагы проблемалардын алкагында, болочок мугалимдерди даярдоодо, алардын өз алдынча ойлонуусун, дүйнөлүк жалпы адамзаттык баалуулуктар чегинде өнүктүрүү маселелерин актуалдаштырат. Бул максатта кошумча өнүктүрүүчү каражаттарды иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыгат. Анткени болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу багытындагы таасирлүү, баалуу каражат болуп саналат. Ушул багыттан алып караганда, өзгөчө ааламдашуунун убагында Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдерде деги эле жаш муундарда жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууну жогорку жана кесиптик орто окуу жайлардын билим берүү программаларына киргизүү, педагогика багытындагы атайын курстар түрүндө сабактардын айрым темаларына киргизүү зарылдыгы турат. Андыктан улуу ойчул Ч. Айтматов чыгармалары аркылуу берген таалим-тарбия жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы болочок мугалимдерди деги эле жаш муундарды калыптандырууда, аларга бекем таасир бере ала турган, алардын жан дүйнөсүн адамгерчиликке, гумандуулукка, жакшылыкка, боорукердикке, сабырдуулукка, аруулукка, үндөй алат десек жаңылышпайбыз.

Ушул өңүттөн алып караганда да өсүп келе жаткан жаш муундарды маалыматтык коомдо татыктуу тарбиялоодо келечек муундарыбыздын инсан катары өнүгүүсү туура багытта жүрөт. Учурда Кыргызстандын орто мектептеринде Ч. Айтматовдун чыгармаларын окуп үйрөнүүгө учурда мектеп программасында, атап айтканда, 5-класста “Ак кеме” повестинен үзүндү “Бугу эне” темасына 2саат, “Атадан калган туяк” аңгемесине 3 саат, 6-класста “Биринчи мугалим”повестине 5 саат, “Бетме-бет” повестине 5 саат, 7-класска “Эрте келген турналар” повестине 6 саат, 9-класста жазуучунун өмур баяны жана “Саманчынын жолу”, “Ак кеме” повестине 8 саат, ал эми 11-класста “Жамийла”, “Делбирим”, “Деңиз бойлоп жорткон ала дөбөт”, “Гүлсарат” жана “Кылым карытар бир күн” романына жалпы 20саат Ч. Айтматов-публицист. “Ысык көлдүн куту жана күнү”, “Бизди ойготкон китептер”(2) саат жалпы 22 саат жалпысынан бардык класстарга 51саат [133, 5-б], ал эми орто кесиптик-педагогикалык окуу жайларда ар бир чыгармасына 2 сааттан жалпысынан 10 саат өлчөмүнө чейин гана берилет. Андыктан Ч. Айтматов сыяктуу залкарлар жараткан көркөм дөөлөттөргө бир гана адабият багытындагы предметтер менен чектебестен, “педагогика”, “педагогикалык чеберчилик”, кошумча факультативдик сабактар аркылуу жана ар тараптан туура басым жасоо болочок мугалимдерди окуу-тарбия процессинде калыптандыруунун натыйжалуулугун көрсөтөт. Болочок мугалимдерге көрсөтмө максатында төмөндөгү баалуулук идеясы боюнча классификациялык картаны түзүүгө аракет кылдык.

**2.1-таблица. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы баалуулук идеясы боюнча түзүлгөн классификациялык карта**

| № | Ч. Айтматовдун чыгармалары: | Жалпы адамзаттык идеялары: |
|---|---|---|
| 1 | Ак кеме | Адамдын көз карандысыз жашоого татыктуулугу, анын эркиндиги жана баланын үмүтү; |
| 2 | Атадан калган | Турмуштук баалуулуктар: тынчтык, сабырдуулук; |

| | | |
|---|---|---|
| | туяк | |
| 3 | Ак жаан | Эмгек, сүйүү; |
| 4 | Бото көз | Чындыктын сулуулугу, боорукердик; |
| 5 | Бетме-бет | Адам абийири, уят, чынчылдык; |
| 6 | Биринчи мугалим | Гумандуулук, эркиндик –теңдик; |
| 7 | Гүлсарат | Гумандуулук, эмгек, сүйүү; |
| 8 | Деңиз бойлой жорткон ала дөбөт | Тукум улоочулук, үмүт, ыйман; |
| 9 | Жамийла | Сүйүү, эркиндик, бакыт; |
| 10 | Кызыл жоолук жалжалым | Сүйүү, үй-бүлө, каада-салт, адамгерчилик; |
| 11 | Кыямат | Диний ишеним, акыйкаттуулук, чындык; |
| 12 | Кылым карытаар бир күн | Эмгек, үй-бүлө, каада-салт, достук, тынчтык; |
| 13 | Саманчынын жолу | Тынчтык, сабырдуулук, адам өмүрү жана жашоосу, патриоттуулук, эненин улуулугу, эмгек, эрк; |
| 14 | Фудзиямадагы кадыр түн | Адеп-ахлак, гумандуулук, достук; |
| 15 | Тоолор кулаганда | Патриоттуулук, жаратылышка, мекенге болгон сүйүү. |
| 16 | Кассандра тамгасы | Тынчтык, акыйкаттуулук, чындык, |
| 17 | Түнкү сугат | Адам абийири, сүйүү, эмгек, чынчылдык. |
| 18 | Чыңгызхандын ак булуту | Ыйман, сүйүү, адамгерчилик, жакшылык. |
| 19 | Эрте жаздагы турналар | Эмгек, тынчтык, мээнеткечтик, баланын атага болгон сүйүүсү, ишеним. |
| 20 | Асма көпүрө | Жер байлыгы, адамгерчилик, боорукердик, сүйүү. |
| 21 | Балалыгым | Адам өмүрү жана улуттук баалуулуктар камтылган. |

| | | |
|---|---|---|
| 22 | Газетчик Дзюйо | Тынчтык, эркиндик жана көз карандысыздык. |
| 23 | Кайрылып куштар келгенче | Диний ишеним, үй-бүлө, адамгерчилик, эне тил. |
| 24 | Кызыл алма | Үй-бүлө, сүйүү, бала. |
| 25 | Аскада калган аңчынын ыйы | Достук, сүйүү. |
| 28 | Бахиана | Тынчтык, ыйман, диний ишеним. |
| 29 | Сократты эскерүү түнү | Боорукердик, каада-салт, достук, уят. |
| 30 | Манас атанын ак кар көк музу | Патриоттуулук, эмгекчилдик, тынчтык. |
| 31 | Улуу рухтун оодасы | Тынчтык, руханий баалуулуктар. |

Баалуулуктар боюнча түзүлгөн жогорудагы классификациялык карта көрсөтүп тургандай жазуучунун ар бир чыгармасында жалпы адамзаттык баалуулуктар чагылдырылат. Улуу ойчул Ч. Айтматов чыгармаларында чагылдырган ар бир жалпы адамзаттык баалуулук, чыгарманы окуп, талдоо жүргүзгөн ар бир болочок мугалим же болбосо деги эле жалпы жаш муун жана жалпы эле адамдар үчүн өзүнүн вазыйпасын аткарбай койбойт, башкача айтканда жазуучунун ар бир ой-туюмунан жаралган жалпы адамзатты бириктире турган, аларды келечекке багыттай турган жалпы адамзаттык баалуулуктардын бар экендигин көрөбүз.

Жазуучунун жогорудагы чыгармаларында көрсөтүлгөн жалпы адамзаттык баалуулуктар кайсы мезгил болсо дагы келечек муунга тарбия бере турган болочок мугалимдер үчүн өз кызматын тартуулап, жогорудагы баалуулук идеясы боюнча түзүлгөн классификациялык картада көсөтүлгөндөй жалпы адамзатык баалуулуктарга: гумандуулукка, мээнеткечтикке, Ата-журтту сүйүүгө, ыймандуулукка, акыйкаттыкка, абийир тазалыгына калыптануусу менен өзү таалим-тарбия берген келечек муунда

дагы ошол жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга карай багыт алат.

## 2.3. Ч. Айтматовдун "Фудзиямадагы кадыр түн", "Тоолор кулаганда", "Кассандра тамгасы", "Кыямат" чыгармаларында камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктарды анализдөө

Болочок мугалимдердин жогоруда белгиленген жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун кошумча жолдорун жана каражаттарын аныктоо маселеси Ч. Айтматовдун чыгармаларында адам темасына жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга айрыкча басым жасаганын контент-анализ методу аркылуу изилдөөгө түрткү болду.

Азыркы билим берүүдө жана гуманитардык илимдерди изилдөөдө кеңири таралган заманбап изилдөө методдордун бири болуп контент-анализ эсептелет. "Контент"– англис тилинен түзмө түз которгондо мазмун дегенди билдирет. Контент-анализ методу текстте чагылдырылган идеялардын мазмунун анализдөө менен объективдүү жыйынтыктарды алууга өбөлгө түзөт. Акыркы он жылда контент-анализ методу социалдык-гуманитардык илимдердин өкүлдөрү (тарыхчылар, психологдор, педагогдор, сүрөтчүлөр, тилчилер) тарабынан активдүү колдонулууда.

Биздин илимий изилдөөбүздө улуу ойчул Ч. Айтматовдун "Фудзиямадагы кадыр түн", "Тоолор кулаганда", "Кассандра тамгасы", "Кыямат"чыгармаларына контент-анализ методу менен автордун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышын, аларга карата мамиленин жыштыгын, башкача айтканда канчалык деңгээлде басымдуу экендигин көрүүгө болот.

Белгилеп кете турган нерсе, аталган чыгармалар боюнча биз башында айтып өткөндөй адабияттын деңгээлинде мурда дагы изилдөөлөр болуп келген, бирок илимий педагогиканын алкагында контент-анализ методу менен чыгармадагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга анализ жүргүзүлбөгөндүгү менен айырмаланат жана улуу жазуучунун

чыгармаларында камтылган жалпы адамзаттык баалуулуктарга илимий педагогикалык көз караштан изилдөөнүн жетишсиздигин тастыктайт.

Жазуучунун “Фудзиямадагы кадыр түн” чыгармасынын мазмунун алсак, “Ч. Айтматовдун чындыктан баш тартпаган каармандары окурмандардын аң-сезимине, жан дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн сээп, адамгерчиликтин нурларын күн шооласындай чачыратып, келечектин айкын жолуна чакырат” [20,36-б]. Адилдик, чынчылдык өңдүү жалпы адамзаттык баалуулуктарды өз канына бекем сиңирген мугалим Айша апа өзү окуткан балдарынын сезимине жакшылыктын үрөнүн септим деп бекем ишенген, тилекке каршы ошол чынчыл, ак-эдил мугалим окутуп, тарбиялаган балдардын ичинен бирөө, экөө гана чыныгы адамдык сапаттарды алып чыкпаса, аларда адамга тиешелүү болгон баалуулуктардын азайгандыгына, окуучулары менен болгон көп жылдан кийинки жолугушуусунда күбө болду: “Мен силерге аябай ишенчү элем. Силерди көрүп, ойлочу элем: эмгегим кайттыбы деп”, сыртыңардан кубанып медер-жөлөгүм ушулар деп жүрчү элем...мына эми минтип кабыргам кайышып, жаным катуу кейип отурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда?” [4, 491-б]. Ошондогу жаркыраган балдардын арасынан мугалимдин үмүтүн жандырган, адамдык баалуулуктарга эгедер саналуу балдардын ичинде Сабыр да бар болчу. Сабырды түйшөлтүп ойго салган нерсе адам баласы кантип чыныгы адам болот.

“Эзелтен чечилбеген улуу талаш,
Канткенде адам уулу адам болот?
Ураалап жоо кууса да ушул талаш,
Канткенде адам уулу адам уулу адам болот? деп түйшөлөт [4, 481-б].

Ооба, эзелтен бери эле бул дүйнөдөн нечендеген улуттар, канчалаган даанышмандар , ойчулдар, окумуштуулар, хандар, бектер өттү жана адамзат кандай гана алаамат согуштардын күбөсү болду, бирок тилекке каршы Сабыр суроо салган:

“Адамзат качан чечет, качан коет,-

Канткенде адам уулу адам болот?” - деген суроо, бүгүнкү учурга чейин чечилбей келет. Демек, адам өмүрүндө кандай гана кыйынчылыктар болбосун, кандай гана кайгы келбесин адамдык сапатты жоготпоо керек жана адам пендеси нечен түрдүү мүшкүлдөргө кабылбасын анын адамдык абийиринин таза бойдон сакталышы, кайсы  кылым, кайсы доор, кандай кызмат болсо да адамдын адам бойдон калуусу зарыл деген ойду туюнсак болот.

Айша апа окуткан классташтар, достор: Сабырдан башкасы Досберген, Осипбай, Мамбет, Исабек канча бир жылдардан кийин бийик тоонун чокусунан жолугушуп, алардын жашоосундагы урунттуу учурларды же купуя сырларын  бири-бирине жашырбай айтып берүүнү өтүнүшөт. Фудзиямада (Туу-Чокунун аталышы) эң купуя сырлар ачылып, өткөн кеткен эскерилип отуруп, акыры бир кезде алардын бардыгынын жан досу болгон Сабырдын тарагедиялуу тагдыры жөнүндө аңгеменин учугу уланды. Сабырдын башында мүшкүл иш турганда достордун көмөк, күч-кубат берип тирөөч, жөлөк болуунун ордуна кантип кара жанын ойлоп таштай качышкандыктары тууралуу көп жылдар бою катылган сыр Фудзиямада чечилди.

Досбергендин образы аркылуу автор: Досберген материалдык бейпилчиликтин түзүүчүсү, чет элдик делегациянын көзүнө жупуну көрүнгүсү келбегендиктен адам турмушундагы башка баалуулуктардан материалдык баалуулуктарды жогору коё тургандыгын белгилөө менен материалдык баалуулуктардын биринчи орунга чыгышын дүнүйөкорлук деп билдирет. Жазуучу бул жерден, адам баласынын өмүрүндө материалдык баалуулуктардан башка дагы толуп жаткан баалуулуктар бар экендигин, Досбергендин жолдошу Алмагүлдүн өз үйүн мебель магазинине окшоштургандыгы менен түшүндүрөт.

Чындык, боорукерлик, мээрмандыкты абстрактный гуманизм деп сындаган Осипбай Татаевич**:** “Көк асманга ысмым жалын менен жазыларын кудайдан тилейм! турмуштан күткөнүм, өз бактым үчүн шарт түзүү”. – деп

ымандай сырын айтат [4, 470-б]. Демек, бул адам мансап кууган, керт башынын гана кызыкчылыгын ойлогон, илимди каалагандай калчаган адам, ал үчүн жашоодогу чындык, боорукерлик, мээрмандык, гумандуулук, адилеттүүлүк, адеп-ахлак сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктар түккө да турбайт. Анын илимге жулунганы деле атак-даңк үчүн этеп бирдеме кылып диссертация жазымыш болуп тоону томкоруп салгансып дөөгөрсүгөн адамдын образын берет. Автор бул жерден илимди жазыш үчүн дагы адамда жалпы адамзаттык баалуулуктар: маңдай тер агызуу башкача айтканда **эмгекчилдик, адеп-ахлак**, жазган иши үчүн аны окуган адамдар жана келечек муун алдында терең жоопкерчилик болуусун тастыктап, тилекке каршы биздин коомдо болуп жаткан илимге карата терс көрүнүштөрдү Анвардын пикири аркылуу төмөндөгүчө билдирет: "Ой, арам-адал экенин ким текшерип жатыптыр, бүгүн керек деген темага шилтеп салсаң андан аркы ырыскы өзү эле келе бербейби..." [4, 466-б]. Илимди топ таштай ойноткон, керек болсо диссертацияны сатып алууга чейин даяр, адамзаттын жашоосундагы **абийир, тазалык, чындык, эмгекчилдик** деген баалуулуктарды унутуп койгон илимпоздор, тилекке каршы биздин замандан да чыкпай койгон жок.

Илимий иштердин сатылышы, илимге чыныгы таза мамиленин жоктугу учур көйгөйлөрүнүн бири экендиги жөнүндөгү ойлор, чыгарманы жараткан авторлордун көңүл чордонунан орун алат. Адам абийиринин тазаланышына илимдин, окуткан балдардын, коомчулуктун, журттун алдында жоопкерчиликти сезип, жаш муундарга таза үлгүнү көрсөтө алган, диссертациялык ишти жөн гана атак-даңк үчүн эмес, кичине болсо дагы ойдун учугун улай тургандай керек деңгээлде жазуу талабын купуя сунуш кылат. Чыгарманын каарманы Осипбай илимди эле ойнотпостон, ата-энеси койгон өз атын дагы Иосиф деп которуп алганга да жетишкен. Сабырдын "Канткенде адам уулу адам болот" деген ырына берген мүнөздөмөсүнөн:

"Менимче бул ырда маселе өтө абстрактуу коюлган.

Мезгилдин жышаанасы сезилбейт”, – деп окумуштуусунат, бирок чыныгы андагы ойду ондуу түшүнө албайт [4, 482-б].

Ч. Айтматов турмушта эң башкы баалуулуктарды мээрмандыкты, чындыкты баса белгилеп, алардын адам турмушундагы ордун, чыгармадагы жөнөкөй каармандарынын бири мектептеги тарых мугалими Мамбеттин образы аркылуу берет. Мамбет: “Керт башынын кызыкчылыгын көздөп, мансап кууп, илимди топ таштай ойноткон, боорукерликти абстракттуу гуманизм деген Осипбайлар жат мага, турмуштан көздөгөнүм мээрбандык, чындык, тарбиялаган балдарым жазуучу, илимпоз болушпаса мейли, абийирдүү адамдар болсо болду, андан артык максатым жок”, - дейт [4,68-б] Мамбеттин образынан убагында Сабыр досуна карата жаңылыштык кетирсе да, андан адамгерчиликтин бийик парасатын, турмуштагы көптөгөн баалуулуктарды көрүүгө жана келечек муундар алдында, мугалимдик кесибине кылган терең жоопкерчиликти сезүүгө болот. Бүт күчүн, бүт өмүрүн окуткан балдарга жумшаарын, тарых сабагын жөн гана согуштардын хронологиясы катары эмес, эзелтен берки турмуш мектеби экендигин үйрөтүүгө аракет кылат. Адам баласынын өткөн өмүрү, баскан жолу таразага түшөрү, келечек муундар үчүн мурас кылар үлгү барбы, азыркы жашообуз адалбы, акпы деген ойлор, өз ишин дайыма чын ыклас менен орундатууга аракет кылган Мамбетти коштойт. Мамбет үчүн мугалимдик кесиптин баалуулугу, жаш муундардын алдында жоопкерчиликтүү кесип экенин анын Айша апага карата айткан сөзүнөн бамдоого болот: “Айша апанын чачы күнгө агарган жок, ар бир тал чачында ар кимибиздин тагдырыбыз бар”, - дейт.

Жазуучу чыгармада гумандуулук жөнүндө: немец ойчулу, врач, Нобель сыйлыгынын лауреаты, 20-кылымдагы Европа маданияты жөнүндө көп ой жүгүрткөн, философ Альберт Швейцер өзүнүн музыкалык доорунан кечип, улгайганына карабай дарыгерликти үйрөнүп, Африкага барып ата-бабасы таанымаган адамдардын өмүрү үчүн күрөшөт деген Мамбеттин аңгемеси аркылуу таасын сүрөттөйт. Шаарда жашагысы келип, мансапка,

бийликке умтулган Мамбеттин жолдошу Анвар: сасыган класста бокмурун балдарды эле окутуп жүрө бересиңби деп жекирип, Мамбетти дагы Осиппайдай болсо деген ниетте, аны шаарга башка кызматка алып кетүү жөнүндө сөз козгойт. Буга жооп кылып, Мамбет:

"Мен жөнүндө кам жебей эле койгула, агайындар!

Иттин ээси болсо, карышкырдын кудайы бар..."- дейт [4, 480-б].

Улуу жазуучу жан дүйнөсүнүн байлыгы жок, демек, руханий баалуулуктарга эгедер эмес инсандар жөнүндө ойду Исабектин образы аркылуу ачык бере алган. Нары-бери тезек чампалагансып, тилди билбей, элдин үрп-адатын билбей туруп, бир окуп кала берүүчү, оригиналдуулугу жокко эсе, окурмандын жүрөгүнөн түнөк таба албаган, бир айда бирден маңызы жок китеп жазат деп билдирет. Таланты же ички дүйнөсүнүн байлыгы жок, эптеп бир деме жазымыш болуп, адабиятка илиниш үчүн, керек болсо досу Сабырдын талантына да көрө албастык кылып, ичи тарып ичинен тымызын ичи тарыганын билгизбейт. Досунун ырларын мактаганы менен өмүрүндө бир да жолу батынып ырлары жөнүндө чындыкты айта алаган эмес. Ал досуна ырларын сындоо ирээтинде: "Арамдыкты адамдык менен жеңе албайсың, согушту согуш жеңет", - дейт [4,486-б ]. Энесине топурак салбай калганына өкүнүп, мага кечирим жок, деп ыйлаган өмүрлүк жолдошу Гүлжанга энеси каза болгондо барбай койгону жөнүндө: "Адабиятка илинип каламбы деп кудайлап тургам..." өлгөн кемпирди тирилтип алмак белек, ошондо, анын үстүнө менин биринчи китебим чыккан атса, энең өлгөндө акча жибербедик беле", -деп оңурандайт.

Демек, Исабектин образы менен автор турмушта материалдык байлыктан, акчадан да өйдө *адамгерчилик, уят* деген баалуулуктар бар экендигин эскертет жана таланты же руханий байлыкка ээ эмес, эптеп тырмышкан графоманды сүрөттөйт. Бул чыгармада турмуштагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын бири болгон чыныгы достуктун баалуулугу жөнүндө да сөз болот. Ырлары эскини эңсегендик, саясий ката деп, досторунун саткынчылыгына туш болгон Сабырдын трагедиялуу тагдыры ар

бир окурманды ойго салбай койбойт. Бул жөнүндө окуянын катышуучусу Алмагүлдүн пикиринен баамдасак болот: “Эмне деген окуя, эмне деген шумдук...Эң ишенген жаныңдай көргөн досторуна жүрөк түпкүрүнөн чыккан сырын, жазган поемасын окуп берсе, силердин бул эмне кылганыңар?! “Киши колдуу” болот дешчү эле, көрсө “дос колдуу” да болот экен да”, -дейт [4, 465-б].

Улуу ойчул адам баласынын турмушундагы чыныгы баалуулуктар: адалдык, чынчылдык, достукка мамиле, адам абийиринин тазалыгы, адамгерчиликти Сабырдын ыры аркылуу:

“Колуна курал алып жоо тоспосо,

бир тууган агама да кол бербеймин”, - деп патриоттуулук жөнүндө да окурмандарга таберик калтырат. Чыгармада адам абийири эки жолу сынга түшүп, сындалат. Биринчиси Сабыр менен болгон окуяда достуктун мизи кайтарылып, достордун бирөө трагедиялуу тагдырга туш болгондо туш тарапка качып кетишкенде, экинчиси тоодон кулаган таш менен кыйылган адам өмүрүнүн күнөөкөрлөрү жоопкерчиликтен качып турушканда, жазуучу Осиппайдын сөзү менен төмөндөгүчө баяндайт: “Эмесе мындай... акылдын да, айланын да ток этер жери ушул... Баарыбыздын кызматыбыз, үй-жайыбыз, бала-чакабыз бар. Ошол үчүн жоопкерчиликти бирөөбүз моюнга алалы да калганыбызды доодон алыс кармайлы”.

Ооба, абийир таза болбосо кылган ишин бирөөгө шылтап коюп кете берген адамдар да аз эмес. Ошентип Туу-Чокунун башында адам абийирин ыйык туткан, кылган ишке жоопкер, адамзаттык баалуулуктарга эгедер Айша апанын үч окуучусу калды.

“Ыр мага ушул турушу менен кымбат [4, 482-б].

Бүткүл адам баласына орток ой” (Сабырдын ыры жөнүндө) деген пикиринен танбаган Мамбет жана Досберген, Алмагүл чынчылдыктын, жоопкерчиликтин жана адамгерчиликтин Туу-Чокусунда калышты.

Турмушта эмнени жакшы дейбиз, эмнени жаман дейбиз, мына ушуну адам баласы ажыратып билгенде, жан дүйнөсүнүн тазалыгын жана адам

напсисин бекем сактаганда гана адам уулу, адам боло алат. Напси – бул жапайы жылкы сыяктуу аны үйрөтүү кыйын деп айтылгандай адам напсисин тарбиялоо, адамдарда  жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу, каниеттүүлүктү тарбиялоо келечектин кечиктирилгис иши.

“Фудзиямадагы кадыр түн” чыгармасындагы жөнөкөй мугалим Мамбет, Айша апанын образынан деги эле Ч. Айтматов жараткан чыгармалар жана алардагы мугалимдердин образы, ал образдарды жараткан каармандардын баскан-турганы, сүйлөгөн сөзү, мезгилдин оор сыноолоруна карабастан ыйык мугалимдик милдетин терең жоопкерчилик менен аткаруусу, балдарга кылган мамилесинен  ар бир болочоктогу мугалим үчүн үлгү катары кызмат кылат. Улуу ойчулдун чыгармаларындагы мугалимдерден болочок мугалим, өзү үчүн баа жеткис көрөңгө, күл азык топтой алат. Болочок мугалим бул чыгармадагы мугалимдердин  образы аркылуу мугалим каармандардын ортосундагы гумандуулук, боорукердик, чынчылдык, адилеттүүлүк, мээнеткечтик, мекенин жана балдарды сүйүү, ыймандуулук, чыдамкайлык, атуулдук ариет, сабырдуулук сыяктуу баалуу сапаттарды өзүнө сиңирүү менен кийинки келечек муундарга таалим-тарбия берүүдө жана билим менен катар алардагы баалуулуктарды калыптандырууда кенен мүмкүнчүлүк ала алат.

Изилдөөнүн милдетине ылайык төмөндө чыгарманын мазмунун анализдөө менен андагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын кайталануу жыштыгын аныктоодо алардын чыгармада канчалык деңгээлде кайталангандыгын төмөндөгү диаграммада берилди.

**“Фудзиямадагы кадыр” түн чыгармасынын мазмунуна карата контент-анализдин жыйынтыгы.**




**2.1-сүрөт – “Фудзиямадагы кадыр” түн чыгармасындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын кайталануу жыштыгы.**

Жогоруда тексттин мазмунундагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын басымдуу кайталанышына анализ жасаганга аракет кылдык, анализдин жыйынтыгында кайталануу жыштыгы боюнча биз жалпы адамзаттык баалуулук деп тааныган адам абийири, тазалыгы, диаграммада көрүп тургандай – 27 жолу кездешүүсү менен чыгарманын өзөктүү бөлүгүн түзүп турат. Текстке жасалган контент-анализдин жыйынтыгында, бул метод аркылуу сөздөрдүн кайталануу жыштыгы аркылуу чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктарга канчалык деңгээлде басым жасалганын көрүүгө болот.

Биз жалпы адамзаттык баалуулуктар алкагында анализдей турган жазуучунун кийинки чыгармасы **“Кыямат” романы.** Ч. Айтматов бүтүндөй планетардык деңгээлдеги боло турган глобалдык мүшкүлдөрдү адам баласына (наркомания), өзгөчө жаш муундарга, эскертүү катары **“Кыямат”** романында чеберчилик менен сүрөттөгөн.

Чыгармада Авдий Каллистратовдун образы аркылуу адамдарга жакшылык кылуу, чындыктан жалтанбоо, ички дүйнөсүнүн эркиндиги, Базарбайдын образы менен адамдын пейил-ниети, адам өмүрүн кор кыла турган жаман жорук-жосундар сүрөттөлөт. Романда камтылган "Жетинин бири" аңгемесинде граждандык согуш акыр аягы жакшы нерселерге алып келбестиги, адам өмүрүнүн баасы, анын канчалык бийик тураары жөнүндө айтылат жана тынчтык, акыйкаттык, адамгерчилик, абийир сыяктуу жалпы адамзаттык проблемалар көтөрүлгөн. "Дүйнөдө өмүрдөн артык, өмүрдөн бийик чен жок экенин, ошон үчүн бирөөнү өлтүрүүдөн кач, бирок да эгер душман жеринди тепсеп кирип келатса, каруунду казык, башынды токмок кылып коргош парз экенин ойлоп көргөнсүңбү", - дейт [6, 46-б]. Бул жерде адам өмүрүндөгү дагы бир жалпы адамзаттык баалуулук, адамдын мекенине карата сүйүүсү жана патриоттуулук сезимдин күчтүү болушун көрсөтүү менен жаш муундарды тарбиялоодо өмүрдүн баалуулугу, бирөөнүн өмүрүнө залал келтирбөөсү керектиги, бирок эгерде ата-журтка коркунуч келсе, патриоттуулук сезимдерди ойготуп ата-журтту коргоо керектиги жөнүндө аларга осуят айтылганы көрүнүп турат.

Чыгармада Авдий Каллистратов наркоманиянын жаштар арасында тарап жатышынын себептери эмнеде экенин изилдеп, социалдык, үй-бүлөлүк же психологиялык себеп болуп жатабы деген ойдон, аларды кантип оң жолго салып жардам берүү керектиги жөнүндө көп ойлонот. Автор романда А. Каллистратовдун образы аркылуу адалдык менен актыкты адамдарга жеткириш улуу иш экенин, адам өзүнүн жашоосунда адамдарга жакшылык кылуу касиетине эгедер альтруист болуусу керек экениндиги жөнүндөгү ойлорду айтат.

"Ар бир адамдын алдында кече, бүгүн, эртең да боло келген түбөлүктүү маселе турат – адам болуу керек, аны унутуп коёбуз. Тарых ушундан курулат. Мына, биз азыр каякка баратабыз, турмуштун кайсы улуу максаты үчүн адамдар өзүнө жана өзгөлөргө уу издеп шимшилеп жүрөт, ушуга түрткө зарурат эмне, өзүнөн өзү кечкен бул алаамат айлампадан адамдар эмне

тапмак?" - деген суроолорду коёт [6,102-б]. Бул жерден жазуучунун каңырыгы түтөп, жаш муундарды адамды тирүүлөй акылынан ажырата турган уу чөптөн алыс болушса деп жана ага кооптонуу менен мамиле кылуу керек экендиги жөнүндө чакырыктарды туюга болот. Улуу ойчулду улут келечегинин киийинки тагдыры тынчсыздандырган, келеркини көрүп билген көсөмдүгүнөн улам Батыштын таасири Россия, Орто Азия анын ичинде кыргыз жаштарына да тийип калбаса экен деп тынчсыздаганындай эле нарко оорусу бүгүнкү күндө биздин элге да келип жеткендиги маалым. Бүткүл дүйнөлүк Бириккен улуттар уюмунун 2017-жылдагы маалыматы боюнча дүйнө жүзү боюнча баңги затын колдонуучулардын саны 250 млн кишиге жеткен [109]. Россиянын маалыматы боюнча баңги затын колдонуучулардын саны 18 млн кишиге жеткен, 8 млн дайыма колдонгондор, алардын ичинен 60% ин жаштар түзөт [131]. Ал эми Кыргызстандын аймагында 2018-жылдагы маалымат боюнча баңги затын колдонуучулардын саны 8,5 миң киши расмий каттоодон өткөн [130]. Бирок бизди өкүндүргөнү бүгүнкү күндөгү жаштар арасындагы баңги заттардан көз каранды жарандардын такталбаган жашыруун саны болуп жатат. Мына ушул өңүттөгү көйгөйлөрдүн келип чыгышына кантип бөгөт коё алабыз, бул өтө курч маселе, бирок ошондой болсо да генофонддун бузулушун, ар бир үй-бүлөнүн, өзгөчө энелердин көз жашын болтурбоону жана толук кандуу мамлекет болушубуз үчүн, руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктарды, жалпылап айтканда жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктарды мамлекеттин ар бир жаш атуулуна кичинесинен баштап педагогдор, ата-энелер менен бирдикте баалуулуктарга ширетилген кечиктирилгис тарбия иштерин жүргүзүүнүн жөнү бар. Эгерде көпчүлүк адамдардын жүрөгүндө акыйкаттык менен патриоттук сезимдер жашаса, эли, жери үчүн улуу жоопкерчиликти сезсе, башкаларды ирээнжиткен терс сапаттардан, жорук-жосундардан алыс болсо ар бир адам адамдык атын актаган болор эле. Эмне үчүн биз жалпы адамзаттык көйгөй деп жатабыз. Мунун себеби Батыштан башталса аягы Кыргызстанга чейин дүйнөлүк масштабка жеткендигинде болуп жатат.

Кыргызстанда проблемалар болбош үчүн бүткүл дүйнө жүзүндө да ал проблема болбошу керек.

Ч. Айтматовдун “Кыямат” романы жөнүндө көптөгөн окумуштуулар тарабынан иликтенип жазуучу улуттук денгээлден көтөрүлүп дүйнөлүк масштабка чыккандыгы жөнүндө айтылат. Бул романда, ошол эле дүйнө жүзүндө болуп жаткан экология, наркомания, диндеги догмалар сыяктуу көйгөйлөрдүн жана адам абийиринин аксашынын трагедиясы сүрөттөлүп, мунун баарын улуу ойчулдун алдын ала көрө билүү менен, мындан сак болууну эскертет. Кыямат романындагы дин маселесин ала турган болсок, автор дүйнөдө бардык диндердин вазыйпасы бирдей кызмат аткарса, ар кандай өздүк эрежелерге баш ийбестен бөлүнбөстөн, алардын милдети – адамдарга жакшылык кылууга далалат кылуу менен башталса деген ойду айтат. Улуу ойчул баамдагандай эле учурда диний догмалардан жана секталардан адамдын башы адашкан учурлар жок эмес, мындай нерселерге биздин жаштар арасында кызыгууларды жаратпай койгон жок.

Чыгармада Авдий Каллистратовду нарко бизнестин бетин ачуу максаты менен алыс сапарга аттангандыгы жана чыгармадагы каармандардын бири Леша сыяктуу жаш өспүрүмдөрдү наркоманиянын уу чеңгээлинен сууруп чыксам, адамдарга жакшылык кылсам деген ички багыты баяндалат. Бул роман жаш муундардын, анын ичинде келечекте мугалим боло турган педагогикалык кадрлардын туура жолго багыт алуусу үчүн канча жылдар өтсө дагы талбай кызмат кыла беришинде кымындай дагы күмөнүбүз жок.

Изилдөөнүн милдетине ылайык чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктарды чагылдыруучу жана улам кайталанып турган сөздөрдүн тизмеги төмөндө берилди.

**“Кыямат” романынын мазмунуна карата контент-анализдин жыйынтыгы.**




**2.2-сүрөт – “Кыямат” романындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын жыштыгы.**

Жогоруда тексттин мазмунундагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын басымдуу кайталанышына анализ жасаганга аракет кылдык, анализдин жыйынтыгында кайталануу жыштыгы боюнча “Диний ишеним” – 77 , жазуучунун адам өмүрү жана жашоосуна карата ой толгоолору – 63, сүйүү- 33, адамдарга жакшылык жасоо, ак пейилдик жана акыйкаттуулук, адилеттүүлүк – 23, боорукердик, мээримдүүлүк – 21, адам абийири, тазалыгы, уяты – 17, эркиндик – 16, ыймандуулук – 13 жолу кездешет.

Текстке карата жүргүзүлгөн контент-анализдин жыйынтыгында, бул метод аркылуу сөздөрдүн кайталануу жыштыгы аркылуу чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктарга канчалык деңгээлде басым жасалганын көрүүгө болот.

Ч. Айтматовдун жалпы адамзаттык баалуулуктарга байланыштуу чыгармаларынын орчундуулары катары роман – эскертүү деген ат менен белгилүү болгон жазуучунун **“Кассандра тамгасы”романы** дүйнө жүзүндөгү адамдарды туткан динине, өңү-түсүнө карабастан бириктирүүнү, башкача айтканда баалуулуктардын жалпы адамзаттын тарыхында дүйнөлүк деңгээлде ордун табууну көздөйт.

Учурдагы илимий-техникалык жетишкендиктер адам турмушунда технократтык мамиленин үстөмдүгү күч алышы менен жалпы адамзатка тиешелүү болгон гумандуулук, акыйкаттык, боорукердик, ыймандуулук, жакшылык сыяктуу баалуулуктардын деми акырындан тартыла баштаганын баамдаган улуу жазуучу адамдардын учурдагы жана келечек тагдырынын табышмактуу сырын ал өзүнүн “Кассандра тамгасы” романында ачып берүүнү максат кылган. Романдагы мурдагы илимпоз Андрей Крыльцов кийинчерээк космос монахы аталган Филофей, футуролог Роберт Борк, Руна Лопатина, Энтони Юнгер, Оливер Ордок сыяктуу көп улуттун өкүлдөрүнөн турган кейипкерлердин тагдыры, алардын жасаган иштери, турмушта алган орду, ар бир ишке акыл тыянактары жана дүйнөнүн өлкөлөрүндө болуп жаткан диндик жана саясий кагылышуулардын адамдардын тагдырына кедергисин тийгизүүсүн баса белгилөө аркылуу Ч. Айтматов ааламдагы эң чоң көйгөйлөрдү ачып көрсөтүүгө аракет кылган. Ч. Айтматовдун “Кассандра тамгасы” романы учурдагы көйгөйлөр, адамдардын жашоосундагы жосунсуз иш-аракеттер туура багытта чечилбесе, анда ал келечектеги кыйроолорго алып келерин алдына ала эскерткен.

Педагогикалык көз караштан алып караган учурда жаман менен жакшынын, кара өзгөйлүк менен боорукердиктин, кара санатайлык менен ак ниеттүүлүктүн, зулумдук менен айкөлдүктүн, ак менен каранын ортосундагы, чынчылдык менен көз боёмоочулуктун ортосундагы ажырымды жаш муундарга дыкат, жетик ажыратып берүү жана алардын дүйнө жүзүндөгү жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон мамилесин калыптандыруу дүйнөлүк деңгээлдеги катастрофаны болтурбай коюунун

бирден бир жолу деп белгилөөгө болот. Ч. Айтматов «Кассандра тамгасы» романында адамзат проблемасын, учурдагы адамдардын анын ичинде түйүлдүк баштаган жаш жеткинчектерден өйдө алардын ааламдашунун учурундагы келечекке карай жолу кандайча уланып жаткандыгы жөнүндө маселелерди өтө тынчсыздануу менен козгойт. Романда жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктар планетардык деңгээлге чейин көтөрүлгөн. Жазуучунун планетардык деңгээлге көтөрүлүүсү, романдагы каармандары дүйнөнүн ар түркүн жерлеринен (Россия, Батыш Европа, Америка Кошмо Штаттары, ж.б.) тартып, космоско чейин камтылып, алардын расасы, туткан дини, тилине карабастан, алардын жөн гана адамдык парасаттарынан, жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон мамилесинен ачык, так сүрөттөлөт.

Чыгармадагы космос монахы аталган Филофейдин илимий ачылышы – космостон тапкыч нур жиберүү менен курсактагы түйүлдүктүн келечек жашоого карата мамилесин аныктоо үчүн уюштурулган экспериментинде кээ бир түйүлдүктөр төрөлүүдөн баш тартышаары жөнүндө маалым болот. Эмне үчүн дегенде, адам жаман менен жакшыны ажыратып тааный албай калуу мезгили келип, алмустактан бери келе жаткан ак менен каранын кагылышынан каранын карааны опол тоодой болуп, актын карааны көзгө илээшпей калганынан жана адам турмушундагы баалуулуктардын түп тамырынан бери өзгөрүп бара жаткандыгынан кабар берет.Адамзат жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды аздектебей, жакшы эмне, жаман эмне деп ойлонбостон, жүрүш-туруш нормаларынан аша чаап, өзүнө жана өзүнөн кийинки тукумуна чейин жетерлик жамандыктарды, ыплас иштерди жасап келген болсо, күнөөлөр үйүлүп-жыйылып отуруп өз тукумун өзү ууландырып, ошол укум-тукумдан жыйналып келген уу эмбрионго берилип, ал белги бере баштайт.

“Кассандранын белгиси ыплас да эмес, уят да эмес, ал муундан муунга топтолуп отуруп, биздин өзүбүздө жыйналып калган жамандык арампөштүк жөнүндө эскертип жаткан кассандро-эмбриондун реакциясы – жообу.

Акыр кыямат биздин өзүбүздө жашырынып жатат – бул тамга бизге мына ушуну билдирет" [8, 215-б].

Космос кечили Филофейдин кайрылуусу аркылуу жердеги адам баласы бул белгилерге маани берип алардын чакырыктарына кулак төшөп жыйынтык чыгаруусу зарыл деп эсептейт жана адеп-ахлак баалуулуктарынын адамдын турмушунда орду чоң экенин көрсөтөт. "Адам түбөлүктүүлүктү укумдан тукумга узартып олтурушу тийиш, анын жападан жалгыз жолу – адеп-ахлак жактан өзүн-өзү өркүндөтүү" [8, 38-б]. Демек, түйүлдүктөр аркылуу жасалган чакырыктардын маанисин түшүнө билсек биз тынчысызданып жаткан кыямат-кайымды болтурбай коюунун жолу – адамга тапшырылган улуу вазийпаларды туура аткара билүү жана адеп-ахлак жактан өркүндөө, башкача айтканда, баалуулуктарды адам дайым өз жолу менен алып жүрө турган болсо адам адашпаган болор эле. "Адамда түбөлүктүүлүктүн түгөнгүс кыймылын камтыган акыл артыкчылыгы берилген, эгер ал жашоосун улантам десе, эгер адам цивилизациянын туу чокусуна жетем десе, анда ал өзүндөгү жамандыкты жеңиши зарыл" [8, 31-б]. Адамдын турмушунда жамандыктын көбөйүп баратканын футуролог Роберт Борктун ой жүгүртүүсү аркылуу таасын чагылдырылат. Аталган романда адамдар жалпы адамзаттык баалуулуктардан ажырап, дүйнө жүзүндө адамдар арасында тирешүүлөр жаралып, адам адамды өлтүрүүнү адат кылып алганда, дүйнө жүзүн топон-суу каптап, кыямат-кайымдын күтүлүшүн айлана-тегеректеги жан-жаныбарлар, алардын арасында эң биринчилерден болуп киттер боолголоп, мындай шумдукка чыдай албай өз жандарын өзү кыя баштайт. "Жакшылык дайыма тартыш, жамандык дайыма ашып-ташып, дайыма төгүлүп турат. Биздин кайсы бир жерибизде, биздин стихиябызда бүлгүн кыйрап-уроо, адеп-ахлактын бузулушу жүруп жатат, ошол урандынын алдынан жамандык менен коркунучтун көзгө көрүнбөс радиациясы дүйнөгө таралууда, тириликтин гармониясы ыдыроодо, мына ошондо киттер да дакат бере алышпай, өз жандарын өздөрү кыят" [8, 57-б]. Качандыр бир кезде илим менен техниканын жетишкендигине таянып

адамды лабораториялык жол менен жасоого бел байлаган, чыгармадагы илимпоз, кийин космос кечили атанган Андрей Крыльцов, адеп-ахлактын чегин көрсөткөн Руна Лопатина менен жолугушуудан кийин өзүнүн өткөн өмүрүнө сарсеп салууга мажбур болот.

Ал бул өмүрдө таш боордук, илимде атак-даңк көксөөчүлүктөн башка дагы жалпы адамдарга тиешелүү жалпы адамзаттык баалуулуктардын бар экендигин унутуп койгондугуна өкүнүү менен төмөнкүчө оюн билдирет. “Адеп-ахлактын чегинен алыс чыккан, адам баласы үчүн коркунучтуу ишке алды-артымды карабай киришип кеткендигимди мен анда ойлогон эмесмин”. Улуу даанышман Ч. Айтматов өзүнүн бул чыгармасында өлкөдө болуп жаткан шайлоолор, шайлоонун шайтан оюндарын чагылдыруу менен Американын президенттигине талапкер Оливер Ордоктун образы аркылуу дегеле адамдарга кара өзгөйлүк сапат кайдан келген, бийлик, байлык, мансап үчүн керек болсо, кечөө эле телефондон экөөнүн ортосунда гана кала турган сөздөрдү жай аңгемелешкен адамыңды курмандыкка чалууга даяр болуп калышкан адамдардын абийирсиз кадамы жөнүндө түйшөлүп ойго батат.

Ч. Айтматов: “Тилекке каршы соңку жылдарда кандайча болду, айрым бирөөлөр ыймандык ноктосун үзүп таптакыр эле абийирин жоготуп коюшту. Ал эми адамдын нарк-насили качан гана ал абийири менен жашап, анын жорук жосунуна кимдир бирөө эмес, өз ыйманы, жан-теңи менен бүткөн ички адилет соту жол көрсөтүп турганда гана көрүнөт эмеспи”, – дейт [9, 210-б].

Ч. Айтматов аталган романында адеп-ахлак, адамгерчилик, ыймандуулук сыяктуу баалуулуктар менен бирге жалпы адамзатка тиешелүү болгон баалуулуктардын бири **диний ишенимди** чыгармадагы башкы каарман Филофейдин Рим папасына кайрылуусу аркылуу чыгармада таасын чагылдырылат. “Менин түшүнүгүмдө кандай дин болбосун, асман ар түркүн парандалар оболоп учуу үчүн мейкиндик болуп кызмат кылган сыяктуу, ар түркүн үндөрдүн үн алышып жаңырышы үчүн кызмат кылат”. Чыгармада жазуучу футуролог Роберт Борктун образы аркылуу дүйнө жүзүндөгү ар бир

адам баардык динди бирок сектанттык эмес, обочолонбогон жалпы диндик нормаларды күтүнүүгө эрктүү болсо, адамдар ортосунда тымызын жана ачык диний кагылышуулар болмок эмес деген оюн айтат.

Педагогикалык мерчемден алып караганда романды тыкыр окуган учурдагы ар бир жаш муун бүгүнкү күндө абдан көйгөйлүү маселеге айланып жаткан диндик адашуулардан, башкача айтканда фундаменталисттик исламдан, секталардан алыс болуп, динди мунуку тигиники деп бөлүштүрбөй, улуу ойчул сунуштагандай кудай баарыбыздын жүрөгүбүздө, ал эми ошол диндин негизги бөлүгүн түзгөн жалпы жүрүм-турум эрежелери, башкача айтканда жалпы адамзаттык баалуулуктар ар улуттун өкүлдөрү, бүт дүйнө жүзүндөгү адамдар үчүн бирдей мааниге ээ болуу менен социалдык карым-катнаштарды жөнгө салуучу кызмат аткарат деген ишеним туулат.“Кассандра тамгасы” жалпы адамзат жөнүндө бүгүнкү күндөн калбай ойлонууга жана андан жыйынтык чыгарууга милдеттендирет.

Коом кандай бурулуштарга туш келбесин адамдар үчүн олуттуу, өтө жогорку жана туура деп эсептелген адеп-ахлактык жана этикалык жүрүш-туруш принциптерин башкача айтканда жалпы адамзаттык баалулуктарды сактап кала алсак жана аларды укумдан тукумга туура өткөрүүдө ар бир адам өз салымын кошо ала турган болсо алдыда боло турган кыйроолордун алдын алууга болот деген ойду каймана түрдө айтылган космос кечили Филофейдин оюнан баамдасак болот. “Менин милдетим адамзаттын көңүлүн кыйроодон кутулуп кетүү мүмкүнчүлүгүндө, ал гана турсун, эволюциянын жаңы баскычына өтүү мүмкүнчүлүгүнө буруу эле. Анын жолу бирөө гана – кассандро-эмбриондордун эсхаталогиялык белгилерине кулак төшөө жана жалпы жонунан коомду жана анын ичинен биздин ар бирибизди өркүндөтүү зарылчылыгы жөнүндө тыянак чыгаруу” [8, 212-б].

Жазуучу чыгарманын башында колдонгон грек мифологиясындагы Кассандранын көзү ачыктыгына эч ким ишенбей койгон сыяктуу, чыгармадагы башкы каарман космос кечили атанган, мурдагы окумуштуу А. Крыльцов дагы өз чындыгына жердеги адамдарды ишендире албай, өз өмүрү

менен кош айтышып космос мейкиндигине боюн таштайт. Окумуштуулар роман – эскертүү деп баа бергендей космостон жасалган эскертүүдөн жердеги адамзат керектүү тыянак чыгаруусу зарыл. “Эгер Филофейдин ачылышынын таасири астында адам баласынын менталитети өзгөрсө, эгер адамзат пендеси дайыма эмбриондордун берген белгисине кулак түрүп, өзүнө башкача караган болсо, анда индивиддин өзүн терс жагынан көрсөтүүгө ыңгайлашкандыгы азаят” [8, 180-б ].

Демек, улуу ойчул өзүнүн бул чыгармасында окурмандарга адамдар кассандро-эмбриондордон дароо эле кутулуунун амалын көздөп же тагдырына нааразы болуп отуруп калбай, келечек муундардын тагдыры үчүн өзү менен өзү аёосуз күрөшүп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер адам болуп чыга келсе, өзүндөгү жамандыкты тып-тыйпыл кылып жеңе билсе, жаңы төрөлгөн кассандро белгиси бар индивид дагы анын тукумдан берилген кемтигин калыбына келтирүүчү, аны жоюучу чөйрөгө туш болсо, жамандыктын өнүгүшү үчүн эч кандай күч жумшоого талап кылынбайт деп билдирет. Ошол эле учурда ата-эне, коомчулук менен бирге мугалимдик тарбия дагы кассандро-эмбриондору төрөлгөн учурда дагы аны оңдоого, аларга баалуулуктарды сиңирип, тарбиянын тазасын, ыймандын башатын берүүгө умтулуусу керек. Улуу ойчул Ч. Айтматов белгиси бар эмбриондорду өлтүрүүнү максат кылбастан, ал белгини болтурбоо үчүн жалпы адамзат жамандыктын жамандыкка эмес, жамандыктын жакшылыкkка алмашуусун максат кылат.

Изилдөөнүн милдетине ылайык чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктарды чагылдыруучу жана улам кайталанып турган сөздөрдүн тизмеги төмөндө берилди.

**“Кассандра тамгасы” романынын мазмунундагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата контент-анализдин жыйынтыгы.**




**2.3-сүрөт – “Кассандра тамгасы” романындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын жыштыгы.**

Жогоруда тексттин мазмунундагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын басымдуу кайталанышына анализ жасаганга аракет кылдык, анализдин жыйынтыгында кайталануу жыштыгы боюнча биз жалпы адамзаттык баалуулук деп тааныган “Диний ишеним” – 76, жазуучунун адам өмүрү жана жашоосуна карата ой толгоолору – 71, адилеттүүлүк – 11, боорукердик, мээримдүүлүк – 15, адам абийири, тазалыгы, чындык – 34, эркиндик – 24, ыймандуулук – 24; Текстке жасалган контент-анализдин жыйынтыгында, бул метод аркылуу сөздөрдүн кайталануу жыштыгы аркылуу чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктарга канчалык деңгээлде басым жасалганын көрүүгө болот.

Улуу ойчулдун роман-эскертүү деген ат менен белгилүү болгон жазуучунун **“Кассандра тамгасын”** улай “**Тоолор кулаганда” романы**

жазуучунун акыркы чыгармасы катары бизге белгилүү. Адамзат коомунун өсүшүнүн белгилүү бир баскычы болгон базар экономикасынын пайда болушу менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын өзгөрүшүн Ч. Айтматов "Тоолор кулаганда" романында да кеңири чагылдырат. Коом өнүккөн сайын адамдардын кулк-мүнөзү, аң-сезими да кошо өзгөрүлөөрү жана рухий баалуулуктардын четке сүрүлүшү романдагы каармандардын образы аркылуу ачык көрсөтүлгөн. Жазуучу өзүнүн чыгармасында базар экономикасы менен кошо адамдардын пейили, нарк-насили, ички баалуулуктары кошо бузулуп, баары тең акчага сатыла баштаганын жана базар экономикасынын карапайым элден тартып мөңгүлөрдүн арасындагы илбээсиндерге чейин жеткендиги таасын сүрөттөйт.

Улуу ойчул белгилегендей эле учурдагы ааламдашуунун алкагында жогорудагыдай руханий баалуулуктардын четке сүрүлүшүнөн улам жаш муундардын жана келечекти тарбиялоо, калыптандыруу милдети ыйгарылган өзгөчө болочок мугалимдердин дүйнө таануусуна, социалдык жактан калыптануусунда, өсүп-өнүгүшүндө жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасоо зарылдыгын көрсөтүүдө. Баалуулуктар алмашкан доордо коомдогу экономикалык жаңы мамилелердин орношу, кеңири кулачын жайган интернет булактарынын таасири астында калган, мектеп тарбиясын ала турган болсок, өспүрүмдөрдүн гана эмес олуттуу өзгөрүүлөр башталгыч класстын окуучуларына да мүнөздүү болуп келүүдө. Мындай көрүнүштөр мектеп эле эмес жөнөкөй калың элди дагы аралап кеткенин автор ыкчам баамдаганын жазуучунун төмөндөгү ой-пикиринен ачык көрүнөт. Улуу ойчул, учурдагы базар экономикасынын жөнөкөй айыл элинен баштап, алыскы кар баскан тоолордун арасында жашаган илбирстерге чейин жеткендиги жөнүндө ой толготот.

Ата-бабалардын алмустактан бери келе жаткан каада-салты, жеке улутка же бүтүндөй урууга тиешелүү мыйзамдары болот эмеспи. Мына ушундай жеке мыйзамдардын бири Үзөңгү тоолорунда сейрек кездешкен ата-бабалар үчүн ыйык деп эсептелген жолборсторго кол тийгизбөө идеясы

менен берилет. Чыгармадагы базар экономикасынын сүрөттөлүшү чыгармада мындайча берилет: “Араб коноктордон, тагыраак айтканда, ак илбирстерден ушунча акча түшкөнү турат, анткени – ал да болуп көрбөгөн иш – жырткычтар эми базардык айлампага кирди: бул жерде ак илбирстер болбогондо бу коноктор анча акчаны эмнеге чачмак эле”, - дейт [7, 80-б].

Демек, базар экономикасынын таасири менен ата-бабалар ыйык деп эсептеген жолборсторго белгилүү фирма аркылуу аңчылык уюштурулууда. Жолборсторду жок кылууга Бектур жана Арсен Саманчиндер гана эмес кичине болсо да пайда таап калууну көздөгөн бүтүндөй бир айыл эли камынышкан. Чыгармада мыкты журналисттердин бири болгон Арсен Саманчин менен Айдананын сүйүүсүнүн бузулуш себебин жана базар экономикасынын алкагындагы айыл элинин акча үчүн баарына даяр экендигин көрүүгө болот. Керек болсо сүйүү да, айыл эли да, баары акчага сатылып жатканын, жалпы адамзаттык баалуулуктардын өтө тездик менен алмашканын жазуучу чыгармадагы Элестин образы аркылуу адамзатка эскертет. “Биздин ак илбирстерден колуңарды тарткыла! Илбирстер өз алдынча жашашат, биздин жырткычтарга тийбегиле!” деген ураандар менен чыгайын дегем, бирок бул жөнүндө ойлонууга да болбойт – өзүбүздүкүлөр эле, айыл баарылап таш бараңга алышат, мындай ишти үзгүлтүккө учуратууга жол беришпейт!” [7, 134-б].

Карапайым айыл элинин акча үчүн адам өлтүрүүгө да даяр экендиктери жана руханий баалуулуктардан мурда материалдык баалуулуктарды биринчи орунга коюп жатышынан улам, ааламдашуунун алкагында келечек муундар үчүн тарбия табериги кылып калтыруучу каада-салтты сактоо, табиятты сүйүп, таттуу мамиле кылуу, боорукерлик сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктар өз баасын таппай туңгуюкка кирип кеткендей көрүнөт. Баары бир ишкердикти биринчи орунга коёрун жана илбирстерден акча түшсө, айылда жашаган эжесине акчалай жардам берээри жөнүндө ойго батып жүргөн, англис тилинде эркин сүйлөгөн, мыкты жуналист Арсен Саманчин, чыгарманын каарманы Элестин ак илбирстер тууралуу сөздөрүнөн кийин

жан дүйнөсүндө олуттуу өзгөрүүгө дуушар болду. “Мерген” фирмасынын жетекчиси жеке ишкер, аксакал куржактагы Бектур аганын жардамчысы, котормочусу Арсен Саманчиндин көзү ачылып, Туюк-Жарда боло турган мергенчилик, тоолорго келе турган экологиялык кыйын абал Арсен Саманчинди акыркы чечимге алып келди. Арсен Саманчин: “Биздин ак илбирстерден колуңарды тарткыла! Бул жерден тезинен жоголгула! Мен силерге биздин жырткычтарды жок кылууга жол бербейм! Биздин ыйык тоолордон алыс өзүңөрдүн кувейтиңер менен дубайыңарга жоголгула! Бул жерди бутуңар баспасын!”, - деп эли-жерине, өз мекенинин жаратылышына болгон патриоттук сезимдери менен кыйкырып жатты. “Ачык, жекеме-жеке чыгып, жер үчүн, байлык үчүн эмес бийлик үчүн да эмес – жан үчүн күрөшүү болсо эмне. Адамдык кара өзгөйлүктүн чеги барбы?” [7, 48-б] деп адамдардын ач көздүктүн, пайда табууну көксөгөндүктүн, жан-жаны барга, жаратылышка кыянаттык кылуунун акыры жакшылыкка алып келбестиги, мындай иштин акыры тоолорду да кулатууга алып келери жана абийир, адамдык касиетти акча менен өлчөөгө болбостугу жөнүндө адамдарга, келечек муундарга чакырык жасайт. “Арсен Саманчиндин кагаздарынын арасынан табылган «Өлтүрүү керекпи же жокпу?» аңгемеси караөзгөйлүк менен гумандуулуктун, ызага муунуу менен сабырдуулуктун тымызын күрөшүнүн, кандай гана кырдаалда болбосун, адам адам боюнча калуусунун руханий өбөлгөсү, концепциялык символу катары көркөмдүк зор милдет аткарып турат” [7,132-б]. Арсен Саманчиндин катындагы караөзгөйлүктөн гумандуулукка, ызадан сабырдуулукка өтүүсү чыгарманы окуган ар бир окурмандын жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата мамилесинде кандай кыйын учур болсо да кызмат кылат.

Изилдөөнүн милдетине ылайык чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктардын кайталануу жыштыгын алганбыз.

**«Тоолор кулаганда» романынын мазмунуна карата контент-анализдин жыйынтыгы.**




**2.4-сүрөт – “Тоолор кулаганда” романындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын кайталануу жыштыгы.**

Жогоруда тексттин мазмунундагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын басымдуу кайталанышына анализ жасаганга аракет кылдык, анализдин жыйынтыгында кайталануу жыштыгы боюнча биз жалпы адамзаттык баалуулук деп тааныган “Диний ишеним” – 50, жазуучунун адам өмүрү жана жашоосуна карата ой толгоолору – 28, “сүйүү” – 26, адамдарга жакшылык жасоо, ак пейилдик жана акыйкаттуулук, адилеттүүлүк – 7, боорукердик, мээримдүүлүк – 12, адам абийири, тазалыгы– 17, эркиндик – 11 жолу тексттин мазмунунда кездешкенин көрөбүз.

Тексттин мазмунуна карата жасалган контент-анализдин жыйынтыгында, бул метод аркылуу сөздөрдүн кайталануу жыштыгы

аркылуу чыгармада жалпы адамзаттык баалуулуктарга канчалык деңгээлде басым жасалганын көрүүгө болот.

Улуу ойчулдун чыгармаларын анализдөөдө, алардын бардыгын толук камтууга мүмкүн болгон жок, бирок жогорудагы чыгармаларында жана жалпысынан алганда Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы адам жана адам өмүрү, анын азыркы учурдагы дүйнө жүзү боюнча социалдык, педагогикалык, саясий, экологиялык, экономикалык проблемаларга, башкача айтканда руханий кризиске дуушар болушу чыгармалардын негизги өзөгүн түзүү менен дүйнө жүзү боюнча адам өмүрүнө коркунуч келтирген ядролук куралдардын, экологиялык бузулуулар, аракечтик, баңгилик сыяктуу көрүнүштөрдүн көбөйүшүнө, бүткүл адамдардын бир жакадан баш, бир колдон жең чыгарып, каршы туруусу жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын тегерегинде биригүүсү керек экендиги жөнүндө кабар берет. Улуу кеменгердин өзгөчө акыркы жазылган чыгармаларын роман-эскертүү, роман – кооптонуу деп коомчулук баа бергендей эле, ал чыгармалардагы эскертүүлөрдү жалпы адамзатка калтырган баалуулуктардан курулган осуят катары кароого да болот.

Кеменгер жазуучунун аталган чыгармаларынан сырткары бир топ чыгармаларында болочок мугалимдер үчүн өрнөк болуучу мугалимдердин образын жаркын чагылдырып кеткени бизге белгилүү. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдер жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер инсандар экендигине чоң маани берүү менен аларга болочоктогу мугалимдер үчүн тарбиянын уюткусу катары кароого болот. “Биринчи мугалим” повестиндеги гумандуулуктун бийик чокусуна чыга алган, дегеле адамдар ортосундагы теңдик, адилеттүүлүктү даңазалаган, адамдын керт башынын эркиндиги үчүн күрөшүүгө даяр турган, аткарган кызматынын бийик жоопкерчилигин сезген, балдарды жана өз кесибин жан дили менен сүйгөн мугалим Дүйшөндүн образы чагылдырылган. Жогорку педагогикалык билими жок болсо дагы, өз кесибине болгон мамилеси, балдардын билимдүү болуп калышына кылган далаалаты азыркы жаш жана болочок мугалимдерге

берилген тарбияны туюнтат. Дүйшөндүн күндүн суугуна карабай балдарды жонуна көтөрүп суу кечип мектепке ташыган күндөрүн эскерип Алтынай: “Биз анын билиминен да мурун, менимче ушундай адамгерчилигин, биз үчүн болгон илгери үмүт жакшы тилегин, бала болсок да баалап урматтай турганбыз. Антпесе бизди тизеден кар кечип, кычыраган аязда, борошодо жетелешип айылдан алыс турган мектепке барасыңар деп, көк муштумдай көгөрүп отуруп сабак окуйсуң деп зордогон эч ким жок” дейт [4]. Баланын таза жан дүйнөсү баарына баамчыл, баарына сезимтал келгендиктен жалпы адамзаттык баалуулуктардын алдыңкы сабында турган адамгерчиликти балдардын билиминен да жогору баалашкандыгы Алтынайдын сөзүнөн ачыктан ачык көрүнүп турат.Биринчи мугалим” повестинин башкы каармандарынын бири Алтынайдын сөзүнөн биз Дүйшөндүн балдарга билим берүү аракети менен кошо адамдык асыл сапаттарын баамдай алабыз. Демек, мугалим Дүйшөн балдардын жан дүйнөсүнө тынымсыз сүңгүп кирүү менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын жаратманы катары, ошол кездеги билим деп көздөрү жайнаган балдардагы жаңы нерселерди ачууга жетишкен.

Жазуучу мугалимдик кесипке өзгөчө мамиле кыла тургандыгын жана мугалим бардык жакшылыктын үрөнүн себе турган адам экенин даңазалоо менен чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгүндө мугалимдин образын, алардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды, мугалимдик кесиптин ардактуулугун жана ошол эле убакта жоопкерчилигин таасын чагылдырат.

“Мугалимдин эмгегине жазуучу өтө урмат менен мамиле кыла турагандыгын ал жараткан Майсалбектин (“Саманчынын жолу”), Инкамал апанын (“Эрте келген турналар”), Айша апанын (“Фудзиямадагы кадыр түн”), Абуталиптин (“Кылым карытар бир күн”) жаркын образдарынан, “Мугалим жакшылыктын – энеси”сыяктуу жана мугалимдин кадыр баркын көтөрүүгө, окуу – тарбия мектеп реформасына байланыштуу жазылган макалаларынан көрөбүз” [20 ]

“Кылым карытар бир күн” романында Абуталип Куттубаев адамдардын балдарына калтырган байлыктары жөнүндө ой толготуп, ал байлыктардын

көбү башкалардын маңдай теринен куралаарын жана алардын ичи толтура адилетсиздик, арамдык экенин баса белгилеп, ал өз балдарына мурас катары адалдык менен арамдык, чындык менен калп тууралуу жана өзүнүн акыл жыйынтыктары жөнүндөгү күндөлүгүн мураска калтыраарын айтат. Анда: "Илгерки кишилер балдарына мурас мүлк калтырышчу. Жакшылыккабы, жамандыккабы, ар кандай мурас калуучу. Ал тууралуу канча китептер жазылды, канча жомок куралды, ошол мурас мүлк-байлык көбүнесе арамбайлык, башкалардын маңдай теринен куралган, ошол үчүн ал мурастын ичи толтура арамдык, күнөө, адилетсиздик. Менин калтыраар мурасымдын эч кимге зыяны жок" [4].

Улуу ойчулдун жараткан мугалимдердин образынан, балдарга асылдыктын нурун чачыраткан, жаш муундардагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга салымын кошо ала турган – бул мугалим экендигин көрө алабыз. Жаш муундарга тарбия берүүдө мугалимдин билими менен бирге алдыңкы катарда анын адамгерчилиги жогорку бийиктикте турат. Демек, мугалим өзү биринчи кезекте жалпы адамзаттык баалуулуктарга эгедер болуусу керек. Тагыраак айтканда болочок мугалимдерди калыптандырууда, Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдердин адамгерчилиги, гумандуулугу, боорукердиги, чынчылдыгы, мээнетчилдиги болочок мугалимдер үчүн чоң үлгү боло алат десек жаңылышпайбыз.

"Айтматов мугалим затынын эч убакта ыйманына каршы ишке барышын ыраа көргөн эмес. Окутуу тарбиялоонун милдеттерин терең ыклас, ыйман менен жүзөгө ашырышкан. Ар кандай татаал шарт жагдайларга карабастан, балдар алдында берген убадаларына бек туруп кишилик, педагогдук абийирдүүлүктүн бийик өрнөгүн көрсөтө алышкан" [25 ].

Ырасында эле, Айтматовдун мугалимдери татаал шарттарга, мезгилдин ар түрдүү кыйынчылыктарына карабай, өз кызыкчылыктарынан ыйманынын тазалыгын, адамгерчилигин жогору коюп өздөрүнөн кийинки муундарга алтын тамга менен адабият бетине жазылып калышты жана

жалпы адамзатка тең баалуулуктарды педагогиканын кең ааламына алып чыга алышты. Ч. Айтматовдун мугалимдери адамгерчилик, гумандуулук сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарга терең маани берип, адамдын жан дүйнөсү канчалык жарды болсо, ич күйдүлүк менен кара ниеттиктин доорону сүрүп, наадандык жана маданиятсыздык кулачын жайып турган учурда дагы жаш муундарды андай терс көрүнүштөрдүн чеңгээлинен сууруп чыгууда жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын түз жолуна багыттоодо чыныгы дем-күч, курч таасир бере турган инсандар экенине чыгармаларды окуган сайын ынанабыз. Жазуучунун чыгармаларындагы мугалимдердин образадарынан мугалимдик кесип өтө мээнетчил жана ардактуу кесип экенине күбө болдук жана мезгилдин кандай күнү, кандай сааты болсо дагы “Эрте жаздагы турналар” повестиндеги Инкамал апай сыяктуу оромолун оронуп алып окуучуларды келечектеги орошон ойлорго жетелейт деп үмүт артмакчыбыз. Келечекте бүтүндөй мамлекеттин, элдин жүгүн көтөргөн инсандарды тарбиялап, эрезеге жеткирүүдө жана алардын адеп-ахлак жактан өркүндөөсү үчүн дарамети бийик, алысты көрө билген келечектеги мугалимдердин орду жөнүндө түмөндүү ойлорго барып такаларың бышык. Бул ойлордун бир учугун улуу ойчул, даанышман, кеменгер жазуучу Ч. Айтматов жараткан мугалимдердин образынан таба алдык десек болот. Залкар жазуучунун чыгармаларындагы мугалимдердин образынан болочок мугалимдерде, дегеле адам баласында жалпы адамзаттык баалуулуктардын болушу жаш муундардын алды менен адам болуп калыптануусундагы башкы багыттардын бири экендигинен кабар берет. Өзгөчө азыркы ааламдашуунун учурунда болочок мугалимдерди кесиптик жактан калыптандырууда педагогика илимдеринин доктору А. Алимбеков: “Айтматов ириде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын тагдырын өз чыгармаларында таасын жана чебер таразалап жаш муундардын руханий баалуулуктарынын булагына айландырууга аракет кылган. Бүгүн аларды жөн эле окуу же талдоо менен чектелбей таалим-тарбия ишинин эң башкы субьекти болгон мугалимдердин кесиптик педагогикалык

баалуулуктарынын компонентине айландыруу өзгөчө мааниге ээ болуп бара жатат”,  - деп пикирин билдирет [26, 30-б].

Чыңгыз Айтматов жараткан мугалимдердин образы ар бир жаш муун жана болочок мугалим үчүн үлгү боло бермекчи. Себеби жазуучунун чыгармаларынан ар бир болочоктогу мугалим, өзү үчүн баа жеткис көрөңгө топтой алат жана чыгармалардагы мугалимдерден гумандуулукту, боорукердикти, чынчылдыкты, адилеттүүлүктү, мээнеткечтикти, мекенин жана балдарды сүйүүнү, ыймандуулукту, чыдамкайлыкты, атуулдук ариетти сабырдуулукту үйрөнө алышат деген ойдобуз.

Ч. Айтматов  аталган чыгармаларында кандай кыйын күндөр болсо да, ааламда жашаган адамдар, алардын ичинде улуттун күзгүсү деп аталган жана жазуучу чыгармаларында бардык жакшылыктын энесине теңеген мугалимдер, дегеле калың журт адамдык баалуулуктарын сактап кала  алса, акча үчүн болгон ыплас иштерге  базар экономикасын, айлык маянаны, ааламдашууну жана башкаларды шылтоо кылбай, адамдык касиетти бийик тутуп, **адамга эң кыйыны, күн сайын адам бойдон калса** деген ойду туюнтат.

“Манас” – кыргыз маданиятынын  туу чокусу, Айтматов – кыргыз рухунун туу чокусу” деп айтылгандай, “Манас” эпосундагы жети осуят, Ч. Айтматов чыгармалары аркылуу калтырган осуяттар менен кош барабар маанини туюнтуп турат.

Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу калыптандырууга карай багыт алууда, жазуучунун чыгармаларына астейдил анализ жүргүзүүнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жети осуятты белгилөөгө болот:

1. Күн сайын адам бойдон калуу менен адамгерчиликтен тайба;
2. Жалпы адамзат менен тил табышып жашоого үйрөн;
3. Адамдарга жана жандуу жаратылышка боорукер, гумандуу бол;
4. Абийир тазалыгын сакта, пендечиликке барба;
5. Бүткүл дүйнөлүк тынчтыкты сактоого өз салымыңды кош;

6. Мээнеткеч жана сабырдуу болууга үйрөн;
7. Улуттук маданиятты жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды сакта.

Жалпы адамзаттык баалуулуктар дүйнө элдеринин биригүүсүндөгү жана тынчтыкта жашоосундагы эң күчтүү жана эң таасирдүү курал. Демек, жалпы адамзаттык баалуулуктарды болочок мугалимдерге жеткирүү заманбап педагогиканын, анын ичинде кесиптик билим берүүнүн негизги максат, милдеттеринен болуп саналат.

## 2.3. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн абалын аныктоо (аныктоочу эксперимент)

Бул бөлүмдө изилдөөнүн обьектисине байланыштуу, болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын аныктоо милдети коюлду. Изилденип жаткан маселенин алгачкы абалын башкача айтканда болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата ойлорун, түшүнүктөрүн аныктоо максатында констатациялык эксперимент жүргүзүлдү. Аныктоочу экспериментибиз 2016-2017-окуу жылдар аралыгында жүргүзүлүп, изилдөөнүн алдына төмөндөгү милдеттерди койдук:

- болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрүнүн баштапкы абалын, деңгээлин аныктоо;
- болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу;

Бул милдеттерди чечүүдө төмөндөгү педагогикалык изилдөө методдору колдонулду: байкоо, аңгемелешүү, теориялык анализ, усулдарды колдонуу, илимий, адабий эмгектерди талдоо, педагогикалык байкоолорду жүргүзүү, аңгемелешүү, окуу жайдын документациясын изилдөө методу, окуу программаларынын мазмунун талдоо, эсептөөчү ж.б. математикалык-статистикалык усулдар колдонулду.

Учурдагы болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча түшүнүктөрүнүн деңгээлдерин аныктоо максатында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин педагогикалык факультетинин

кесиптик-педагогикалык колледжинин, Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (ИСИТО) кесиптик колледжинин жана Бишкек шаарындагы Музыкалык педагогикалык колледжинин студенттерине (146) анкета жүргүзүлдү. Изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча суроолордон турган анкета баракчасы түзүлүп, ал ар бир студентке сунушталган. Жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча студенттердин түшүнүктөрүн аныктоочу анкетанын төмөндөгүдөй эркин суроолору иштелип чыкты. Анкета тиркемеде берилди. (Тиркеме №8)

**Суроолор:**

1. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң ?
2. ЖАБ менен адеп-ахлактын өз ара байланышын кандай түшүнөсүң?
3. Гумандуулук деген эмне?
4. Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?
5. Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай?
6. Патриоттуулукту жана ЖАБ кандай түшүнөсүң?
7. Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?

Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон түшүнүктөрүн жана мамилесин аныктоо төмөндөгүдөй аракеттерди камтыды. Илимий изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык биринчи этапта, педагогикалык илимий маселенин алгачкы абалын аныктоо максатында (констатациялоо этабында) КУУнун кесиптик-педагогикалык колледжинин, Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун кесиптик колледжинин жана Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин студенттерине анкета жүргүзүү орун алды. Изилдөөнүн жүрүшүндө жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча жогорудагы суроолорду камтыган анкета баракчалары таркатылды.

Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон түшүнүктөрүн аныктоо максатында, жалпы адмзаттык баалуулуктар боюнча түзүлгөн жети суроодон турган анкета баракчасы ар бир студентке сунушталып, алардын ар биринин рангысын аныктоо максатын көздөдүк.

Аныктоочу экспериментке КУУнун кесиптик-педагогикалык колледжинин базасындагы “башталгыч класстарга билим берүү” адистигинин, Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин жана Билим берүүдөгү заманбап информациялык технологиялар институтунун (ИСИТО) “башталгыч класстарга билим берүү” адистигинин студенттери катышты.

**2.1-таблица. Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатындагы илимий иштин аныктоочу эксперименти жана жыйынтыктары. КУУ, педаг.колледж 1- группа (%менен)**

| № | Жооптор / Суроолор | Жооп бербегендер (төмөнкү деңгээл) | Толук эмес түшүнөт (ортоңку деңгээл) | Толук түшүнөт (жогорку деңгээл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң? | 48 | 36 | 16 |
| 2 | Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң? | 68 | 12 | 20 |
| 3 | Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | 12 | 64 | 24 |
| 4 | Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң? | 20 | 56 | 24 |
| 5 | Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай? | 52 | 20 | 28 |
| 6 | Патриоттуулук жана жалпы | 12 | 48 | 40 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң? | | | |
| 7 | Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң? | 72 | 16 | 12 |

Аныктоочу экспериментте “Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң”деген суроого студенттердин – 48% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 36% , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 16% пайызы билдиришкен.

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз арабайланышын кандай түшүнөсүң?* – 68% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 12% , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 20% өз ойлорун билдиришкен.

*Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?* – 4% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 64% пайыз, түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 24% өз ойлорун билдиришкен, 8% – жообум жок деп билдиришкен.

*Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?*- 12% түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 56 % , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 24% өз ойлорун билдиришкен. 5% – жообум жок деп билдиришкен.

*Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай?* – 52% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 20% түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам – 28 % пайызы билдиришкен.

*Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң?* –12 % түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 48% , 40% түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп билдиришкен.

*Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?* 72% түшүнүгү жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 16%, түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 12% билдирген.

**Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатындагы илимий иштин аныктоочу эксперименти жана жыйынтыктары.**

**Кыргыз улуттук университети, 1- группа**




**2.1-сүрөт – студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө алгачкы түшүнүк деңгээли (КУУ-1).**

Төмөнкү таблицада “жалпы адамзаттык баалуулуктар” жөнүндө **түшүнүк деңгээлинин толуктук коэффициентин** аныктоо максатында КУУнун кесиптик-педагогикалык колледжинин биринчи группасынын студенттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрү берилди.

## 2.2-таблица. КУУнун педагогикалык колледжинин 1-группасынын студенттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрү

| *С у р о 0 р* | *Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң?* | | | *Адеп - ахлакты кандай түшүнөсүң?* | | | *Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?* | | | *Диний ишенимди кандай түшнөсүң?* | | | *Адам өмүрүнүн маани-маңызы, эркиндиги жөнүндө түшүнүгүң кандай?* | | | *Патриоттуулукту кандай түшүнөсүң?* | | | *Адамдын өзү коомдогу абсалюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң* | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* | *Жооп бербеген* | *Толук эмес* | *Толук түшүнөт* |
| 1 | | | + | + | | | | + | | | + | | + | | | | + | | + | | |
| 2 | | + | | + | | | | + | | | + | | | + | | | + | | + | | |
| 3 | | + | | | | + | | + | | | | + | | | + | | | + | + | | |
| 4 | | + | | + | | | | + | | | | + | + | | | | + | | + | | |
| 5 | | + | | | | + | | + | | | | + | | | + | | + | | + | | |
| 6 | + | | | + | | | | | | | + | | | + | | | + | | + | | |
| 7 | + | | | + | | | | + | | | | + | + | | | + | | | + | | |
| 8 | + | | | | | + | + | | | | + | | | | + | | | + | + | | |
| 9 | | | + | | | + | | | + | | + | | | | + | | + | | | | + |
| 10 | + | | | + | | | | + | | | + | | + | | | | + | | + | | |
| 11 | | + | | | + | | | + | | + | | | | + | | + | | | + | | |
| 12 | + | | | + | | | | + | | | + | | + | | | + | | | + | | |
| 13 | + | | | + | | | | + | | + | | | | + | | | + | | | | + |
| 14 | | + | | + | | | | | + | | + | | + | | | | | + | + | | |
| 15 | | + | | + | | | | | | | + | | + | | | | + | | | + | |
| 16 | | + | | + | | | | | + | | | + | + | | | | | + | + | | |
| 17 | + | | | + | | | | + | | + | | | | | + | | | + | | | + |
| 18 | + | | | + | | | | + | | | + | | + | | | | + | | | + | |
| 19 | + | | | | + | | | + | | | + | | + | | | | | + | + | | |
| 20 | | + | | | + | | | + | | | | + | | | + | | + | | | + | |
| 21 | | | + | | | + | | | + | | + | | | | + | | + | | + | | |
| 22 | + | | | + | | | | + | | + | | | + | | | | | + | + | | |
| 23 | + | | | + | | | | | + | + | | | + | | | | | + | + | | |
| 24 | | | + | + | + | | | + | | | + | | | + | | | | + | | + | |
| 25 | + | | | + | | | | | + | | + | | + | | | | | + | + | | |
| | 12 | 9 | 4 | 17 | 4 | 5 | 3 | 16 | 6 | 5 | 14 | 6 | 13 | 5 | 7 | 3 | 12 | 10 | 18 | 4 | 3 |

**2.2-таблицада** көрсөтүлгөн биринчи группанын студденттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициентин төмөнкүдөй аныктоого болот.

$$\bar{X} = \frac{\sum_{i=1}^{n} n_i}{nN}$$

n – суроолордун саны, N–студенттердин саны,

$$\bar{X} = \frac{41}{7 \bullet 25} = 0{,}23$$

**2.3-таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары**

**КУУ, 2-группа (%менен)**

| № | Жооптор / Суроолор | Жооп бербеген дер (төмөнкү деңгээл) | Толук эмес түшүнөт (ортоңку деңгээл) | Толук түшүнөт (жогорку деңгээл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң? | 36 | 52 | 12 |
| 2 | Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң? | 56 | 36 | 8 |
| 3 | Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | 16 | 60 | 24 |
| 4 | Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң? | 20 | 40 | 40 |
| 5 | Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай? | 44 | 44 | 12 |
| 6 | Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң? | 36 | 32 | 32 |
| 7 | Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди | 68 | 16 | 16 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кандай түшүнөсүң? | | | |

Аныктоочу экспериментте *жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң?* деген суроого 36% пайызы түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 52%, толук айтып бере алам деп – 12% ;

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз арабайланышын кандай түшүнөсүң* – 56% түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 36%, толук айтып бере алам деп – 8% ;

*Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?* – 16% түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 60% толук айтып бере алам деп – 24% ;

*Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?* – 20% пайызы түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 40% пайызы,түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 40% *Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай*? – 44% түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 44% ти түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 12 % билдиришкен.

*Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң?* - 36 % ти түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 32% түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 32% өз ойлорун билдиришкен.

*Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?* 68% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 16%, түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 16% өз ойлорун билдиришкен.

**Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатындагы илимий иштин аныктоочу эксперименти жана жыйынтыктары.**

**Кыргыз улуттук университети, 2- группа**




**2.2-сүрөт – студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө алгачкы түшүнүк деңгээли. Аныктоочу эксперимент (КУУ-2).**

**КУУнун экинчи** группасынын студденттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн **2.2-таблицасынын** үлгүсүндө А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу талдоого алганда түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициенти төмөнкүдөй болду. Студенттеринин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүк деңгээлинин көрсөткүчтөрү тиркемеде берилди. Тиркеме №5

$$\bar{X} = \frac{\sum_{i=1}^{n} n_i}{nN}$$

n – суроолордун саны, N–студенттердин саны,

$$\bar{X} = \frac{36}{7 \bullet 25} = 0{,}20$$

**2.4. таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары ИСИТО, 1-группа (% менен)**

| № | Жооптор / Суроолор | Жооп бербегедер (төмөн деңгээл) | Толук эмес түшүн. (орто деңгээл) | Толук түшүнөт (жогор деңгээл |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң? | 36 | 56 | 12 |
| 2 | Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң? | 44 | 20 | 32 |
| 3 | Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | 24 | 52 | 24 |
| 4 | Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң? | 40 | 20 | 40 |
| 5 | Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай? | 36 | 24 | 40 |
| 6 | Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң? | 12 | 48 | 40 |
| 7 | Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң? | 72 | 24 | 4 |

*Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң?* деген суроого студенттердин 36% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере

албайм – 56% түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 12% ти билдиришкен.

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң?* – 44% түшүнүгү жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 20% түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 32% ти билдиришкен.

*Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?*– 24% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 52% түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 24% билдиришкен.

*Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?*деген суроого 40% ти түшүнүгү жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 20%; 40% түшүнөт.

*Эркиндик жана адам өмүрүнүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай?*деген суроого – 36% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 24 % пайызды түзгөн, түшүнөм жана айтып бере алам деп – 40% билдиришкен.

*Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай ту шунөсүң?* – 12 % түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 48түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 40% билдиришкен.

*Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?* деген суроого 72% түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 24% пайызы, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам – 4% пайызы жооп берген.

**Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатындагы илимий иштин аныктоочу эксперименти жана жыйынтыктары.**

**ИСИТО, 2- группа**




**2.3-сүрөт – студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө алгачкы түшүнүк деңгээлдери. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары (ИСИТО-1).**

2.2.де көрсөтүлгөн таблицанын үлгүсүндө Билим берүүдөгү заманбап технологиялар институтунун (**ИСИТО**) студденттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу талдоого алганда түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициенти төмөнкүдөй болду. Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүк деңгээлинин көрсөткүчтөрү тиркемеде берилди. **Тиркеме №6**

$$\bar{X} = \frac{\sum_{i=1}^{n} n_i}{nN}$$

n – суроолордун саны, N–студенттердин саны,

$$\bar{X} = \frac{48}{7 \bullet 25} = 0{,}27$$

**2.5 - таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары**
**Исито, 2- группа (% менен)**

| № | Жооптор / Суроолор | Жооп бербегендер (төмөнкү деңгээл) | Толук эмес түшүнөт (орто деңгээл) | Толук түшүнөт (жогорку деңгээл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы адамзат.баалуулуктарды кандай түшүнөсүң? | 25 | 25 | 50 |
| 2 | Жалпы адамзаттык баалуул. менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң? | 17 | 29 | 29 |
| 3 | Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | 29 | 34 | 37 |
| 4 | Диний ишенимди кандай түшүнөсүң? | 25 | 25 | 50 |
| 5 | Эркиндик жана адам өмүрүнүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай? | 17 | 50 | 33 |
| 6 | Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң? | 21 | 37 | 42 |
| 7 | Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң? | 46 | 33 | 21 |

*Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң?* деген суроого студенттердин 25% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 25% түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 50% пайызы билдиришкен.

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз арабайланышын кандай түшүнөсүң?* – 17% түшүнүгү жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 29%, түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 29% пайызы билдиришкен.

*Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?*– 29% түшүнүгүм жок дешкен, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 34% пайыз, түшүнөм, айтып бере алам деп – 37% билдиришкен..

*Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?*деген суроого 25% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 25% , түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 50% пайызы билдиришкен.

*Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай?*деген суроого 17% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 50% , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 33% пайызы билдиришкен.

*Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң?*түшүгү жок – 21% , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере албайм деп – 37% пайызы , 42% – толук түшүнөт.

*Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?*деген суроого 46% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 33% , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 21% ти билдиришкен.

**2.2.де көрсөтүлгөн таблицанын** үлгүсүндө Билим берүүдөгү заманбап технологиялар институтунун (**ИСИТО)** студденттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу талдоого алганда түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициенти төмөнкүдөй болду. Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүк деңгээлинин көрсөткүчтөрү тиркемеде берилди. **Тиркеме №7**

$$\bar{X} = \frac{\sum_{i=1}^{n} n_i}{nN}$$

n – суроолордун саны, N–студенттердин саны,

$$x = \frac{66}{7 \bullet 25} = 0.37$$

**2.5-таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары БМПК, (Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжи) 1- группа (%)**

| № | Жооптор / Суроолор | Жооп бербеген дер (төмөн кү деңгээл) | Толук эмес түшүн өт (орто деңгээл) | Толук түшүн өт (жогор ку деңгээл ) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң? | 12 | 42 | 46 |
| 2 | Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң? | 37 | 9 | 54 |
| 3 | Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | 25 | 38 | 37 |
| 4 | Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң? | 21 | 42 | 37 |
| 5 | Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай? | 29 | 29 | 42 |
| 6 | Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң? | 4 | 46 | 50 |
| 7 | Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң? | 42 | 33 | 25 |

*Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң?* деген суроого студенттердин 12% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 42% түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 46 % пайызы өз ойлорун билдиришкен.

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз арабайланышын кандай түшүнөсүң?* – 37% түшүнүгү жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 9%, толук айтып бере алам деп – 54% ;

*Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?*– 25% түшүнүгү жок, түшүнүгүн айтып бере албайт – 38% , толук түшүнөт – 37%

*Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?*деген суроого 21% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 42% , түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 37% ;

*Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң кандай?*деген суроого 29% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 29% , толук айтып бере алат– 42% ;

*Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң?*түшүнүгү жок – 4% , түшүнүгүн айтып бере албайт – 46% ;
50% – толук түшүнөт.

*Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?*дегенге 42% түшүнүгү жок, түшүнүгүн айтып бере албайт – 33% , толук айтып бере алам деп – 2% пайызы билдиришкен

**2.6-таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары**

**Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжи, 1-группа**



**2.4-сүрөт – аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары. Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжи, 1-группа.**

Жогорудагы **1.2.**де көрсөтүлгөн таблицанын үлгүсүндө **Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин биринчи** группасынын студденттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу талдоого алганда түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициенти төмөнкүдөй болду. Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүк деңгээлинин көрсөткүчтөрү тиркемеде берилди.

**Тиркеме №8**

$$\bar{X} = \frac{\sum_{i=1}^{n} n_i}{nN}$$

n – суроолордун саны, N–студенттердин саны,

$$\bar{X} = \frac{61}{7 \bullet 24} = 0{,}36$$

**2.6 – таблица. Аныктоочу эксперименттин жыйынтыктары**

**Бишкек музыкалык педагогикалык колледжи, 2-группа (% менен)**

| № | Жооптор / Суроолор | Жооп бербегендер (төмөнкү деңгээл) | Толук эмес түшүнөт (орто деңгээл) | Толук түшүнөт (жогорку деңгээл) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң? | 13 | 43 | 42 |
| 2 | Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз ара байланышын кандай түшүнөсүң? | 17 | 3 9 | 44 |
| 3 | Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | 13 | 30 | 57 |
| 4 | Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң? | 9 | 56 | 35 |
| 5 | Адам өмүрүнүн жана эркиндигинин адам үчүн маани-маңызы жөнүндө | 22 | 48 | 30 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | түшүнүгүң кандай? | | | |
| 6 | Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң? | 9 | 61 | 30 |
| 7 | Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң? | 39 | 48 | 13 |

*Жалпы адамзаттык баалуулуктарды кандай түшүнөсүң?* деген суроого студенттердин 13% пайызы түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 43% түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам – 42%.

*Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен адеп-ахлактуулуктун өз арабайланышын кандай түшүнөсүң?*– 17% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 39%, түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 44% пайызы билдиришкен.

*Гумандуулук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай?*– 13% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 30% , түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 57% пайызы билдиришкен.

*Диний ишеним менен жашоо дегенди кандай түшүнөсүң?*деген суроого 9% пайызы түшүнүгүм жок деп билдиришкен, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 56% пайызы, түшүнөм, айтып бере алам деп – 35% пайызы билдиришкен.

*Эркиндик жана адам өмүрүнүн маани-маңызы жөнүндө түшүнүгүң?*деген суроого 22% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 48 % , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам – 30%

*Патриоттуулук жана жалпы адамзаттык баалуулукту кандай түшүнөсүң?* – 9% түшүнүгүм жок, түшүнөм бирок айтып бере албайм – 61% , түшүнөм, түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам деп – 30% пайызы билдиришкен.

*Адамдын өзү – коомдогу абсолюттук баалуулук дегенди кандай түшүнөсүң?*деген суроого 39% түшүнбөйм, түшүнөм бирок айтып бере

албайм – 48% , түшүнөм жана түшүнгөнүмдү толук айтып бере алам – 13% пайызы билдиришкен.

**Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатындагы илимий иштин аныктоочу эксперименти жана жыйынтыктары.**

**Бишкек музыкалык педагогикалык колледжи, 2-группа**




**2.5-сүрөт – аныктоочу экспериментин жыйынтыктары. Бишкек музыкалык-педагогикалык колледжинин 2- группасы.**

Жогорудагы 1.2. де көрсөтүлгөн таблицанын үлгүсүндө БМПКнын экинчи группасынын студденттеринин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу талдоого алганда түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффицентин дагы биринчи группадагыдай эле санды берген. Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүк деңгээлинин көрсөткүчтөрү тиркемеде берилди. Тиркеме №9

$$\bar{X} = \frac{\sum_{i=1}^{n} n_i}{nN}$$

n – суроолордун саны, N–студенттердин саны.

$$\bar{X} = \frac{58}{7 \bullet 23} = 0,36$$

Констатациялык эксперимент учурунда алынган маалыматтарды жалпылаштыра турган болсок, жогорудагы аталган окуу жайларда окуган айрым студенттердин түшүнүктөрүнүн абалы төмөн экендигин көрүүгө болот. Түшүнүктөрүнүн абалы төмөн көрсөткөн студенттер көпчүлүк суроолор боюнча түшүнүктөрү жок экендигин сурамжылоодо көрсөтүшкөн Демек, бул студенттердин "жалпы адамзаттык баалуулуктар" боюнча түшүнүктөрүнүн абалы жетишсиз, жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү адабияттар менен тааныш эмес, айрымдарынын маалыматтары жокко эсе. Жалпы адамзаттык баалуулуктар камтылган көркөм дөөлөттөрдү окуп-үйрөнүүдө, өзүнүн руханий байлыгын жана кесиптик билимин жогорулатуу үчүн аракеттери байкалбайт. Жалпы адамзаттык баалуулуктар түшүнүктөрүнүн абалы орточо деңгээлде, атап айтканда сурамжылоодо суроолорго жооп берүүдө жарым жартылай түшүнүшөт, бирок ал эмне экендиги жөнүндө толуктап айтып бере алышпагандыктарын көрөбүз.

Демек, бул студенттер жалпысынан түшүнүшөт, бирок түшүнүктөрү туруксуз, шектенүү менен карашат. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды ала турган булактарга карата чыгармачыл мамилеге эмес, даяр көрсөтмөлөргө таянып билим алып келишкени айкын болду. Көпчүлүгү жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыртынан баамдашканы менен билимдери толук жетишсиз. Ошол эле мезгилде жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрү жетиштүү деп эсептөөгө боло турган студенттердин тобу педагогикалык процесстин активдүү катышуучулары жана өз алдынча билим алууга ынтызарлыгы менен айырмалана тургандыгы белгилүү болду. Бирок болочок мугалимдердин "жалпы адамзаттык баалуулуктар" боюнча түшүнүк деңгээлдерин талдоо, жалпысынан алганда жетишсиз деген жыйынтыкка

келдик. Жогоруда көсөтүлгөндөй студденттердин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчүнүн негизинде А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффицентин аныктоодо ортодон төмөнкү сандарды гана бере алды. Эксперименттин материалдары бүгүнкү күндө жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча жаш муундарда түшүнүктөр жана атайын билимдер, жогорку, орто-кесиптик окуу жайлардын билим программаларында орун албагандыгын жана аталган окуу жайлардын педагогдору тарабынан учкай түрдө, жетиштүү эмес окутулгандыгын тастыктайт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө анкета аркылуу сурамжылоодон сырткары байкоо жана студенттер менен аңгемелешүү методдору колдонулду. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды камтыган көркөм чыгармаларды окутуу, орто мектептин гана деңгээлинде калып, кесиптик билим берүүдө атайын жана кошумча билим берүү аркылуу окутууга көңүл бурулбай жаткандыгын байкоого болот. Студенттер эмес, айрым окутуучулар жалпы адамзаттык баалуулуктардын тарбиялык функциялары менен үстүртөн гана тааныш, жалпы адамзаттык баалуулуктардын адамдын жашоосундагы жана жаш муундарды тарбиялоодогу ордун, социалдык-педагогикалык маанилүүлүгүн жеткиликтүү деңгээлде түшүнүшпөйт.

Аныктоочу эксперименттин жалпы жыйынтыктары болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу кыйла маанилүү учур талабы экендигине дагы бир жолу ынандык жана алардын баштапкы жана учурдагы билимдеринде башкача айтканда алар мурда билим алган орто мектептерде, учурдагы билим алып жаткан орто-кесиптик окуу жайларда жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанып-билүү боюнча бир канча мүчүлүштүктөрдүн бар экендигин ачыктады. Андай мүчүлүштүктөр төмөнкүчө мүнөздөлөт.

- Билим стандарттарында жалпы адамзаттык баалуулуктарды таануу үчүн атайын билимдер белгиленген эмес;

- Орто кесиптик билим берүүдө окуу программаларына болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу боюнча атайын темалар камтылган эмес жана окуу планында камтылган вариативдик сааттарды жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөнүү боюнча иш-чаралар көрүлгөн эмес;
- Кыргызстандын окуу жайларында кеңири колдонулуп жаткан педагогика окуу китептеринин мазмунунда жалпы адамзаттык баалуулуктарды кеңири таанууга карата илимий-методикалык билимдер камтылган эмес;
- Орто кесиптик окуу жайларда болочок мугалимдерди даярдоодо, жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча атайын теориялык жана практикалык билимдерге жана көндүмдөргө караганда алардын туюп билүүчүлүк сезимдери үстөмдүк кылат.

Ошентип, студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча түшүнүктөрүн аныктоо максатында жүргүзүлгөн изилдөөдө, жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча түшүнүктөрү толук жогорку деңгээлдеги студенттердин тобун аныктай албадык, сурамжылоо аркылуу жыйынтыктоодо студденттердин түшүнүктөрүнүн көрсөткүчүнүн негизинде А.В. Усованын формуласын колдонуу аркылуу түшүнүктүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициенти – ортодон төмөнкү сандарды көрсөттү.

Алынган жыйынтыктар жалпыланып, калыптандыруучу эксперименттин мазмунун иштеп чыгууда негиз катары колдонууга болот. Теориялык талдоолор жана аныктоочу эксперименттен келип чыккан ой корутундулар болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын улуу ойчулдардын ойлоруна таянуу менен алардын жалпы адамзаттык баалуулуктарды кеңири чагылдырган чыгармалары аркылуу калыптандыруу максатында, милдеттерди, мазмунду, технологияларды иштеп чыгуу жана аларды болочок мугалимдерди даярдоо процессиндеги калыптандыруучу эксперименттен өткөрүү зарылдыгын шарттады.

## II бап боюнча жыйынтыктоо

Илимий-техникалык жетишкендиктер канчалык кулачын жайганы менен жалпы адамзаттык баалуулуктардын адамзатка азык болоорун улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларынан көрүүгө болот. Ч. Айтматовдун ой чабыты Кыргызстандын аймагынан чыгып, жазуучунун эмгектери дүйнө элдеринин сүймөнчүлүгүнө арзыгандыгынын сырын, улуу ойчул чыгармаларында адам табиятына тереңден сүңгүп кирүүсү, бүткүл дүйнө элдеринин жүрөгүн өйүгөн көйгөйлөрдү калем аркылуу чечүүгө бүткүл аракетин жумшагандыгы жана аларды бириктирип турган жалпы адамзаттык баалуулуктардын жазуучунун эмгектеринде арбын экендигин көрсөттү. Жазуучу жараткан чыгармаларында дүйнө жүзүнө кыяматтын келүү коркунучун генетика менен байланыштырып карайт жана адамзаттын келечек муундардын алдындагы жоопкерчилиги заманына жараша мыйзамы дегендей жаңы мүнөзгө ээ болуп бара жатканын баса белгилейт.

Ч. Айтматов окурмандарына, анын ичинде болочок мугалимдерге улуу жазуучунун чыгармаларындагы каармандар аркылуу адам ар дайым өзүн-өзү өркүндөтүүгө боло тургандыгын баса белгилегендигин көрүүгө болот. Эгерде мурдагы түпкү аталар тарабынан кандайдыр бир терс жорук-жосундар, ыплас иштер жасалган болсо дагы кайсы бир эскертүүлөргө көңүл буруусуна чакырык жасайт. Ал эскертүүнүн түпкү маанисинде, адам баласы жакшы иш-аракеттеринин натыйжасында жеке эле индивидди эмес, бүткүл дүйнөнү өзгөртө ала тургандыгын эскертет.

Ошентип, биз жогоруда анализ кылган, улуу жазуучунун төрт чыгармасы, “Кыямат”, “Кассандра тамгасы”, “Тоолор кулаганда” романдарын жана “Фудзиямадагы кадыр түн” драмасындагы жалпы адамзаттык проблемалар жана баалуулуктар: диний ишеним, адам өмүрү, ыйманы, абийири, пейили, адамдын өмүрлүк теңине, мекенине жана жашоого болгон сүйүүсү, адамзаттын өмүргө куштарлануусу, бул жашоодо эркин өмүр сүрүүсү, адеп-ахлагы, көз карандысыздыгы сыяктууөзөктүү ойлор, башкача айтканда жалпы адамзатка эң керектүү баалуулуктар

бириктирип турат. Ал эми улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун билим берүүдөгү таалим-тарбия иштериндеги "жазуучу – педагог" деген учкай наамы менен жаш муундардын анын ичинде болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруудагы жазуучунун орду менен шайкеш келип тургандыгын көрсөтөт. Болочок мугалимдерди эң оболу адамгерчилик, гумандуулук, адилеттүүлүк, боорукердик, билим, эмгекчилдик, патриоттуулук, чынчылдык, адилеттүүлүк, эл аралык достук, толеранттуулук, кесипкөйлүк сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктар менен камсыз кылуу маанилүү экендигин болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрүн аныктоо үчүн жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөттү. Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча түшүнүктөрүнүн абалын аныктоо максатында жүргүзүлгөн аныктоочу (констатациялоочу) эксперименттин жыйынтыгында жалпы адамзаттык баалуулуктардын тарбиялык функциялары менен үстүртөн гана тааныш, жалпы адамзаттык баалуулуктардын адамдын жашоосундагы жана жаш муундарды тарбиялоодогу ордун, социалдык-педагогикалык маанилүүлүгүн, студенттердин түшүнүктөрү жетишсиз экендиги байкалды.

Педагогикалык эксперименттин аныктоочу этабындагы болочок мугалимдердин түшүнүктөрүнүн абалы, алардын жалпы адамзаттык баалуулуктарын өнүктүрүүгө муктаждык бар экендигин көрсөттү. Болочок мугалимдердеги аныкталган муктаждыкты, акыркы жылдардагы, өзгөчө ааламдашуунун доорунда жаш муундарда анын ичинде болочок мугалимдердин интернет булактарын туура колдонбогондугунан жана китептен алыстап кеткендигинен улам, алардагы баалуулуктар өзгөрүүгө учурагандыгы менен байланыштуу деп эсептейбиз.

Учурда жаш муундардын, анын ичинде болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун, алардын жан дүйнөсүн толуктоонун эң негизги жолу, китеп окуу, башкача айтканда, жазуучулар жараткан көркөм дөөлөттөргө кайрылуу экендигин эске алуу менен улуу

ойчул жазуучубуз Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктар идеяларын  учурдагы таалим-тарбия процессинде колдонуу өзгөчө маанилүү экендигине ынандык.

# III БӨЛҮМ. Ч. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН ҮЛГҮСҮНДӨ БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИН ЖАЛПЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ, ТЕХНОЛОГИЯСЫ ЖАНА  ПЕДАГОГИКАЛЫК ЭКСПЕРИМЕНТТИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

## 3.1.Ч.Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруучу эксперимент

Диссертациянын бул бөлүгүндө  изилдөөбүздүн жалпы максатына ылайык Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын  калыптандыруу боюнча калыптандыруучу педагогикалык иштин жүрүшү берилди. Аталган максатка жетүү боюнча калыптандыруучу экспериментте төмөнкү милдеттер коюлду:

- Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө студенттердеги билим, билгичтик, көндүмдөр менен бирге эле жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүү;
- Болочок мугалимдерди келечектеги кесипкөйлүккө окутуу, тарбиялоодо жалпы адамзаттык баалуулуктар адеп-ахлакттык сапаттардын ажырагыс бөлүгү экендигин  педагогикалык  жактан ачып көрсөтүү;
- Келечектеги балдарды тарбиялоодо жана окутууда, жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана гумандуулук педагогикасына таянуу жөнүндө билимдерин арттыруу;
- Болочок мугалимдин келечектеги иш-тажрыйбасында, жалпы адамзаттык баалуулуктарды окуу-тарбия процессинде колдонуу менен ар бир адамды, ар бир окуучуну кайталангыс субьект катары кабыл алууга  үйрөтүү.

Жогорудагы белгиленген эксперименталдык милдеттерди чечүү, болочок мугалимдерде  Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун педагогикалык эксперименттин негизги

шарттарынан болуп эсептелет. Себеби, көркөм дөөлөттөрдүн ичинен Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга таасир көрсөтүүчү фактылардын, окуялардын, көрүнүштөрдүн көптүгү, сөзсүз түрдө аларды талдоого карата илимий педагогикалык мамилелерди, ыкмаларды, каражаттарды талап кылат. Бул болсо педагогикалык колледждин окуу программаларынын мазмунун изилдөөнүн милдеттерине ылайык өркүндөтүү маселесин актуалдаштырат.

Аныктоочу эксперименттин жалпы жыйынтыктары **§2.3.тө** берилгендиктен бул жерде, болочок мугалимдерди Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттарын жана мазмунун аныктоо аракетинде болдук.

Изилдөө учурунда аныкталган педагогикалык шарттарга төмөнкүлөр кирет:

**1)** Болочок мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо, Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга таянуу менен алардын гумандуулугун арттыруу;

**2)** Педагогикалык багыттагы жумушчу окуу программаларына, окуу материалдарына жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана Ч. Айтматовдун чыгармаларына байланыштуу темаларды киргизүү;

**3)** Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун теориялык жана практикалык шарттарын толук ичине алган жана аларды калыптандырууга багыт көрсөтө ала турган, улуу ойчулдун чыгармаларындагы баалуулук идеялары менен байытылган атайын факультативдик сабактын програмасын долбоорлоо;

**4)** Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатында Ч. Айтматовдун чыгармаларын өз алдынча талдоого үйрөтүү жана болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын Ч. Айтматовдун көркөм чыгармалары аркылуу калыптандыруунун сапатын жогорулатуу талабына ылайык “Студенттердин

өз алдынча ишинин” мазмунун Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга байланышкан темалар менен толуктоо.

**Биринчи педагогикалык шартты** ишке ашырууга байланыштуу Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун маанилүү педагогикалык шарттарынын бири деп кабыл алынды. Бул болсо Педагогикалык колледждин окуу программаларынын мазмунун изилдөөнүн милдеттерине ылайык өркүндөтүү маселесин койду.

**Экинчи педагогикалык шартты** ишке ашыруу – педагогикалык багыттагы болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга өбөлгө болуучу илимий-методикалык материалдарды анализдөө менен коштолду. Бул педагогикалык колледждердеги окуу программасынын мазмунуна кошумча темаларды киргизүүнү талап кылды.
“Жалпы педагогика”,“Педагогикалык чеберчилик” дисциплинасынын мазмунун, болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу багытындагы окуу материалдары менен өркүндөтүүнүн жана окутуудагы технологияларды колдонуунун жолдору ачыкталды. Тактап айтканда,“Жалпы педагогика”,“Педагогикалык чеберчилик” дисциплинасынын жумушчу программасынын айрым темаларына дагы жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча темалар киргизилди.

**Үчүнчү педагогикалык шарттыи**шке ашыруу – “Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу” (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө) кошумча программаны түзүүгө алып келди. ( №1 тиркемеде берилди).
Аталган программанын максаты – болочок мугалимдердин Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу үчүн анын теориялык негиздерин белгилүү системага салып билим берүү. “Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)” кошумча программаны окутууда предметтик маалымат берүү менен гана чектелбестен, студенттер

менен биргелешип иш-аракет алып баруу билим берүү процессине катышкан ар бир болочок мугалимди өзүнчө инсан жана субъект катары кабыл алуу менен коштолду.

Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруунун жүрүшү, “Жалпы педагогика”, “Педагогикалык чеберчилик” дисциплинасынын мазмунунда айрым темаларында, студенттин өз алдынча ишинде жана атайын түзүлгөн жогоруда аталган кошумча өнүктүрүүчү программада камтылды. Болочок мугалимди жетиштирүүдө кошумча өнүктүрүүчү программалар, негизги программанын жанында студенттерди кошумча маалыматтар, билимдер жана билгичтиктер менен камсыз кылуу аркылуу болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга зор салым кошот деген ойдон чыктык. Кошумча билим берүүчү сабактар студенттерди кесиптик билгичтиктерге ээ кылуу гана эмес аларды жалпы адамзаттык баалуулуктар менен тааныштыруу максатын көздөйт. Ошондой эле адеп-ахлакка, эстетикалык, интелектуалдык, ишкердик сапаттарга тарбиялайт жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга таянуу менен өлкөнүн эртеңки ээлерин ааламдашуу шартындагы кеңири социалдык карым-катнашатарга даярдоого багытталат.

**Төртүнчү педагогикалык шарты** катары, окуу программаларынан айырмаланып, “студенттин өз алдынча иши” (СӨИ) формасына ылайык Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды чагылдыруучу темаларды иштеп чыгуу менен толуктоолорду киргизүү жана байытуу аркылуу ишке ашты. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын Ч. Айтматовдун көркөм чыгармалары аркылуу калыптандырууга даярдоонун сапатын жогорулатуу талабына ылайык чыгармачылык мүнөздөгү “студенттердин өз алдынча ишинин” мазмунуна жалпы адамзаттык баалуулуктарга жана Ч. Айтматовдун чыгармаларына байланышкан темалар кошумчаланды.

**3.1таблица. Студенттин өз алдынча ишинин темалары**

| № | *СӨИнин болжолдуу темалары:* |
|---|---|
| 1 | *Жалпы адамзаттык баалуулуктар жана мугалим.* |
| 2 | *Жаш муундардын калыптануусунда Ч. Айтматовдун "Кыямат" романынын тарбиялык мааниси жана таасири.* |
| 3 | *Ч. Айтматовдун "Фудзиямадагы кадыр түн" повести аркылуу мектеп окуучуларындагы адеп-ахлактык сапаттарды калыптандыруу.* |
| 4 | *Жалпы адамзаттык баалуулуктар жана Ч. Айтматовдун мугалимдери.* |
| 5 | *"Кассандра тамгасы" романындагы инсанды калыптандыруудагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын ролу.* |
| 6 | *Ч. Айтматовдун "Тоолор кулаганда" аттуу чыгармасы аркылуу жаш муундарды патриоттуулукка жана жаратылышты коргоого тарбиялоо.* |
| 7 | *Окуучуларда жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруудагы мугалимдин орду.* |
| 8 | *Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы гуманизм.* |
| 9 | *Ч. Айтматовдун "Кылым карытаар бир күн" романындагы эмгекке тарбиялоонун орду.* |
| 10 | *Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимдер темасы.* |
| 11 | *Ч. Айтматов – улуу жазуучу жана педагог.* |
| 12 | *Улуу ойчулдун чыгармаларындагы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын чагылдырылышы.* |
| 13 | *Айтматовдун мугалимдери жана баалуулуктар. (эссе )* |
| 14 | *XX1кылым жана жаш муундардагы баалуулуктар.* |
| 15 | *Ааламдашуу учурундагы жалпы адамзаттык көйгөйлөр.* |
| 16 | *Жалпы адамзаттык баалуулуктар ойчулдардын эмгектеринде.* |
| 17 | *Ч. Айтматовдун 90 жылдыгына карата ролдук оюндар.* |
| 18 | *"Баалуулуктар жана Айтматов"аттуу сүрөттүк долбоор.* |
| 19 | *Руханий баалуулуктардын катарын толуктагыла.* |

| | |
|---|---|
| 20 | *Адеп-ахлактык баалуулуктарды толуктагыла.* |
| 21 | *Айтматовдун мугалимдери – баалуулуктун өрнөктөрү .* |

Программада көрсөтүлгөн **“Студенттин өз алдынча иши”** бөлүмүнүн тематикасында көбүнчө Ч. Айтматовдун көркөм чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды талдоо боюнча темалар, тапшырмалар жана студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу менен байланышкан суроолор менен коштолду. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууну ишке ашырууда жогоруда көрсөтүлгөндөй “Жалпы педагогика”, “Педагогикалык чеберчилик” дисциплинасынын “Студенттин өз алдынча иши” (СӨИ) бөлүмүнүн жана “Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» аталыштагы атайын кошумча программанын алкагында төмөндөгүдөй *педагогикалык технологиялар* жана ал технологиялардын ичинде окутуунун *салттуу* жана *интерактивдүү* методдору колдонулду. Учурда азыркы мезгилдеги билим берүү системасына ылайыкташтырылган көптөгөн заманбап жана салттуу окутуунун методдорун камтыган педагогикалык технологиялар даярдалып, билим сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүүдө.

“Технология” терминин уңгусу байыркы грек тилинде “техно”– искусство, чеберчилик, аткаруучулук, ал эми “логос”– окуу, үйрөнүү деген маанилерди түшүндүрөт. Педагогикалык технологияны айрым учурларда сабакты техникалык каражаттар менен өтүү деп да түшүнүшөт. Бирок, педагогикалык технология бир гана техникалык каражаттарды колдонуу гана эмес, окутуунун натыйжалуулугун көтөрүү үчүн билим берүүгө жаңы системалык өзгөртүүлөрдү киргизүү менен да мүнөздөлөт. ЮНЕСКОнун аныктоосу боюнча “Педагогикалык технология” – техникалык жана адамдык ресурстардын бири-бири менен тыгыз байланыштарын эске алуу менен окутуу процессинин жана билимди өздөштүрүүнүн системалык методун

иштеп чыгуу жана аны практикага киргизүү [96,139-б]. Педагогикалык технологиянын негизги түрлөрү төмөнкүлөр:

- кредиттик окуу технологиясы
- инсанга багытталган окутуу технологиясы
- активдүү окуу технологиясы
- оюн технологиясы ж.б.

Азыркы мезгилдеги педагогикалык технологиялардын негизги түрлөрүнүн бири болгон, 2012-жылдын 29-майында №34 КР Өкмөтүнүн токтому менен бекиген **кредиттик окуу технологиясы** эсептелинет [90]. Кредиттик билим берүү – өзүнүн билим алуусун жогорулатууга багытталган, жеке чыгармачылыктын негизинде өздөштүрүлүүчү билим берүүнүн багытынын тандалышы жана окуу материалдарынын көлөмүн өздөштүрүүнүн жолу катары каралат. Кредиттик технологияны ишке ашыруу шартында предметтик сабак берүүнүн методикасы өзгөргөндүгүнө байланыштуу мугалимдин милдеттери дагы өзгөрүүдө. Мурдагы учурларда мугалим билимдерди гана үйрөтсө азыркы учурда студенттин билимди өз алдынча изденүүсүн, кабыл алуусун жана практикада колдоно билүү компетенттүүлүгү алдыга чыгуусу зарыл. Кредиттик технологиянын башкы милдеттеринин бири студенттин өз алдынча ишинин (СӨИ) ролун күчөтүү болуп саналат. Себеби, студенттин өз алдынча иштөөсү, эгерде окутуучу жамаат тарабынан туура уюштурулуп берилсе, анда ал студенттин өзүн-өзү өнүктүрүүсүнө жана эркин аналитикалык ой-жүгүртүүсүнө, ар бир ишке чыгармачылык менен мамиле жасоого үйрөнүүсүнө толук өбөлгө түзө алат.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, Ч. Айтматов жараткан чыгармалардагы кездешкен фактыларда, окуяларда, андагы каармандардын образы аркылуу кеңири чагылдырылган жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата ой-пикирлер, “студенттин өз алдынча ишинде” (СӨИ) төмөнкү формаларда талкууланды:

- Тема боюнча конспект түзүү жана текст менен иштөө; ( мисалы: Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды белгилөө);
- Адабий булактар менен иштөө (жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө материалдар жана Ч. Айтматовдун чыгармаларынын түп нускалары);
- Текст менен иштөөдө сөздүктөрдү колдонуу (мисалы: жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча сөздүктөр);
- СӨИнин тематикасы боюнча долбоорлорду чагылдыруу жана кроссворддорду түзүү;
- Тема боюнча рефераттарды жана докладдарды жазуу; **табл 1.**
- Тема боюнча эссе жазуу (мисалы: "Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалимге тиешелүү баалуулуктар);
- Чыгармачылык иштер (мисалы: Ч. Айтматовдун чыгармалары боюнча тарбиялык сааттардын сценарий түзүү ж.б.);

Программада камтылган студенттин өз алдынча ишинин структурасында киргизилген болочок мугалимдерди калыптандыруунун дагы бир өзгөчө формасы катары орто кесиптик жана жогорку окуу жайларда кеңири колдонулуп жүргөн эссе – башкача айтканда инсандын эркин ой түзүмүнөн куралган кыскача эссеге артыкчылык берилет.

Эссе жазууда, студенттер конкреттүү суроонун үстүнөн, башкача айтканда "жалпы адамзаттык баалуулуктар жана Айтматовдун мугалимдери" деген темада, өтүлгөн тема боюнча терең ой жүгүртүүнүн негизинде изилдөөчүлүк билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу менен бирге алардын жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтүүгө жардам берди.

*Буга мисал катары студенттер тарабынан аткарылган төмөнкү эссени мисал катары көрсөтөбүз: Шамшыбекова Нуриза гр.ПНК-1*

*Эссенин темасы:* ***“Айтматовдун мугалимдери жана жалпы адамзаттык баалуулуктар »***

*Кыргыздын залкар уулу дүйнөгө аты белгилүү, улуу жазуучу Ч. Айтматов улуттук адабияттын жана маданияттын өнүгүүсүнө зор таасирин тийгизди. Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы анын мугалим каармандары: “Биринчи мугалимдеги” Дүйшөн агайда, “Эрте жаздагы турналардагы” Инкамал апайда, “Саманчынын жолундагы” Майсалбекте, “Кассандра тамгасындагы” Роберт Боркто, “Кылым карытар бир күн” романындагы Абуталип агайда, “Фудзиямадагы кадыр түндө” Айша апада бүткүл адамдарга тиешелүү, өзгөчө жаш муундарды тарбиялоо үчүн абдан керектүү баалуулуктар кездешет. Алардын мугалимдик турмушунан мугалим кандай болуу керек? деген суроого жооп алсак болот. Аларда эң биринчиден адамгерчилик, гумандуулук, боорукердик, сабырдуулук сапатттар өзгөчө көңүл бурууга татыйт..*

*Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы мугалим каармандар ак ниет, сезимтал, кимге болсун айкөлдүк менен жакшылык кайгы-капасын тең бөлүшө билген адамдар болгондугу менен биздин эсибизде калат.*

*Кыргыз элинин сыймыгы болгон улуу калемгерибиз Ч. Айтматов кыргыздын жөнөкөй айылындагы мугалимдердин жалпы асыл-нарк дөөлөттөрүн, адамгерчилигин, адамдык парасатын чагылдыруудан баштап, кийинки романдарынын бири болгон “Кассандра тамгасы” романындагы университеттин окутуучусу Роберт Борктун жеке окутуучулук тагдыры менен бирге жалпы адамзат үчүн кызмат кыла турган баалуулуктарды белгилеп өткөн. Эгерде мурдагы чыгармаларда мугалимдер – жакшылык менен жамандыктын, боорукерлик менен таш боордуктун, кайрымдуулук менен мерездиктин, адамгерчилик менен наадандыктын, айкөлдүк менен зулумдуктун кагылышын сүрөттөгөн Улуу Октябрь төңкөрүшүнө катышса, Улуу Ата Мекендик согуштун жана андан кийинки саясий куугунтуктун учурундагы жалпы эл үчүн баалуу болгон теңдик, эркиндик, сабаттуулук үчүн күрөшүп келген болсо, кийнки чыгармаларындагы мугалимдер – жалпы*

*эл үчүн коркунуч туудурган нерселер, ошол эле адам пейилинин бузулушу ж.б. жаңы төрөлгөн наристелерге чейин берилип жаткандыгын жана анын алдын алуу үчүн күрөшөт.*

*Улуу жазуучубуздун чыгармаларында мугалим каармандарындагы жалпы адамзаттык баалуулуктардын кенен сүрөттөлүшү – келечекте мугалим боло турган жаштар жана алардын ичинде биз үчүн үлгү болуп бермекчи.*

Демек, жогоруда белгиленген мазмунда аткарылган иштер, студенттин өз алдынча жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө ойлоосун өнүктүрүп, аталган темадагы рефераттар, докладдар, дил баяндар жана жекече тапшырмалар менен камтылып, ар бир студенттин интеллектуалдык деңгээлин көтөрүүгө жана жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга көмөк көрсөттү.

Кредиттик технологияны ишке ашырууда аудитордук сааттарга караганда өз алдынча иштөөнүн көлөмүнүн көбөйүүсүнө артыкчылык бериле тургандыгын белгилүү болду. Бул болсо студенттердин билим алууга карата жана өз алдынча билим алууга карай багыт алуусуна, изденүүсүнө мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, бул инсанга багытталган окутуу технологиясы менен шайкеш келет.

Азыркы учурдагы окуу-тарбия процессинде **“инсанга багытталган окутуу технологиясын”**колдонуу максатка ылайык деп эсептелинет. Инсандыкка багыттап билим берүү, тактап айтканда инсандын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен окутууда негизинен инсандын оргиналдуулугун, уникалдуулугун, баалуулугун, кайталангыс өзүнчөлүгүн кабыл алууга жана таанууга басым жасалат.

Белгилүү педагог И. Бекбоев: “Инсандыкка багыттап билим берүүдө максатка караганда баалуулуктарга умтулуу маанилүү болуп эсептелет, башкача айтканда мындагы башкы маселе “ким болуу керек” эмес, “кандай болуу керек?” деген суроого татыктуулук болуп эсептелет”, - деп пикирин билдирет [45, 283-б ].

Ырасында эле жаш муундардын инсандык жактан калыптануусу, өзүнүн инсандыгын таануусу үчүн инсандыкка багыттап окутуу, учурда педагогика илиминдеги орчундуу маселелерден болуп саналат. Бул жагдайда улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жазуучунун педагогикалык мектеби орчундуу маселени чечүүгө салым кошту жана болочок мугалимдерди көркөм чыгармадагы каармандардын образын тереңден педагогикалык өңүттө анализдөөсү аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды таанытуу максатында, жазуучунун чыгармаларына таянуу изилдөөнүн негизги өзөгүн ээледи. Себеби, жазуучу Ч. Айтматов жараткан чыгармаларында адам темасынын айланасында терең ой жүгүртүү менен адамдын кайталангыс баалуулугун сүрөттөөнүн чебери катары болочок мугалимдердеги “инсан”, “уникалдуулук”, “баалуулук”, “жалпы адамзаттык баалуулук” сыяктуу ой-туюмдарын ойготууда өз чыгармалары аркылуу алардын сезимдерине чакырык жасай алды жана жазуучу өз чыгармаларында адамдын ой-тилегин, кыялдарын, кайталангыс инсандыгын чебер сүрөттөөгө жетишкендигин көрүүгө болот.

Окутуунун **активдүү окуу технологиясы** учурдагы билим берүү системасында абдан кеңири колдонулууда. Активдүү окуу технологиясында окуучу окуу материалын өзүнүн бардык мүмкүнчүлүгүн жумшап ойлонуу, туюу менен кабыл алат. Алардын негизги түрлөрү төмөнкүлөр:

- абалдын анализи (case stadi)
- дискуссия
- иштиктүү оюн
- тегерек үстөл
- акыл эс чабуулу жана башка ушул сыяктуулар [96, 144-б].

Азыркы учурда билим берүүдө окутуунун заманбап технологияларынын бири *“кейс-метод”* технологиясы жигердүү колдонулууда. Мурдагы убактарда көпчүлүк учурда юристтерди жана менеджерлерди даярдоодо “кейс-метод” технологиясы кеңири

колдонулганына карабастан, бүгүнкү күндө билим берүүдө кеңири колдонулуп өз жыйынтыгын берүүдө.

Алгач 1921-жылы Америкада Гарвард мектебинде кейстер жыйнагы жарык көргөн. “Кейс метод”–бул бүгүнкү күндө окуу-тарбия процессиндеги жөн гана методикага жаңылык киргизүү гана эмес,

бүтүндөй билим берүүгө өзгөртүүлөрдү алып келмекчи. Кейстин негизги максаты:

- сынчыл ойломду жана анализдөө көндүмүн өстүрүү;
- практика менен теорияны байланыштыруу;
- көндүмдөрдү калыптандыруу.
- көз караштарды жана позицияны тартынбай билдиргенге үйрөтүү.

Бул метод конкреттүү билим жана билгичтиктерге ээ кылууга багытталганы менен жалпы интеллектуалдык жана коммуникативдик потенциалды өнүктүрүүдө да чоң роль ойнойт. Кейс – бул реалдуу турмуштан алынган кырдаалдарды анализдөө, адамдардын топтору же жеке адамдардын турмушунан алынган кырдаалга карата түзүлгөн проблеманын чечилиш варианттарын издөө. Кырдаалды кантип чечүүгө болот:

- Биринчиден кырдаал кайсы жерде, кандайча болуп түзүлдү, ага кимдер катышып жатат.
- Түзүлгөн кырдаалдын себеби эмнеде деп божомолдоо болот. ж.б.

Кейстин мисалында семинардык сабактын иштелмеси, тиркемеде берилди. (Тиркеме №2)

Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу процессинде колдонулган *педагогикалык технологиялар,*

Ч. Айтматовдун чыгармаларын педагогикалык аспектиден сапаттуу окуп үйрөнүүгө жана андагы жалпы адамзаттык баалуулуктарга анализ жасоого кыйла өбөлгө түздү.

Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу процессине киргизилген педагогикалык технологиялар менен

катар төмөндөгүдөй *окутуунун методдору* колдонулду жана *“тегерек үстөл”, тренинг – сабактар* өтүлдү.

*Метод* – өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. Демек, *окутуунун методу* - бул окуучуга билим берүү үчүн коюлган максатка жетүүнүн ыкмасы, жолу болуп саналат. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчирээк дидактар М.Н. Скаткин, И.Я. Лернер, М.А. Даниловдор, Ю.К. Бабанский бул маселеге кайрылышкан. Педагогика илиминде терең жана ар тараптан изилденип чыккан окутуунун методдору:

- **Оозеки метод (мисалы: жалпы адамзаттык баалуулуктар боюнча аңгемелешүү)**

  **Мугалим:**

2. Силердин оюңар боюнча адамдык сапатта баарынан эмне маанилүү?
3. Адамдагы баалуулуктардын кайсы баскычында “уят” турат?
4. “Уят” категориясына аныктама бергиле.
5. “Уят” категориясын бир нерсенин символу катарында сүрөттөп көргүлө.
6. Абийир жаратылышы кандай?
7. Силер кандай ойлойсуңар бул сезим адамга жаратылыштан берилеби?
8. Силер абийир кыйноосуна туш болдуңар беле?
9. Уяты ойгонгон адам кандай сезимдерге кабылат?

**Студенттер:**

- *Жаш чырпыктын ийилгени сынганы, жаш жигиттин уялганы өлгөнү. Уят – өлүмдөн да катуу.*
- *Качан адамдын жүрөгүндө абийир, уят, жоопкерчилик уялаганда гана аны адеп-ахлактуу адам деп саноого болот.*
- *Абийир – адеп-сезим түшүнүгү, жакшылык менен жамандык жөнүндө ички ишеним, өз жүрүм-туруму үчүн моралдык жоопкерчилик сезими, адеп-ахлак милдети жөнүндө өзүн-өзү калыптоо, алардын*

*натыйжалуулугун жана жасаган иштерине баа берүүнү өзүнөн өзү талап кылуу.*

• *Абийир – бул акыл менен жүрөктүн ички иш-аракети, адамдын ички үнү.*

• *Абийирдин таза эместигинен бардык көз караштан коркууга болот.*

• *Адамдагы ооруу сыяктуу эле, адамдын организминдеги бузулууларга уят дагы белги берет. Алардын айырмасы, эгерде оору адамдын организминдеги физиологиялык бузулуулар жөнүндө кабар берсе, ал эми уят этикалык бузуулар жөнүндө кабар берет. Бул экөөнүн окшоштугу кээ бир учурда уят физиологиялык чөйрөгө да таасир этет, мисалы бул учурда адамдын жүрөгү сайгылашып, бети кызарат.*

• *Абийирсиздик, уятсыздык бул жан дүйнөнүн эң коркунучтуу жаракаты. Бой көтөрүү, ыпластык, чыккынчылык – уятсыздыктан жана жан дүйнөнүн жардылыгынан кабар берет.*

**Мугалим:** Белгилүү француз математиги, философ, агартуучу Жан Лерон Д. Аламбер адамдардагы чынчылдык жөнүндө: “Нукура чынчыл адам өзүнөн үй-бүлөсүн, үй-бүлөсүнөн ата-журтун, ата-журтунан адамзатты артык коюшу кажет”, - дейт [19, 133-б].

“Адамдагы иш-аракеттин эң маанилүүсү – бул адеп-ахлактуулукка умтулуу. Мындан биздин ички туруктуулугубуз жана жашообуз көз каранды. Адеп-ахлактуулук жана чынчылдык гана биздин иш-аракетибизге сулуулукту, жашообузга кадыр-барктуулукту бере алат.

● **Көрсөтмөлүүлүк** (мисалы: көргөзмө куралдар, техникалык каражаттар, таблица, схема, сүрөттөр жана кинолор аркылуу Ч. Айтматовдун чыгармаларын, жазуучунун даректүү фильмдерде сакталып калган адамзат жана баалуулуктар жөнүндө ой толгоолорун көрсөтүүгө жана Ч. Айтматов атындагы китепканаларга барып жазуучунун асыл ойлорунан куралган көркөм дүйнө менен катар жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө улуу ойчулдардын учкул ойлору менен таанышууга болот).

***“Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу” ( Ч. Айтматов)***

***“Боорукердик жерде жатпайт, адам аны адамдан үйрөнөт”***

***(Ч. Айтматов)***

***“уят – бул биздин ички дүйнөбүздүн соту” (Гольдбах)***

***“уят – бул адамдын жүрөгүн тырмалай турган тырмактуу жырткыч” (Л. Ландау)***

***“Абийирдин, уяттын маанисин чындап сезүүгө жана чыныгы жашоонун күчүнө айлантууга жардам берүү – бул билим берүүнүн башкы максаты болуу керек” (Эйнштейн Альберт )*** [150].

- **Интерактивдүү методдор** (мисалы: акыл чабуулу, сынчыл ойлом, дисскуссия, вендин диаграммасы, класстер, инсерт, ролдук оюндар Блумдун таксономиясы аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктар түшүнүгүн жана Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адмзаттык баалуулуктарды анализдөөдө колдонууга болот) ж.б.

**Болочок мугалимдердеги жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу боюнча тренинг – сабак.** *(иштелме)*

***« Ар бир адам өзүнүн баалуулуктарына таянуу менен алдыга жылат. Ар бир адам – дүйнөнүн ордосу, дүйнө ошонусу менен баалуу жана толук”*** (Э. Канетти)

Максаты:

- Болочок мугалимдердин дегеле адамдын жашоосундагы баалуулуктарды аңдап билүүсү;
- Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу;
- Кызматташтык мамилеге калыптандыруу;
- Коллективдин биргеликте ынтымакташуусу;
- Жеке жашоого болгон жоопкерчиликтерин калыптандыруу.

**Милдети:**

- Ишенимдүү абалды жаратуу;
- Өзүн жана айланасындагыларды таанып билүү процессин активдештирүү.

**Эрежелер:**

1. Бирир-бирин угуу;

2. Бири-бирин сөзүн бөлбөө жана сыйлоо;

3. Ак дилден кызматташуу;

4. Активдүүлүк;

5. Бири-бирин сындабоо.

1. **Көнүгүү «Элсиз арал”**

**Максат:** Адам кандайдыр бир ишке кептелгенде мүмкүн болгон баалуулуктарды ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүү.

**Баяндоо:** Көнүгүү бир нече этап менен жүрөт:

1) **Биринчи этапта** катышуучулар жеке иштешет. Оюндук кырдаал түзүлөт: «Бир канча сааттан кийин сизди кандайдыр бир күчтөр элсиз аралга, каалаган өмүрүңүздү өткөрүү үчүн жөнөткөнүн элестетиңиз. Ал жакта суу жана тамактар, дары-дармектер, кийим, төшөктөр бар, сиз ачтан жана суудан жабыркабайсыз, бирок ал жакта мобилдүү телефон жок. Сизге жети гана нерсени алууга уруксат берилет, алардын ичинде буюмдар менен катар адамдар да болушу мүмкүн. Саналуу минутанын ичинде эмнелерди алып кетесиз кагазга жазасыз.

2) **Экинчи этап**: Баардыгы өзгөрөт дегендей сиз жалгыз кетпей калдыныз сиздин жаныңызда дагы бирөө болот, бирок экөөңөрдүкү биригип жети болуш керек, сиздер экөөңүздөр биригип жети пункуттан турган тизме түзөсүздөр.

3) **Үчүнчү этапта** 5-6 кишиден турган кичине группада жогорудагыдай иштер жүргүзүлөт, да алып баруучу тизме боюнча баалуулуктардын абалын чечмелейт, мисалы: китеп – инсандын өнүгүүсү үчүн, приемник – маалымат алыш үчүн керек.

Суроолор талкууланат:

- Көнүгүүнүн жүрүшүндө кандай сезимдер пайда болду?
- Силердин группа үчүн эмне баарынан баалуу болду?
- Силерди эмне баарынан таң калтырды?

**2. Дискуссия: «Байлык» аңгемеси жөнүндө талкуулоо**

**Максаты:** Материалдык жана руханий баалуулуктардын айырмасын ажыратуу жана ички дүйнөнүн балуулугу материалдык баалуулуктардан өйдө тураарын аңдап билүү.

**Окуяны сүрөттөө**: группаларга байлык жөнүндө аңгеме айтылат.

*Өзүнө эбак эле кичине болуп калаган тытык пальто кийген эки бала эшиктин алдында турушту.*

Айым гезит сатып алыңыз.

Ал абдан иштен бошобой жатты эле, кереги жок албайм деп айтайын деп жатып кокус балдардын жаанга эзилген эски кичинекей бут кийимине капыстан көзү түштү.

- Өткүлө, мен силерге ысык шоколад дайындап берем деди.

*Алар экөө тең эч нерсе дебестен артынан жөнөштү.*

*Ал какао жана джем дайындап берди дагы кайра өз жумушуна кайтты.*

*Аны таң калтырган тамактануучу бөлмөдөгү тынчтык болду.*

*Ошол маалда ал аларга барганда, колуна бош чыныны кармап отурган кичинекей кыз аны тиктеди. Ал эми бала сиз байсызбы деп сурады?*

- *Жок! деди ал бөлмөгө салган тытылган кийизин карап, мен бай эмесмин.*

*Кыз кружканы өтө кылдаттык менен тарелкага коюп жатып,*

- *Сиздин кружканыз тарелкага абдан жарашат экен деди, анын үнүндө тамактын жетишпегендиги эмес, башка нерсенин жетишпеген ачкалыгы угулуп турду. Анан алар кетишти. Балдар кеткенден кийин аял картошка аарчып, тамак жасоонун үстүндө ойлоно баштады: үстүндө үй, жакшы жумушу бар жакшы күйөө, картошка жана козу карындан соус мунун бардыгы тарелкага кружка жарашкандай бири-бирине жарашып турду.*

**Суроолор талкууланды::**

- Бул эмне жөнүндө аңгеме?
- Муну уккандан кийин баалуулуктардын кандай түрлөрүн айта аласыңар? (материалдык, руханий)

- Силерге эмне баарынан баалуу? Кайсы баалуулукту кандай орунга коёт элеңер?

**Алып баруучунун сөзү:** кээ бир учурларда материалдык баалуулуктардын артынан адам чуркап жүрүп чыны менен эмне чын эле абдан баалуу болорун унутуп калат. Материалдык баалуулук келип кете турган нерсе, ал эми чыныгы баалуулуктар ички дүйнөсүнүн багыты менен байланыштуу.

**2. Көнүгүү «Айтматов ааламы»**

***Максаты: Ар бир болочок мугалимге Айтматов жараткан көркөм дөөлөттөргө тереңден маани берүүсүнө мүмкүнчүлук берүү.***

***Көрсөтмө.*** Ар бир катышуучу бир барак кагазга Ч. Айтматовжана анын чыгармалары, жалпы адмзаттык баалуулуктар, мугалим темасын кошуп чыгармачылык менен сүрөт тартышат.

- Силердин алдыңарда Айтматов ааламы, мугалим ошол ааламдын ортосунда турат, ошол жөнүндө айтып берсеңер.

***Түшүндүрмө.*** Каалоочулар ар бир командадан баалуулуктар, мугалим жана Ч. Айтматов ааламы жөнүндө айтып беришет.

**Алып баруучу: Балдар баалуулуктар дегенди кандай түшүнөсүңөр?**

- бул адамдын турмушунда эң маанилүү нерсе жөнүндө ой-тутуму; бул анын бара жаткан багытын аныктайт.
- кандай баалуулуктарды билесинер? Аларды кандай классификацияласа болот?

**Баалуулуктардын түрлөрү:**

- Кесиптик баалуулуктар – иш менен байланышат. Кесиптик өсүү.
- Интеллектуалдык – билим, жакшы билим алуу, чыгармачылык ойлом.
- Физикалык – спорт, сулуулук, ден-соолук.
- Руханий баалуулуктар – кудайга ишенүү, ички дүйнөнүн шайкеш келиши, инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсү.

- Этикалык – чынчылдык, адептүүлүк, калыстык, айкөлдүк, бар болгонуна топук кылып кубануу, туура жүрүү.
- Эстетикалык – тазалык, сырткы келбет, эстетикалык татым.
- Материалдык – акча, жыргалчылык жашоо, баалуу буюмдар, дүйнө мүлк.
- Патриоттуулук – мекенге, каада-салтка, өз элине болгон сүйүү.

4. **Оюн – аукцион «жашоону эмнеге сарптоо керек.”** ***(20 минут)***

**Материалдар:**

- Ар бир группага 10дон жетон.
- Баалуулуктар жазылган карточкалар.
- Жыгач балка.

Ар бир командага 10дон жетон таркатылгандан кийин, тандоо берилет жетонду коротуу же үнөмдөө.Сатыкка баалуулуктар кезеги менен коюлат: сатып алсанар да албасанар да болот. Эгерде баалуулуктарга бир эле учурда 2-3 команда тең ээ боло турган болсо аукцион уюштурулат, аукциного коюлган нерсеге ким көп жетон берсе анда ага сатылат.Эгерде баалуулуктарды эч ким сатып албаса анда ал сатыктан алынат.Ал эми жетондор түгөнгөн болсо анда эч ким эч нерсе сатып ала албайт.

**Аукционго коюлуучу баалуулуктар:** гумандуулук, үй-бүлө, достор, тынчтык, боорукердик, эркиндик, улуттук маданият, толеранттуулук, чынчылдык, адилеттүүлүк, патриоттуулук, адам өмүрү, материалдык баалуулуктар;

**Алып баруучу: Эми карагыла, силер өзүңөрдүн сатып алгандарыңар менен канааттандыңарбы?**

Анда сатып алган баалуулуктарды адамдын келечегине катыштырып сүрөт тарткыла, кийин ал адам кандай болот, жашоосунда эмнеге жетишет.

*Командалар (10 минут аткарышат.) Ар бир команда адамдын келечеги жөнүндө тартылган сүрөттү презентациялайт. А калган эки команда эксперттер болушат. Жыйынтык чыгарылат.*

**Дискуссия.**

- Эмне үчүн бирөө оңой эле сатылып жатат, а экинчисин канчалык сурабасын ээси сата албай жатат?

**Жыйынтыктоо:** Көрсө "баалуулук" жана "баа" түшүнүктөрү жана алардын маанилүү белгилери бар экен.

- Баа – бул, акчанын өлчөмү
- Баалуулук – адамдын турмушу үчүн маанилүү нерселер.

Демек, эң негизги баалуулук деген эмне дегенде? (Бул биздин ӨМҮРҮБҮЗ)

5. Көнүгүү «Достуктун браслети».

**Максат:** Студенттерде чыгармачылык ишмердүүлүктө бирге аракеттенүү аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу.

**Инструкция**:

Силердин столуңарда ленталар жатат, аларды алып бирөөгө алып барып, ага эң жакшы каалоолорду айтыңыз.

Жыйынтык: Биз баарыбыз чогуу болсок, бири-бирибизге колдоо көрсөтүп турсак, анда биз жардамга дайыма даяр, жакшылык, боорукердик иштерди көп жасайбыз.

**6. Көнүгүү «Бүгүн мага …..»**

- Силерге рахмат!

Жыйынтык чыгаруу.

- Биздин сабагыбыз аягына чыкты, ушул убакытта биз бири-бирибизди жакындан билүү мүкүнчүлүгүнө ээ болдук. Баалуулуктар жөнүндө билбегенибиз билип алдык. Бул жөнүндө досторуңар менен ой бөлүшсөңөр жакшы болот.

Анкета «Кайтарым байланыш»

1.Катышуучунун аты,жөнү ______________________________

2.Тренинг өткөрүүнүн датасы____________________________

3. Сабакка тартылуу даражасы: 012345678910

4. Сиз үчүн эң маанилүү эпизоддор, көнүгүүлөр _____________

5.Сиздин тренерге каалооңуз жана кемчиликтер боюнча оюңуз (тренингдин мазмуну жана формасы боюнча):_______________

Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруудагы өтүлгөн тренинг – сабактын жыйынтыгында болочок мугалимдердин баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрү кеңейип, баалуулуктар жаратылышы жана баалуулуктардын адамдардын турмушундагы орду жана маани-маңызы тастыкталды. Болочок мугалимдер руханий баалуулуктардын материалдык баалуулуктардан өйдө тураары жөнүндө ушул өтүлгөн тренинг аркылуу сабак алуудан тышкары, коллективде биргеликте ынтымакташууга, кызматташтык мамилени калыптандырууга, чогуу иштөөгө үйрөнүү сыяктуу сапаттары дагы калыптанды.

Тренинг – сабактын жүрүшүндө “Силерге эмне баарынан баалуу? Кайсы баалуулукту кандай орунга коёт элеңер?” деген суроолор аркылуу алар үчүн кайсы баалуулук кайсы орунда тураары жөнүндө жан дүйнө элегинен өткөрүп алууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Тренинг – сабакка улай болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатында **“Айтматовдун мугалимдери – келечектин кеменгери”** аттуу тегерек үстөл өткөрүлдү. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатында өткөрүлгөн *“Айтматовдун мугалимдери – келечектин кеменгери”* аталыштагы **“***тегерек үстөлдө*” ар бир студент бетме-бет отуруп, ой-толгоосун, пикирин ортого салуу жана аталган темада дискуссия жүргүзүү, алынган билимдерди бышыктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Тактап айтканда, тегерек үстөлдүн жүрүшүндө студенттер жетишпеген маалыматтарды топтоого, өзүнүн ой-пикирин далилдөөгө, аудитория менен баарлашууга, эркин пикир алмашууга жетишүү менен “тегерек үстөлгө” катышкан улуу муундагы мугалимдердин мугалим жөнүндө баалуу пикирлерин жана сунуштарын угуу жана улуу ойчулдун жеке архивинен алынган слайддар, Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизинде тартылган кинолордон алынган үзүндүлөр аркылуу өздөрү үчүн

баалуу маалыматтарды топтошту. Атап айтканда мугалим кандай болуусу керек, мугалим кандай асыл сапаттардын, баалуулуктардын ээси боло алат, деги эле “баалуулук”, “жалпы адамзаттык баалуулук” жөнүндө билимдерин өркүндөтүп, түшүнүктөрүн даректүү негиздей алышты. Эң башкысы Айтматовдун мугалимдеринен өрнөк катары жалпы адамзаттык баалуулуктарды болочоктогу мугалимдик ишмердүүлүгүндө туу тутуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Тегерек үстөлдүн программасы (Тиркеме № 3 тө берилди).

Болочок мугалимдерди калыптандыруу максатында өткөрүлгөн лекциялар, практикалык сабактар, тегерек үстөл, тренингдерден кийин төмөнкүдөй глоссарий иштелип чыгып, студенттерге баалуулуктардан түзүлгөн төмөнкү терминдерди талдоо жана алардын аныктамаларына кыскача түшүндүрмө жазуу сунушталды.

**Глоссарий:**

**Акыйкаттуулук** – укук менен милдеттин, эмгек менен сыйлоонун, кылмыш менен жазалоонун бири-бирине туура келүүсү жөнүндө, башкача айтканда чындыкка, фактыга дал келтирүүчүлүктү талап кылган түшүнүк.

**Адеп-ахлактык**– жаман менен жакшыны айырмалай турган моралдык, этикалык принциптер.

**Баалуулук** – туура, маанилүү деп эсептелген адеп ахлактык жана этикалык принциптер.

**Боорукердик** – адамдын башка адамдарга чын жүрөгү менен жакшылык кылууга умтулуусу жана сезимталдык, байкагычтык сапаттары.

**Гумандуулук** – (лат.humanus – адамкерчилик) – адам дүйнөдөгү эң жогорку баалуулук дегенди билдирет. Гуманизмдин пайда болушу орто кылымдагы кайра жаралуу дооруна туш келет. Ар бир адам бул дүйнөдө колдон келишинче өнүгүүгө, көңүлүнө жаккан ишке ээ болууга, турмушта өз ордун табууга жана татыктуу турмуш сүргүсү келет.

**Жалпы адамзаттык баалуулуктар** бул – бардык адам үчүн олуттуу, маанилүү деп эсептелген эс тутумдун, көз караштардын, жүрүм-турум

принциптеринин жыйындысы жана кайсыл бир деңгээлдеги турмуштук, материалдык, этикалык көрсөткүчтөрдү камтып турат. Улутуна, расасына карабастан бүткүл планетадагы, ар түрдүү салт-санаадагы адамдар тарабынан кабыл алына турган маанилүү баалуулуктардын бардыгы.

**Патриоттуулук** – өз мекенин сүйгөн жана ага чын дили менен берилген, керек болсо өмүрүн да аябаган адамдын өз өлкөсү үчүн жасаган кадамдары.

**Уят** – коомдун жана айлана-чөйрөдөгү элдердин алдындагы адамдын абийири туура, туура эместигин башкаруучу сезим.

**Чындык** – чынындагы эле реалдуулук.

**Чынчылдык** – бул адамдын жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыккан, анын кан тамыры менен жүгүрүп турган, андан ажырай албай турган сапат.

**Эркиндик** – инсандын жаркын маанайы жана ар түрдүү социалдык, политикалык, экономикалык укуктарга ээ болушу.

Бул түзүлгөн глоссарий болочок мугалимдерди активдештирүү менен бирге мындан ары дагы башка баалуулуктарды түшүнүүдө кыйынчылыктарды жаратпас үчүн башат, таяныч болуп бермекчи. Студенттер үчүн алар туюп, ээ болгон жалпы адамзаттык баалуулуктарды билүү, жалпы адамзаттык баалуулуктарды так түшүнүүсү үчүн кыйла маанилүү болуп саналат.

Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максаты болгон, педагогикалык шартта уюштурулган калыптандыруучу экспериментти жүргүзүүнүн жыйынтыгында педагогикалык кадрларды кесипке даярдоо системасында жалпы окуу-тарбия процессиндеги педагогикалык технологиялар жана окутуунун методдорун колдонуу аркылуу болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын ачып бере алдык. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга багытталган ишмердүүлүктүн жүрүшүндө ар бир болочок мугалим көркөм чыгарманы тереңден окуу жана ага анализ жасоо учурунда андагы жалпы адамзаттык баалуулуктар менен реалдуу турмушту салыштыра алуу чеберчилиги артып, мурдагы адабият сабагынан же өз алдынча окуп

жүргөн болсо дагы бул жолу тереңирээк атайын дисциплинанын алкагында кесиптик педагогикалык позициядан жалпы адамзаттык баалуулуктар менен терең байланыштырып кароого калыптана алды.

Студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу процесси төмөндөгүдөй этаптардан турду.

- Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө болочок мугалимдер менен сабак жана сабактан сырткаркы учурларда аңгемелешүүлөр жүргүзүлдү.
- “Педагогика” дисциплинасынын жумушчу программасында үйрөнүлүүчү материалдардагы чыгармачылык мүнөздөгү “студенттердин өз алдынча иштөөсү” (СӨИ) бөлүмүндө студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу максатында Ч. Айтматовдун чыгармалары боюнча эссе, дил баян, реферат, докладдарды жазуу сунушталды. Тагыраак айтканда болочок мугалимдерди калыптандырууда, Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы гумандуулук, боорукердик, патриоттуулук, акыйкаттуулук, чынчылдык, уят, абийир, адамдын эркин, көз карандысыз жашоо сыяктуу жалпы адамзаттык баалуулуктарды семинардык сабактарда талдоого кайрылдык.

“Педагогикалык чеберчилик” дисциплинасынын айрым тематикаларын жалпы адамзаттык баалуулуктар менен толуктоолор жүргүзүлдү жана предметтен сырткары ***“Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында)”*** аталыштагы кошумча өнүктүрүүчү программанын алкагында жалпы көлөмү: 48 саатты түзгөн лекциялар жана семинарлар окулду.

Жыйынтыктап айтканда педагогикалык колледжин шартындагы болочок мугалимдерди Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө калыптандыруу аракетинде жүргүзүлгөн педагогикалык эксперимент жалпы адамзаттык баалуулуктардын мазмунун жана аларды өздөштүрүүнүн педагогикалык шарттарын ишке ашыруу менен коштолду жана натыйжада

болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандырууга кенен мүмкүнчүлүк берди. Педагогикалык технологиялар жана окутуу процессинде колдонулган методдор жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүктөрдү жана улуу ойчул Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы жалпы адамзаттык баалуулуктарды анализдеп, талдоо процессинде окуп үйрөнүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түздү.

## 3.2. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктары.

Илимий изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык студенттердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандырууга карата жана илимий изилдөөнүн максатына жана милдетине ылайык педагогикалык эксперимент үч этапта жүргүзүлдү. Изилдөөнүн констатациялык же аныктоочу этабындаанкета, байкоо, аңгемелешүү, тестирлөө, статистикалык-математикалык жол менен эсептөө методдору колдонулду.

Орто кесиптик окуу жайларда болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу атайын программа жана “Педагогика”, “Педагогикалык чеберчилик” дисциплинасынын жумушчу программасынын “Студенттин өз алдынча иши” (СӨИ) бөлүмү боюнча жүргүзүлүп, алар **3.1.де** берилди. Изилдөөнүн жана калыптандыруучу эксперименттин мазмуну, аны ишке ашыруу боюнча педагогикалык шарттар **3.1.де** берилди.

Студенттердин ЖАБ ды түшүнүүсүнө, дүйнө таануусуна таянуу менен студенттердин ЖАБ ын калыптандыруу процессиндеги баалоо иштери үчүн критерийлер жана көрсөткүчтөр иштелип чыкты.

| № | Критерийлер | Көрсөткүчтөр |
|---|---|---|
| 1 | Анкетанын суроолоруна жооптордун (түшүнүктүн) толуктугу; | Түшүнүктүн толуктук коэффициенти; |
| 2 | ЖАБды түшүнүү деңгээли. | Анкетанын суроолорунун пайыздык көрсөткүчтөрү. |

Калыптандыруучу эксперименттин натыйжалуулугун аныктоо үчүн эксперимент жүргүзүлүп, анда төмөндөгүдөй максат коюлду.

Максат: Калыптандыруучу педагогикалык эксперименттин натыйжалуулугун аныктоо ( Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында).

Текшерүүчү жана эксперименттик топторго сурамжылоо бир эле мезгилде, бирдей шартта жүргүзүлдү. Педагогикалык негизги эксперимент КУУнун кесиптик-педагогикалык колледжинин “Башталгыч класстарга билим берүү” адистигинин студенттерине жүргүзүлдү. КУУнун кесиптик-педагогикалык колледжинин “Башталгыч класстарга билим берүү” адистигиндеги эксперименталдык жана текшерүүчү группанын студенттеринин жалпы адамзаттык баалуулуктарга болгон түшүнүктөрүнүн жыйынтыгы төмөнкү таблицаларда көрсөтүлдү.

**3.2-таблица. Эксперименттик группанын студенттеринин жалпы адамзаттык баалуулуктар жөнүндө түшүнүктөрүнүн мазмунун өздөштүрүүнүн толуктук коэффициенти.**

| Суро0р | Жалпы адамзаттык баалуулуктар-ды кандай түшүнөсүң | | | Адеп - ахлакты кандай түшүнөсүң? | | | Гуманду улук жөнүндөгү түшүнүгүң кандай? | | | Диний ишенимди кандай түшүнөсүң? | | | Адам өмүрүнүн маани-маңызы, эркиндик жөнүндө түшүнүгүң ? | | | Патриоттуулугу кандай түшүнөсүң? | | | Адам - коомдо абсол.ук баалуу.к дегенди кандай түшүнөсүң? | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
